Тазагүл Закирова



# Ыйык шаарым

Ош-1999

Тазагүл
Закирова

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49664

# Ыйык шаарым

Урматтуу Мукарама сиңдиме оомат каалап эжең автор

ББК 84 Ки 7-5

З - 18

Тазагүл ЗАКИРОВА

З - 18 ЫЙЫК ШААРЫМ: Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата жазылган лирик., ырлар, махабат ырлары, - Ош: 1997, - 148 - б.

ISBN 9967 - 06 - 002 - 6

Кыргыз элине белгилүү акын Тазагүл Закирова – нын «Ырлар», «Купуя сезим», «Кусалык», «Ак жаан» (орус тилинде), «Боз торгойдун ыры» аттуу ыр жыйнактары менен окурмандар кеңири тааныш. Ошондой эле автор «Эски араб тамгасынын жазылышынын Алиппесин» түзүп «Чыгыш сыйкырлары» аттуу Алла Тааланын ысымдарынын касиеттери тууралуу китепти которуп окурмандарга тартуулаган.

Колуңуздагы ырлар жыйнакка акындын кийинки жылдары жазылган, жүрөгүн толкуткан жумшак лиризимге бай ырлары, Ош шаары жөнүндөгү, турмуш жөнүндөгү философиялык ойлорду камтыган чыгармалары киргизилди.

З 4702300200 - 97

ISBN 9967 - 06 - 002 - 6 ББК 84 Ки 7-5

© Закирова Т., 1997



## ТҮШТҮКТӨН ЧЫККАН БИРИНЧИ АКЫН КЫЗ

Кыздар поэзиясына менин мамилем өзгөчө. Алардын ырларын дайыма айрыкча көңүл буруп окуйм. Анткени алардын ырларында арuулук, ачыктык, назиктик жана кандайдыр бир табышмактуулук бар. Ички сезимдерин жашырбастан бүткүл жан дүйнөсүн ачып салышат.

Мен урматтап ырларын, китептерин дайыма окуп келе жаткан акын кыздарыбыздын бири Тазагүл Закирова. Ал чейрек кылымдан бери ыр менен алектенип, бүткүл жан дүйнөсүн чыгармачылыкка арнап, кыргыз поэзиясынан өз ордун тапты деп тайманбай эле айтсак болот.

Тазагүлдүн бир өзгөчөлүгү бар. Ал Түштүк Кыргызстандан чыккан биринчи профессионал акын кызыбыз. Албетте, биз аны ошон үчүн гана баалашыбыз керек эмес. Эң негизгиси - ал өзүнүн булак суусундай тунук, гүлдөрдөй назик, дарыялардын шоокумундай кубаттуу, сезимди чагылгандай селт эттирген лирикалуу ырлары менен бүткүл республиканын коомчулугунун көңүлүн өзүнө бура алды, өз окурманына ээ болду. Ырас, ал поэзияга айрым акындар сыяктуу шаан - шөкөт менен кирген жок. Талантын шашпай таптап, түн уйкусунан кечип поэзия менен алпурушуп, ырдан - ырга, китептен - китепке өсүп отурду.

Эсимде, 1974 - жылы Ошто облустук «Багыт» адабий бирикмесин түзгөнүбүздө Тазагүл анын биринчи уюштуруучуларынан болгон эле.

Ошол кезде азыркы белгилүү акындар Улукбек Мамытов, Турабай Жороев, маркум Азада Бегимкулова жана башкалар «Багыттын» жыйындарында ырларыбызды окуп, кызыл чеке болуп талашып - тартышып, ал турсун атаандашып иштечүбүз.

Мына, андан бери 25 жыл өтүп кетиптир. Бул мезгилдин ичинде Тазагүл Закирова көп эмгектенди, бир нече китептин автору болду, акын катары өсүп жетилди, өзүнүн көп теңтуштарынын арасынан суурулуп чыгып кетти. Адабият менен гана чектелбестен коомдук ишмер катары да өзүн көрсөттү. Айрыкча кыргыз тилине мамлекеттик тил статусун бериш үчүн күрөш жүргөн айларда чоң эмгек сиңирди. Кийинки жылдары да коомдук иштердин чордонунда жүрөт. Ага бекеринен «Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардак наам берилген жок да.

Тазагүл Закированын «Ыйык шаарым» деген жаңы китебинин кол жазмасын мен чоң канааттануу менен окуп чыктым. Бул жыйнакка акындын Ош шаары, жалпы эле мекен, жаратылыш, махабат темасындагы ырлары, арноолору жана котормолору топтоштурулуптур. Алардын арасында элге кеңири тарап кеткен обондуу «Кусалык» деген эң сонун ыры, «Ишенбегин кара көз», «Күтүү» деген классикалык деңгээлдеги ырлары, «Бу тагдырдын буйругу ай...» аттуу мыкты ырлардын топтому жана башка ондогон бийик көркөмдүктөгү чыгармалары бар. Тазагүлдүн котормолору да оргиналдарына өтө жакын экен. Алардын ичинен орустун эң мыкты акындарынын бири Роберт Рождественскийдин ырларынын котормосу мага айрыкча жакты. Себеби Рождественский ак ыр менен жазган акын болгон. Аны которуу да оңой эмес. Бактыга жараша Т. Закирова бул милдетти эң сонун аткара алган.

«Ыйык шаарым» китебин окуп мен Тазагүл үчүн чын дилимден кубандым. Акын катары ал дагы бир баскычка көтөрүлүптүр, поэзиянын жаңы жээктери жана аралдарын ачыптыр. Кыскасы, бул китеп окурмандардын жүрөгүнөн түнөк табарына толук ишенем. Ушуну менен өзүмдүн кыскача кириш сөзүмдү аяктагым келет. Анткени жыйнак жөнүндө көп жазгым келбейт. Окурман үчүн да поэзиялык табышмак калсын да.

Сөзүмдүн акырында залкар акын Барпынын жердеши, менин калемдешим жана замандашым Тазагүл Закировага поэзияда чоң ийгиликтер каалайм»

Абдирашит Урбаев
«Вечерний Ош» гезитинин башкы редактору.



x x x

Мезгилдин чамгарагы айлампалуу,
Кээде мен жок эмесмин, бар эмесмин.
Элим бар карапайым, дили таза,
Кемпайдын сыйлоосуна зар эмесмин.

Бул жаным отко түшүп, сууга түшүп,
Кээде мен ийленбеген теридеймин.
Турмуштун селкинчеги серпип учуп,
Кээде мен алыстаймын, берилеймин.

Кээде мен төмөн баксам баш айланган,
Керемет канат бүтүп бийик жүрөм.
Миң шүгүр, кудурети күчтүү Алла,
Ай, күнгө оромолум тийип жүрөм.

Кээде мен туздуу деңиз чайпалгандай,
Сел болуп, дайра болуп агып жүрөм.
Кудайга бассам - турсам алкыш айтып,
Койнумда ыйык нээти багып жүрөм.

Кыялдын тай күлүгүн жемдеп, суулап,
Жылдардын жарышына таптап жүрөм.
Азиз бир пери бактым ай жамалдуу,
Аны айкөл, мырза уулга сактап жүрөм.
Марттыкка, улуулукка башымды ийип,
Пастыктан бутумду аяп, аттап жүрөм!

31. 12. 97. Ош

## ЫЙЫК ШААРДАН БИР БАЯН

Бисмиллахир рахманир рохиим,
Курманжаным кубат бер.
Кудуреттүү Ош жайын,
Азып - оолак баштайын.
Оо, Илгери. Илгери!..
Оштур атам келгенче,
Сапырылган
бу дүйнө.
Түмөн түйшүк салгандыр,
Устун болбой далай эр.
Сайыштан же сапардан,

Опаат болуп калгандыр...
Опоо кылбас жалганда,
Он кылымды сынаган.
Олуялар өткөндүр,
Кан ичмесин карматып.
Кыргын салса кылычтуу,
Карапайым зар какшап...
Кемегелер өчкөндүр...
Акылманды акмактар,
Омуроолоп геп билбей.
Гүл көңүлүн оорутуп
Далай ирет сөккөндүр...
Канат болгон жигитке
Куш жетпеген күлүктөр
Кетилгендир жер кезип
Ай чапчыган туягы
Алмашылбай тердиги
Кан аралаш от кечип
Оздук менен суу ичип
Жооругандыр... чыдады...
Канаттары талыган
Камбар Ата үйүрү
Керме тоонун койнуна
Кайып болуп кеткендир.

Оо, Илгери. Илгери...
Опаасы жок дүйнө ай
Далай жылдыз өчкөндүр...!
Ыйык тоону паанектеп,
Касиетин эш туткан
Кызыр ата эл баштап
Тоо түбүнө көчкөндүр.
Ошол кезден Ош шаарым
Ар тараптуу илими,
Дүр-дүйнөлүү соодасы
Мунаралар көк тепчип
Бир дүркүрөп өскөндүр...
Мамыр - жумур калайык
Майга - сүткө карк болуп
Маңыроо күн кечкендир.

Оо, Илгери. Илгери...
Жети кабат Асман - Жер,



Жети жүз жыл не болот
Жетик көргөн Аалымдар
Далай түйүн чечкендир...

Суу атасы Сулайман
Буура тоонун жанына
Буура сууну агызып
Элге ырыскы төккөндүр
Кубат алып ал суудан
Кудуреттүү бул өрөөн
Гүлгө айланып өскөндүр.

Оо, Илгери. Илгери...
Булайган бул Буура тоо
Ош шаримдин калкына
Нур жаадырып турган бейм.
Чукугандай сөз тапкан
Акылманы, чечени
Акындардын нечени
Бул калаанын сырларын
Сулуу тоону суналган
Булбул болуп жез таңдай
Отуз жүз жыл даңктаган.

Сулуу тоону суналган
Пайгамбарым Сулайман
Бир өзгөчө сүйгөн бейм
Кыдырса да ааламды
Мекен тутуп жүргөн бейм
Кайткан сайын сапардан
Намаз окуп, ташын өөп
Өзгөчө тооп кылган бейм
Күндөрдүн бир күндөрү
Сактасын деп түбөлүк
Касиеттүү шакегин
Дал ортоңку өркөчтүн
Жети кабат эшигин
Ачып кирип төрүнө
Бекем катып кеткендир
Ыйык мурас ал күндөн
Бизге келип жеткендир...

Оо, Илгери. Илгери...
Кудайымдын ак ырын,

Калкка айткан акылын
Далай тери ултарып
Бармактары жоруган
Бата берип уздарга
Касиеттүү Куранды
Эң атактуу Аалымдар,
Ал териге жазгандыр.

Ыраат менен кынаптап,
Сыртын ороп териге
Кыл арканга байлатып
Жети эшиктин төрүнө
асибеттеп илген бейм
Үч миң жылдан кийин да
Бактыбызга нур чачып
Кудуреттүү Көк Теңир
Дүңгүрөтүп дүйнөгө
Зоболосун кыргыздын
Көтөрөрүн билген бейм!
Оо, Илгери, Илгери!!!

## ОШУМ СЕН, ЭҢСЕП КЕЛЧҮ ЫЙЫК ШААРЫМ

Ошуман кубат алам алсырасам,
Түйшүгүн түмөн элдин ойлой берип
Жашаган Курманжаным, Ошпур атам,
Ак-Буурам кээде толуп, кээде кемип.

Сулайман пайгамбарым мекендеген,
Суусундук сунуп далай жолоочуга,
Асырап дүйнө кезген кербендерди,
Бабырга түнөк берген короосунан.

Жашаган акыл калчап бабаларым,
Эр Манас паанектеген сапарынан.
Алардын ыйык изин таба аламын,
Өркөчтүү тоосундагы таштарынан.

Жүрсөм да насип буйруп, өлкө кезип,
Ошум сен эңсеп келчү ыйык шаарым.
Колдогон кудуретти дайым сезип,



Өсүшсүн, өркүндөтсүн урпактарың.
Ошум сен эңсеп келчү ыйык шаарым.

## ОШТУ САГЫНУУ

Оңой бекен ыйык шаарым,
Сенден узак, алыс жүрүү.
Чаң ызгыткан шамалыңды,
Ар кыл өскөн дарагыңды.
Өөдүк-сөөдүк гүлзарыңды,
Сагынамын тууган элди.

Бөтөн жердин...
Мизилдеген мармар таштуу
Көчөлөрү, имараты,
Сылыгы кыз-жигиттин
Уулдары зыңгыраган
Суктантып турат аттиң...
Антсе да,
Көчөңдү божур таштуу,
Такамды жулуп калчуу
Жапайы уулдарыңды
жандап өтсөң
Таңдайын такылдатып улуп калчуу
Беймаани ажылдаган келиндерди
Жада калса, түтөтүп ысырыгын
Бежиреген тилемчи лөлүлөрдү
Сагынам тууган элим
ыйык шаарым

Бырпайткан эски портфель
Кири жок көңүлүндө
Кармашып кур кыялын
Бар - жокко кайыл жүргөн
Бараандуу агалар да
Жүзүнөн мээрим чачкан
Байбичелер көздөн учат
Өзүңдөн узак жүрсөм
ыйык шаарым
Сагынам баарын, баарын.

## ЖООКЕР ЫРЫ

Ата - эне узатып сапарга,
Эр болсун уулум деп тилеген.
Мекеним дүйнөлүк катарда,
Ала - Тоом, асманын тиреген.

Турабыз күзөтүп тынчтыгын,
Кыргызым сыймыктуу биз менен.
Эрдигин бабабыз Манастын,
Эл барбы дүйнөдө билбеген.

Эрдикке шамдагай машыккан,
Манастын урпагы болобуз.
Жоокербиз аябас кашык кан,
Жоодон да жалтанбас чоробуз.

Ата - Журт чектерин коргойбуз,
Арстандай сүр менен айбаттуу.
Тагдырын мекендин ойлойбуз,
Сактайбыз ташын да аймактын.

Узаткан уялчаак сулуу кыз,
Каныкей сыяктуу дем берет.
Алоодой асаба - туубуз,
Айдарым шамалга желбирейт.

Терметип тынчтыктын бешигин,
Чоролор күзөттө турабыз.
Ичкенбиз Манастын кешигин,
Достуктун чебибиз урагыс.

## МАНАСЧЫЛАР — КӨК ДЕҢИЗ

Кылым кезген миллион сап ырлары,
Күрөшкөнү, бүт тагдыры, жыргалын.
Айлап айткан айкөл элге Көк теңир,
Кудуреттүү шык берген го ыр жалын!

Кылкылдаган эчен жоону жеңгенин,
Кыргыз - баатыр, кыргыз болуп келгенин.
Ат жалында куштай ойноп, куш салган,
Боз үйлөрдө Манасты угуп, эрмеги...



Жоокер калкым жолборс жүрөк, жалтанбай,
Жортуулдарда кең дүйнөнү кезгенин.
Саймедирейт дастанчылар жез таңдай,
Эл тарыхын, эзелкини, эл кебин.

Манасты угам жыйырманчы кылымда,
Ат дүбүртү дүңгүрөйт кең дүйнөгө.
Сагынбайлар, Саякбайлар көк деңиз,
Сөз паашасы бийлеп турат дүйнөнү.

Калпагындай, тулпарындай, кызындай,
Эр жигиттин, элдин мыкты белгиси.
Бул дастанды тамчы койбой жеткирген,
Манасчылар Теңиримдин элчиси.

О, Эр Манас колдой жүргүн элди ушу!

## ТИЛЕК

Тил майрамын белгилешет,
Шаарда салттуу жыйын бар.
Салтанаттын көркүн ачат,
Далай чечен, кыйындар.

Эне тилдин кең дүйнөсүн,
Кооздоп алы жеткендей.
Белгилешет элим бүгүн,
Шарт турса да эп келбей.

Көздү жумуп бүгүн мейли,
Сайрандасын, ырдасын.
Өмүр - майрам улана бер,
Эртең өксүп турбасын.

Кулдай иштеп, хандай жашоо,
Көп сиңбеген элиме.
Кылтыңдаган азоо турмуш
Жоошуп келгин жериме.

Мырза мүнөз, бапырандап,
Куулук-шумдук билбеген.
Балдарыма сабыр бергин,
Касиеттүү тил менен.

Жаанга тойгон май топурак,
Жашыл кымкап теребел.
Небереме гүлдүн ырын,
Угаар сезим бере гөр.

Келиндерим бешик ырын,
Ырдап эне тилинде.
Жалбарышсын балдарына,
Өз тилинде энелер.

Эне сүтү менен кошо,
Эне тилин эмгенбиз.
Кылымдарда дастандарды,
Кыргызча айтып келгенбиз.

## 31 - АВГУСТТУН ЫРЫ

Желбиреген Кызыл Туу, желбирегин,
Жоокерлердин жүрөгү толкундасын.
Салтанатын элимдин белгилейин,
Майрамдасын, үйүндө олтурбасын.

Асабаны көтөргөн азаматтар,
Ар-намысын элимдин коргой билсин.
Атка минер, кечээки бабалардай,
Эртеңкисин кыргыздын ойлой жүрсүн.

Бу ыйык туу кылымдар оттон бүткөн,
Жүрөгүндө баатырдын күйүп турчуу.
Бу ыйык туу санаксыз кандан бүткөн,
Тууну сактап азамат жанын кыйчуу.

Ыйык тууну душмандан сактай көргүн,
Эгемендүү өлкөмдүн уландары!
Көкөлөтүп тапшыргын урпактарга —
Кези келип бой жеткен улам жаңы.

Азаматтар бийикке көкөлөткөн,
Желбиресин Кызыл Туу, желбиресин!
Майрамдарды элим көп белгилесин.



## АЛА — ТОО, МЕКЕНИМ

(кантата)

музыкасын жазгандар: А. Эрмеков
Т. Дооронов

Ала-Тоо мекеним Манастай уулу бар,
Кылымдар ырдаган эпос - санжыра.
Асманы таянып, тоону көк тиреген,
Эр жүрөк жаштары туулган намыска.

Кайырма:

Мекеним Ала - Тоо кең, бийик,
Кыргызым ак калпак - эр жигит.
Ат жалында жашаган,
Асман теңир алкаган.

Жортуулда туягы кетилген күлүгү,
Дүйнөнү айланган эр жигит канаты.
Сапарда коштогон күүлөрдө эл сыры,
Төкмө акын талбай төкчүү санатты.

Кайырма:

Эгемен кыргызым, желбирейт асабаң,
Башыңдан кечирген эсте күндөрдү.
Койнуңда керемет байлыгың батпаган,
Заман сага эркин, жарык күн берди.

Кайырма:

Тоолоруң бүркүттүн турагы,
Токоюң дары чөп тулаңдуу.
Кайберендер семирген,
Аргымагың элирген.

Бүтүшү:

Дүйнөгө кулачын кең жайып турган мезгили,
Баатыр калкымдын жадында али көчмөн кез.
Бакыт тийип колуна, эңсегенге жеткен кез,
Дүйнө жүзүнө дүңгүрөп сыймык алган элим.

## ДАРЫЯ

Ич бугумду ала кеткен шарына,
Бул Ак-Буура ажайып чоң дарыя.
Күңгүрөнө көңүлүмдү сооротот,
Салкын деми шыпаа болуп жаныма.

Эң сырдана, көтөрүмдүү жолдошум,
Кээде сатып, пастык кылып койбосум.
Бөксөрсөң да, ташысаң да жээгиңен,
Кумуңча жок кубулжуган бир досум...

Ооматыңда жадырап кол караган,
Кошоматтуу, чүчкүрүктү санаган.
Аттан оосоң чилдей тозуп жоголгон,
Тең келбейт ко бир тамчыңа кээ адам.

Кандырасың кумдун, гүлдүн суусунун,
Дарак - ташка жерге өмүр бересиң.
Кылымдардан ташка бышкан сууң ширин,
Кең пейилдүү калкты эмизген энесиң.

Айныбаган жашоо аттуу ырыңан,
Тыным билбей кара жанын карч уруп.
Агасың сен, бойлоп келем Ак-Буура,
Сырдашабыз, сырдашаарбыз канча убак?

## УЛУУ КЫРГЫЗ

*Аскар Акаевге*

Бийиктердин бийиги аскар тоодой,
Бел болушкан элине баатырлары.
Кумурскадай жайнаган калың колго,
Кабыландай түз кирген качырганы.

Курманбеги, Манасы элин коргоп,
Кыйын кезде артына качпады эле...
Улуу элдиң уулдары акыл толгоп,
Билимдүүсү дүйнөнү баскан кези.

Улуу кыргыз, Улуу Тоо, Улуу Манас —
Дүңгүрөдү ааламга Улуу тарых.



Ыр - кудурет терметип элди ырас,
Улуу элдин паашасы жүзү жарык.

Уулуң айкөл, азамат - айкөл, улуу,
Ай жүзүнө мээрими толуп турат.
Канча элди суктантып, күйүндүрүп,
Башыңа бак кыргызым, конуп турат!

Кушту бийик учурган кош канаты,
Айкөл уулуң өзүңө насип болсун.
Акылга бай, Көк теңир сүйгөн калкым,
Курманбектин кийгизбе кебетесин!

## БААТЫРДЫК ЖӨНҮНДӨ ЫР

Кой Күрөң бели үзүлүп ара жолдо,
Душмандан найза жедиң Курманбегим.
«Атамдын кастыгына кудай бардыр,
Ата - Журт кара башым курман» - дедиң.

Кылыч өөп касам ичкен кырк жигитиң,
Артыңдан кан майданга келе алышпай.
Ант бузду.
                    Кас душманды жалгыз күттүң,
Баатырдык дайым жеке жеңе алышта!...

Атадан алтоо болсоң ар жалгыздык —
Жаныңа шерик ырас, антсе дагы.
Тайраңдап туз - даамыңды чогуу ичип,
Өскөндөр... караан болбой наалат алды.

Элине, досторуна караан - тирек,
Эзелтен эр жигитке милдет, парыз.
Сен боздоп жараатыңан турсаң жүдөп,
Аккан дос ак жууганы бизге намыс.

Куу чирен кыргыздарың бүгүн деле,
Уулдарын курмандыкка чалып келет.
Тагдырың танбас сабак болгон менен,
Акылга ач көз, зыкым кайдан көнөт.

«Атадан мурас калган»... Тейитбектер,
Бапаасыз кырк жигиттер чыгат четтен.

Бек сүйлөп койгон болсо токочтуусу,
Көбөйдү көз карашын сатып кеткен.

Көз караш бүгүнкүнүн ай балтасы,
Тилейбиз – «Эртеңки уулга ар-намыс бер».
Жок эмес үлгү алышкан уулдар Сенден,
Курманбай... эл деп күйгөн Курманбектер.

Баатырдык дайым жеке жеңе алышта!

x x x

Жалын тарап жаныбарым, бууданым,
Көзүн сүйдүм кошкурунат, ээлигет.
Сапар кыйын, от чалдырып турганым,
Ашуу керек көк тиреген тоону көп.

Кетилгенче күлүгүмдүн туягы,
Бел ашамын андан ары бел жатат.
Эң бийигин багынткансыйм сыягы,
Максат жаңы максаттарга алмашат.

Аргымагым, кагылайын канаттуу,
Түккө турбайт каршы соккон көк бороон.
Уча көргүн көрсөтөлү санатты,
Бөйөн - чаян кимдин жолун тоспогон.

Кайбереним Камбар Ата колдой көр,
Ичи тардын кесепети тийбесин.
Кызыр Атам ак батаңды жолдой көр,
Жаныбарым чаалыкпасын күн же түн.

## КҮЙСӨҢ КҮЙГҮН, АЗАМАТ

Күйсөң күйгүн, жаның барбы азамат!
Ой жеткендей жарык чачкын дүйнөгө.
Бар – жок болуп макулук да жашамак,
Табың тийбей ооз көптүрүп сүйлөбө!

Кара жанды тобокелге салбаган,
Суук шамалдан гүлдү коргой албаган.
Арамзадан жол бошобойт көп жерде,
Асманды айтып оттоп кетсең таң калам...



Жалындасаң жалындай көр аянба!
Марттык кээнин келе бербейт колунан.
Калпычан бар тең боло албас аялга,
Эки жүздүү, пастык менен ооруган.

Күйсөң күйгүн, жаның барбы азамат!
Жана дагы айколдугуң, марттыгың.
Бул дүйнөнү «быкыйынан» тазалаш,
Сенин ишиң, Сенден күтөт карт кылым!

## КУРМАНЖАН ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

### 1. Махабат

Ар нерсе өз ченинде ченелген оң,
Аргымак чобур менен жарышканда,
От чачкан төрт туякта арман болгон,
Кумары канбай андай жарыштардан.

Саяпкер келишпесе, тулпар кайдан?
Мүнүшкер келишпесе шумкар кайдан?
Жигитке аргымагы төп келбесе
Курманбек баатыр сындуу белде калган...

Баатырдын алган жары жарагындай,
Намыска даярдаган саяпкердей,
Узатып ат жалында сапарына
Ак сунуп ат жалында күтүп калган...

Кылымдар кыргызымды далай калчап,
Арыткан...
Азап менен ашкан белден...
Бозомук турмуш түсү жайнай түштү ээ,
Курманжан Кулсейитти чанган кезден!

Тунуган ылайкалуу аккан дайра,
Сырттанга,
элге оомат келген анда.
Махабат, кубатың ай!
Алымбектин —
Насибин коштуң нарктуу Курманжанга!

Тагдырда оңой эмес туш кылмагы,
Жакшыны өзүнө тең жакшы жарга.

**2. Дүнүө оомал - төкмөл...**

Оош-кыйыш заман келди кылтылдаган,
Канжардын мизин баскан, жылтылдаган.
Кокондун, Ак паашанын ээзүүсүнөн,
Чымын жан кыйып турду араң-араң.

Бирөөгө керек болсо мал-мүлк талоо,
Бирөөгө, өз элин чаап атак алуу...
Заман ай, түмөн кыял, түмөн пейил —
пендең бар
нарксыз, нарктуу,
Асабалуу.

Отуз жыл хан ордосу, бек ордосу,..
Жортуулу тоону, түздү аркалаган.

Азайып душманынан
адил досу
Алымбек каза тапты бейопаадан...

Беш уулу беш бел болуп энеси үчүн,
Курманжан тирек издеп элге келди.
Алымбек баштаган иш, элдин иши
Датка айым колуна алды, кепке көндү...

Аргымак тыным билбей жерди кезген, —
шамалдай,
алып келди Скобелди.
Түзүлдү чоң келишим орус - кыргыз,
Тынчтыкта, амандыкта сактаар элди...

Пашаанын белектери манчыркатпай,
Элин да талоон, доомат, шорго салбай
Алайдын ханышасы, сырттан аял —
Аскердик даража алды генералдай.

**3. Шейит - Дөбө**

Кош Терекке дар курушту желдеттер, —
Кайтарышат кыркалекей тизилген.



Жазгы желдей агылышып келет эл,
Камчыбекти дарга асчуу күн бүгүн бейм...

Ким бироого бир окуя жөн эле,
Тирсүнө ак паашанын бул кызмат.
Жолборс жүрөк Каныкенин жүрөгү —
Чекко түшүп, куйкаланат, тызылдайт.

— О калайык, сакта - десем — уулумду,
Түмөн элим кырчылдашкан сел болоор.
Кыргыз баштап куткарганча кулунумду
Бел байлайын, элсиз жигит кем болоор», —

деп Каныке жорголото ак бозун,
Тоодой ойдун ичиркенип суугунан
Келди шаарга,
Келди азалуу чоң кошун,
Акыркы ирет көрүү үчүн уулун ал!

Эл жарылып, шолоктогон кайран эл,
Курманжандын ишаарасын күткөндөй.
Төрөлөрдүн өчүп турду ындыны
Датка айымга тик кароого түт келбей.

— «О кулунум, Сенин тегиң хан болгон,
Ак иш үчүн шейит кеткен нечен эр...
Көтөр башты, Шейит өлүм мубарек,
Бабаң үчүн сенде кезек көтөрөр.

Эл сактаган эр жигитке ак өлүм,
Аргасыздан башымды ийдим, каралдым.
[illegible] калың элиң кайышат,
Пейкүнөөсүң,
тагдырга тик карагын!» —

деди дагы, камчы басып ак бозго,
Кылчайбастан кетти Мады айлына.
Ак Буурапын буркураган үнүнөн,
Башка үгүлбай, дымып калды айлана!..

Ошо күндөн, ушу күнгө урпактар,
Табарыктай сактап сөзүн Эненин,

Шейит Дөбө аташты эл дөбөнү,
Сугарышып, бапестейт кош терегин.

Ак Бууранын шары калды кайталап,
Курманжандын «Шейит - шейит» дегенин.

**4. Агартып саамайыңды Курманжаным...**

Замандар өткөн далай кылымдарда,
Күң болгон, токол болгон курбалдарың.
Уулдарың, уюткулуу эл ичинде
Эл бийлеп, элди ойлодуң Курманжаным.

Закымга учкан далай максат, тилек,
Турмуштун мыйзамы да катаал беле?!
Астырмак турсун дарга карап туруп,
Тикенек кирбесе дейт, балага Эне!

Көз жашты жуттуң ичтен кан аралаш,
Сыртыңда кала бердиң сырттан бойдон.
Алайдын ханышасы - акылманым,
Элине оңой бекен тирек болгон.

Агартып саамайыңдын ар бир талын,
Аргымак басты эчен жазды, кышты.
Ак пааша бир ууч элди калчаганын
Баамдадың,
Коломтоңдон ырыскы учту...

Май. 1991 - ж . Ош

х х х

Атак керек, байлык керек,даңк керек,
Эмгектенсең даңктай турган калк керек.
Атуул керек эл башында абийирдүү,
Эмгегиңди баалай билчүү калкка деп.

Адамзатка аман болсо алтын баш,
Ар түйшүктү өзү тандап көтөрөр.
Ак пейилдин азабы бар күтпөгөн...
Аксым, пастын иттигин да кече гөр...

Сыйкалар бар өңдү көрсө жүз тайган,
Кылтыңдаган сойкудан кем калбаган.



Качып өткүн арамзадан, азамат —
Азезилдей жылан болуп арбаган.

Шыпанка салба бейпай күчүңдү,
Шарапатың тийсин элге ар заман.

ДОЛОНО, О БАЙТҮП ДОЛОНО

Долоно суу бойлоп гүлдөгөн,
Гүлдөгөн ажайып агара.
Эстеймин кейипиңди сүрдөгөн,
Сүрдөгөн... ыңгайсыз мага да.

Куштардын кечки ыры, суу шары,
Мага айтаар сөзүңдү айткансыйт.
Толукшуйт жаз деми мынчалык,
Кечки боз булуттар жай самсыйт.

Оттурат тоолорум тээ бийик,
Көз албай кусалуу караган.
Түбүндө суу агат телмирип,
Жаз сайын гүлдөшүн самаган.

Долоно, о байтүп долоно,
А балким, кейитер жалгыздык?
Кантесиң, ага көп коробо,
(Турмушуң өзү да бир кызык?...)

Тоолор да өзүңсүз тунжурап,
Бариктин шуудурун сагынаар.
Бутактар ак гүлгө оронгон,
Долоно - шурусун тагынаар.

Ар кимдин тагдыры өзүндө,
Өзүнө ылайык багы бар...
Ошол кеч дайыма бир жүрөт,
Балаңдай чыкпаган жаныңан.

Долоно, о байтүп долоно.

КУСАЛЫК

Өттү күндөр кубалашкан көпөлөк,
Жытын искеп өрөөн толгон гүлдөрдүн.

Өттү баары, ээлеп ордун кусалык,
Ал тарапта жалгыз калдың сен өзүң.

Өттү жаштык өз күчүнө ишенген,
Текеберлик издеп жалаң чындыкты.
Турмуш бийлеп кезектеги жашоодо,
Сүйүп кеттиң кара тору бир кызды.

Өрөөн алыс гүлгө толгон жапжашыл,
Көпөлөктөр учпай калды кышында.
Чачта бууруп токтонгонбуз биз азыр,
«Маакул болуп тагдыр деген ушулга».

x x x

Досторуман суранамын,
Эстегиле, эстегиле!
Кусалыктын кучагына,
Жалгыз таштап кетпегиле.

Кат аркылуу, зым аркылуу,
Билдиргиле кабарыңды.
Унутпагын курбуларым,
Ансыз өксүп калаармды.

Билдиргиле колдун табын,
Мага өтчүү, менден өтчүү.
Арманымды унутайын,
Жолугууга келгилечи.

Көөдөн толгон сагыныч - от,
Чагылышсын карегиме.
Иштейм башты сайып коюп,
Тобокелсиз кереги не!

Көзүм талып, канталаган,
Келбегенде шыгым ырга.
Эсте достор аркалаган,
Май тамызып чырагыма.

Эстегиле түгөнөөрдө,
Мендеги бүт кубат - күчүм.
Унуткарып таштай көрбө,
Ырдаганым силер үчүн.



## СЫР

Жүзүңдөгү бырыштай жашырылбас,
Ала-була тердиктин үзүгүндөй,
Көл үстүндө толкундун көбүгүндөй,
Кар ээрибей кээ жерде жатканы бар.
Асман ичте ызасын буурчактатып,
Кышы менен жергеме төгө берген.
Мелтиреген көк беттей тоң кар басып,
Жапкак кийип каттады
далай мерген.

Батырып далай бугу туяктарын
Чуу койду го чөөгө жем болбос үчүн.
Корккондугун жашырбай дирилдеген,
Кар астында көктөгөн байчечекей.
Унута албайт.
Жашырбайт суук азабын —
жарыялап кенедей бою менен.
Асман ага аянбай айткан зарын,
Бурганактап кар болуп, жамгыр болуп,
Кээде эрип көлкүлдөп, кээде тоңуп,
Асман жерге аянбай айткан зарын...

Кыртыш жутуп ээриген кардын суусун,
Бүт жандууга жеткирет Асман жайын:
Кабагына кар жааган капалыгын,
Жылдыздарга айтпаган армандарын,
Кыртыш толук жеткирет жандууларга.
Жылдыз болуп жакшы үмүт жашайт анан,
Бирде күйүп,
бирде өчүп жандууларда...
Мелтиреген Асман да эски дарттуу...
Коюнунда аларды эркелетет.

x x x

Менин жаркын маанайымдан сүйбөгөн,
Ысыгыма, суугума күйбөгөн.
Жалынбаган мээрим толуп кареги,
Жандай басып бак аралап жүрбөгөн.

Жолугууга толкунданып келбеген,
Жүзү албырган, менсиз бийлеп кечеде.

Кучагыма гүл да белек бербеген,
Мени ойлоого эми абыдан кеч эле...

Жылдар агып жазгы кирген дайрадай,
айлана күз бакта булбул сайрабай.
Мен жашоодо аны элестеп жашадым,
Ал жашады мен барымды аңдабай.

Аңдабады от - эриндин бал даамын,
Жүрөгүмдүн жалынына жанбады,
Махабаттын периштеси зар калып,
Айлар - жылдар
үмүт - түлкү алдады!

Билбей кетти оттун табы кандайын,
Биле албады сүйөөрүмдү башкача.
Кыйбас жолдош — бир өмүрдүн арманы —
Жанга баткан эски оорудай капкачан.

х х х

Түн деген сырдана дос,
ичине кара таруу айланбаган.
Шыкаалап терезември дайыма бош,
Таштабайт, чарчабайт да айраң калам.

Шыбырсыз күбө болуп кубанчыма,
Ыйласам алыстабай айланчыктап,
Кыш чилде, жай саратан Түн кашымда
Чачымдан сылап кетет калсам уктап.

Дал сенин көлөкөсүз элесиңдей,
Жаныма эш түнчөлүк да туругуң жок.
А үмүт түн көзөгөн ак шооладай,
Кусалуу жарык чачат тынымы жок.

Аалам кезген ойлор менен
олтурабыз эрмектешип...
түн экөөбүз.

х х х

Издептирсиң, деди — «издедик. аябай»,
Ат арытып келиптирсиң, каниет.



Укканымда кубандым жаш баладай.
Чейрек кылым кайра келди бир ирет

Төлө түштүм ээнсиреген Ошума,
Жеңилдедим арылгандай санаадан.
Кубанычымды чачып душман - досума,
Келбетиме көңүл бөлөм, каранам.

Толтурамын актай күндүн барагын,
Кар алдында тишин жарган гүлдөргө.
Жылдыздардай дирилдеп жол карадым
Көнгөн жаным, көп изделбей жүргөнгө.

Издегендин кереметн бар тура,
Кушбак көңүл куштай учту көкөлөп.
Шыр сөз айтып, кылчактабас артына,
Кыялыңды сезим багып, бөпөлөйт.

Махабаттан аларың да берери,
Күтүү, издөө эч өзгөрбөс формула.
Жүрөктү эзип бүтсө арман безери,
Сагыныч жанды сактайт анын ордуна.

Кушбак көңүл куштай учту көкөлөп,
Жылдыздардай дирилдеп жол карадым.
Издептирсиң!
Көптөн күткөн адамым!

х х х

Оңуң да серт, сөздөрүң да аралаш,
кызыктырбас көчө - көйдө кыздарды.
Тултук бетиң өпкөнгө да жарабас...
(Сен деп күйүп түн күзөткөн кыз барбы?!)

Ал маселе кызыктырбайт анчейин,
Жашыруун өрт өзөгүмдү өрттөгөн.
Мен алиге унута албайм. Кантейин,
Түштөрүмдө эсеби жок көп көрөм.

Оо, бүгүн түн жылдыз толгон шаар ичи,
Терезимден салтанаттуу көрүнөт.

Ошол кыштын аппак карлуу бир кечи,
Карегимден бермет сындуу төгүлөт.

Калды баары жетимсиреп кабарсыз,
Короз үнү, шыйпаңдаган короочу...
Жүүнү бош биздин сүйүү жарамсыз,
Жоголдубу, ээн калыптыр короосу?!

Тултук бетиң өпкөнгө да жарабас,
Деп эскерем ыза, куса аралаш...
Шаар ичинде конок бүгүн жалдыздар,
Таңда тарайт, үмүт оту тарабас.

## БОЛСОҢ ЭКЕН ӨЗҮМДҮК

Жаз келди жашыл бүчүр, жашыл майса,
Сен мени жаз күндөрү ойлодуңбу?
Араны тагдыр бөлдү айла канча,
Айрылбай ээлеп келдиң ойлорумду.

Жаз тегиз дүйнө энчиси, жалпыга тең,
Ай - күнү, кышы - жайы, күзү орток.
Тиледим сен өзүмдүк болсоң экен,
Тилегим бул тагдырда чогуу болсок.

Ай - жылдап кур кыялдын канатында,
Үмүттүн чырагына май тамыздым.
Сагыныч - жолугушуу арасында,
Сабыркап мезгил - жашты кур агыздым.

Жаздардын гүлдөрүнө, булбулуна,
Жатталган жадыбалдай таржымалым.
Өзүңсүз да бир жазды тосуп мына,
Жаштыкты арман менен каржыладым.

Биле албайм, унуттуңбу, эстедиңби?
Жаштыкты жоогазындуу, көк бетеге.
Сени деп бүт баарынан кечпедимби,
Теменем бүтүн болмок келсең эле.



## ИШЕНБЕГИН КАРА КӨЗ
(жигиттин ыры)

Ишенбегин кара көз убадама,
Сүйөм десем жалбарып ишенбегин.
Күйүп турган көздөрүм али мага,
Сагынычтын салмагын түшүрбөгөн.

Ишенбегин периштем сөздөрүмө,
Оңой эле алдыңа чөгөлөсөм.
Колун кармап башканын көз көрүнөө,
Эртең балким, барктабай басып кетем.

Ишенбегин ырдаган ырларыма,
Мактанаармын жеңишке жетсем оңой.
Сага айтпаган көңүлдө сырларым бар,
Сүйүп калсаң сен мени кыйын болоор.

Ишенбегин түшүнөм дегениме,
Периште кыз жайдары бажырайган.
Чын бакытың алдыңа келгенинде,
Түйбай калып а кийин кылба арман.

Ишенбегин кара көз убадама,
Сүйөм десем жалбарып, ишенбегин.
Күйүп турган көздөрүм али мага,
Сагынычтын салмагын түшүрбөгөн.

## КҮТҮҮ
жигиттин ыры

Жолугууга кечигип келе албадың,
Гүл соолуду калдык биз убалына.
Карааныңы телмирип көрө албадым,
Күнөөкөрбү автобус жеткирбеген.
Гүлгүн көздү болжошкон убагына,
Гүл соолуду калдык биз убалына.

Ирилдеген дарактын баригиндей,
Жумшак желден сурадым кабарыңды.
Колумдагы шылкыйган жазгы гүлдөй,
Жан дүйнөсү бир тамчы сууну эңсеген.

Көрбөдүң ээ томсоргон абалымды,
Жумшак желден сурадым кабарыңды.

Күтүп турам болжошкон жайга келип,
Оттой гүлдү бек кармап сабагынан.
Сабырымды чылымдай жагам улам,
Кыздар өтөт кылыктуу, жандап жигит,
Мен тарапка суроолуу карап улам,
Оттой гүлдү бек кармайм сабагынан.

Убадаңды унутуп калдың бекен,
Менден жакшы жолуңдан жолуктубу?
Өмүр бою күтсөм да ушул кечтей,
Көңүлүмдү ээлеген перизатым.
Болгум келет өзүңдөй колуктулуу,
Менден башка жолуңдан жолуктубу!

## САГЫНЫЧ ЫРЫ

Боёк түркүн кубулжуган шооладай,
кусалыктын чегин чие албадым.
Сагынычтуу салам катты доолабай,
Ырларымда үтүр чекитти арнадым.

Кыялымда балдан таттуу сөздөрдү,
Тизе жүрөм кынтыгы жок шурудай.
Жаза келсем маани-жайы өзгөрдү,
Канча аракет кыйдү чиркин курулай.

Дүлөй түндөр кабарыңды жеткирбейт,
Оңдой албайм көпүрөсүн мезгилдин.
Сагынч дарты унутулбайт, эскирбейт,
Жан сакчыдай бирге жүрөт кез күлгүн.

Болушунча жасалгалап жашоомду,
Көрсөтпөймүн түркөй жанга, майдага.
Махабатым жүрөктү алган жасоолбу?
Калтаарытқан, толкундаткан кайрадан.

Көөдөнүмдө уйгу-туйгу аздек-сыр,
айлап-жылдап кабылдаган жарааттай.
Көңүл - бырыш, жазылбады бир өмүр,
Чоң чеңгелде мыжыгылган барактай.



Алсыраткан азабы бар кусаның,
Шыктандырат тагдыр берген шыбагам.
Айрым кезде канат болот, учамын,
Айрыба бул сагынычыман, суранам.

## ЖОЛДОГУ СӨЗ

«... Мен Сизди эч жүзмө-жүз көрбөгөнмүн,
Бир досум Тазагүл деп суусап атчуу.
А кезден чейрек кылым мезгил өттү»...
Кокустан жол келаткан жигит айтты.
Автор.

Суусаган жигит кайда, кечиресиз?!
Мени да таң калтырат мындай тагдыр.
Күтүүдөн талган карек нурсуз, отсуз,
Күттүргөн наамартка да убал бардыр.

Сыртымдан сүйгөн болгон жомокчу көп,
Сырымды уккан мартка жолукпадым.
Куу чирен мактанышат ооз көптүрө,
Кээ жаман аялдан пас жоруктарын.

Махабат ырларымды жаттап кээси,
«Бул мага арналаган» деп жөөлүгөн бар.
Кир колун жуубай, шарап чайган мээсин,
«Тазагүл кармаган» деп, дөөрүгөн бар...

Сиз мени көрбөй жүрүп, билбей жүрүп,
сапарда жазбай таанып — эскеребиз...
Көп адам мени менден дурус билип...
Аларды мен биле албай сабырым суз.

А балким сүйгөндөрдү, ойноштордү,
Унутчаак адат менде болгон бекен.
Жебеген көк самсанын пулун төлөп,
Ооз тийбей калганыма кейип кетем.

Бул менин бешенеме бүткөн тагдыр,
Ооз тийүү буйрубасы, буйруктандыр!
Мен сүйгөн мырза уулга жетпей зарлап,
Оозумдан жалын бүрктүм,
жүрөк калбыр.

Күттүргөн наамартка да убал бардыр!

x x x

Сагынуунун сапарынан тагдырда,
Чарчап бүткөм, ырп этээрге алым жок.
Көөдөнүмдө караңгылык түнөрдү,
Олтурамын күйгүзүүгө шамы жок.

Ичкеретпей өчкөн сезим жалыным,
Тамызгыга очогумда отум жок.
Үмүт, ишенч - таштабагын ээндикте,
Алсырадым жалгыздыктан, ичим чок.

Алсырадым алпурушуп толкунга,
Жоошубаган, так түйүлүп азоодой.
Турмуш мени боздогон же шаңданган,
Комузундай чертип ойнойт жашоодо.

Жүрөк туйлайт көтөрө албай баардыгын,
Терге жуунган чабармандын атындай.
Кандай күүгө толгосо да тагдырым,
Абалымды айтып келем жашырбай.

— «Көздөрүңдү сүйөм!» - деди бейтааныш,
Өзүңдү издеп агарды го саамайым.
Тандаганың менден башка, ошол кыз —
Көлөкөңдөй чогуу жашаар - Арманың!

Сагынуунун сапарынан тагдырда,
Ичкеретпей өчкөн сезим - жалыным.
Алсырадым алпурушуп толкунга,
Жүрөк туйлайт көтөрө албай баардыгын.

— «Көздөрүңдү сүйөм!» — деди, бейтааныш...

x x x

Жалгыз жорутуул жел кайыпка айыбым,
Коштоп жүрчү бүгүн мени чарчаган.
Кыйналгандыр кызганычтан зайыбың,
Бекер күйүп, өңдөн азды канча адам...



Жалгыз башты сайып тынчсыз сапарга,
Сага кайтам айланмалуу жол менен.
Алыс жүрүп атка камчы басарда,
Чагылгандай сагыныч оту сермелет.

Алгымды энтеп тартып эзилген,
Келгенимде сүйөнөйүн бекем тур.
Жандай бассаң жалын күйөт көзүңдөн.
Саргарса да кумар - кусаң, – сен тур.

Молт - калт эңсөөң үзүлгөндөй мончогум,
Кези келсе коюн ылдый куласын.
Башкалардан жаап - жашырган Чолпонум,
Чексиздиксиң, жетпей барат кулачым.

Мен да сендик ойдон качып бошобойм,
Сен да мендик ойдун жүрсүң койнунда.
Мейкиндиктер биздин арманга окшогон,
Качандыр бир ыр жаңыртаар ойдуңга.

Күндөшүңдөй, биз канбаган сүйүүгө,
Бекер күйүп, өңдөн азаар канча адам,
Кайдан болсун үн кош бийик үнүмө,
Кубат берсин, кошто мени чарчаган!

Жашоо болбойт бирибизсиз бирибиз,
Аралыктар турат сөзсүз биригип!
.......................................................
Жоготуудан өтпөй калаар күнүбүз!?

## РЫСПАЙГА ДАВЛЕТТИН ЫРЫ

Бала кыял, дили таза жан элең,
Ырың сенин тирүүлүгүң, дөөлөтүң.
Бала кезде Сен арзыган жар элем,
Чогуу тарттык ыр азабын, дөөлөтүн.

Улуу - кичүү сүйгөнүнчө бар элең,
Маңдайыма бүткөн Чолпон жылдызым, —
Пешенеме сыйбай тоону байырлап,
Кетсең деле, эңсейт сени кыргызың.



Областтык китепканасын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49664

Жаштык кездей жадыраган ынагым,
Кош бол эми, балдарыңды коддой жүр.
Махабатты даңктан өттүң түбөлүк,
Оо, булбулум, бейиш багын коздой жүр.

x x x

Мен сенин тагдырыңмын жаралгандан,
Жазылган бешенеңе тагдырыңмын.
Суугуңмун чыкыроондо чыйрыктырган,
Шыбактуу, каакым гүлдүү жаз күнүңмүн.

Ташыркап өтөөр балким, таш жолуңмун,
Жолуңмун балким, даңгыр даңазалуу.
Чаңкасаң тамчы суусуз как чөлүңмүн,
Ысыкта мээ кайнатчуу жол азабың.

Көөдөнгө сыйбай турган кубанчыңмын,
Ийгилик канат болгон, көкөлөтчүү.
Унуталбас жүрөк сүйгөн мукам ырмын,
Керемет кайрыгынан көңүл өсчүү.

Аңкаган бийигиңмин, жапызыңмын,
Суук көздөн далдоо, жаның жай алдырчуу.
Өксүгөн өкүнүчүңмүн акыр бир күн,
«Өткөнгө салават» — деп сабыр кылчуу.

Мен сенмин, жуурулушуп кеткенбиз бүт,
Айрылуу мүмкүн эмес, башмын, көзмүн.
Билекте кубатыңмын, таянчуу күч,
Бир ирмем ээн калтырбайм, аны сезгин!

Мен сенин тагдырыңмын, тагдырыңмын,
Шыбыктуу, каакым гүлдүү жаз күнүңмүн!

x x x

Жалбырактар төгүлүүдө саргайып,
Чырылдаган ыйын укпайт ноябрь.
Кайран өмүр көз ирмемче кармалып,
Кылыч алып кыш башталды жана бир.



Кыш башталды аё билбес каары бар,
Өз билгенин так аткарчуу жагы бар.
Көңүл кара кам май жеген сыяктуу,
Пенден бейгам,
пендең тынчсыз,
камы бар.

Кумурскадай алты ай жайы тынбаган,
Түйшүгүм көп ырдан бөлөк гөр оокат.
Мен : сиңди, келин анын балдары,
Түн уйкумду үч бөлүүгө жарашат...

Чарчап келип үстөлүмө олтурам,
Жыйган күчүм антип кетсе талаага.
Эстейм атам токуганда жоргосун,
Эрдийт элек, бала деген бала да.

«Атам атчан барат экен, Каерге?
Билбейм, бирок, учкаштырып ала кет»...
Жылдар кетти, кычыраган кыш өттү,
Мен да олтурам чач агарып, бала деп.

Күү челекке сүтүн бышкан апамдын,
Эрмеги элем, сербелеңдеп жанында.
«Май нана» - деп, гүлчөгө май сыйпатып,
Таркатчумун балдарга бүт айылда.

Апам бышкан күү челеги бош турат,
Уй ордуна ойлорду саап жазамын.
Миң бир ирет көрүп келем жүгүрүп,
Кыялымда тоону, суусун, жаңагын.

Жалбырактар төгүлүүдө саргайып,
Кылыч алып кыш башталды кайрадан.
Кыз - уулдарым эстүү, белдүү болсо экен,
Кыргызымдын керегине жараган.

## КАР КЕЛАТАТ ДАЙРАЛАРДЫН ҮНСҮЗҮ

Кыштын чексиз салтанаты тазалык,
Тоого, түзгө, чуңкурларга капкара.
Үнсүз кумдай кар келатат агарып,
Дайралардын дудугундай каптаган.

Токойлорду аруу кыздай наристе,
Тоңуп калган шактарына бариксиз.
Үнсүз дайра - узак, чексиз сүйүүдөй —
Көтөрүмдүү, жылыткан же жарыксыз.
Келатат кар тилсиз селдей каптаган,
Берилгендей аялдардын жүрөгү,
Эч калдыксыз ыйык, ишенч - сезимдей,
Тегиз чүмкөп тербелге түнөдү.

Эми шамал күнгүрөнүп, сойлогон,
Дарак - таштын коюн-кончун жойлогон.
Шок баладай жазмак болду кумарын,
Кар сапырып жан барынча ойногон.

Ага чейин түнт токойду дүпүйгөн,
Басып калды дайралардын үнсүзү.
Дүлөй аска чочуганда кыйкырган,
Кар шыбырын келет толук уккусу.

Шамал жаны жай албаган бир жерде,
Кубанычынан кыткылыктап күлгөндө.
Аска эле эмес, мемиреген тоо - токой,
Чукурана ойгонушаар ирмемге.

Үнсүз дайра - узак, чексиз сүйүүдөй,
Бийлеп турат кыштын кыштык өмүрүн.

x x x

Мен өзүмчө күйүп - короп бийликтей,
Сен да өзүңдү бөксөртөсүң тымызын.
Сукут салып, бул тагдырга ийикпей,
Арман - санаа жанга батат, түн узун.

Дүйнө кезип, жылдыздарды жандаган,
Кызыл көйнөк, жал - куйруктуу күлүкчөн.
Кур кыялды канатынан карманам,
Таңды тосом ак жарыктай үмүтчөн.

Экөөбүздүн арабызда ак тоолор,
Убакыттын өкүмзары боору таш.
Кайрылбаган дарыядай артына,
Өмүр учат, карегинде тамчы жаш —



Түнүп кетпей кирпигиңе илинген,
[illegible] Эки дүйнө бир тыйын!!
Окуучунун жүгү басып ийинден,
Кайран жандын корой берет бүркүмү...

Мезгил жылма, азайтса да дартыңды,
Менин ордум кемип турар жанында...
Көтөрүлтүп жылдар, тоолор баркымды,
Үшкүрүгүң айланабы жалынга?!

Мен да өзүмдү жан аттууга теңебей,
Дөмөөр тутам мээнетинди алайын.
Билее алымды билет жалгыз теңирим,
Күтүп жашоо - Океандай таалайым.

Жал куйруктуу кыял бийлеп күлүкчөн,
Таңды тосом ак жарыктуу, үмүтчөн.

x x x

Көңүл калдык чогуу далай ырдашып,
Кээ күндөрү эс алууга бир басып.
Көкүрөктө карандай сыр жатты бейм,
Ак-Бууранын агынына сырдашып.

Кыял чиркин, кайда гана учпады,
Көңүл көксөп турган сөздү укпады...
Уга албады кудуреттүү чечимди,
Куру болду аалам кезип учканы.

Мүнөт, сааты бу өмүрдүн саналат,
Гүлдүү өрөөн ээнсиресе кеч болоор.
Бакыт куштун томогосу алынбай,
Бир пендеге армандуу күү өч болоор.

Албуут агым жылуу - жумшак сезимди,
Алда - кайда алып кетер жылоолоп.
Аңдабастан бир өткөргөн кезиңди,
Пешенеге пенде жүрөр ыроолоп.

Күздүн суугу,
Биз көноорбүз чыйрыгып.
Аз күн өтпөй түк түктүйткөн келет кыш,

Дербиш кыял —
ар ирмемди ыр кылып,
Сага, Ага каттап жашайт, калетсиз!

Көнө түштүк...
Кээ күндөрү бир басып,
Сен аябас, аздектебес бош күндөр,
Агып кетти кайрымсыз,
айлананы муздатып.

## ХАНЫШАДАЙ ЖАШАП КЕЛЕМ ТҮШҮМДӨ

Биз бара элек ак деңиздин жел кайык,
Алып учаар экөөбүздү элирип.
Шамал чарчап төшүн жайган, тынчалып,
Жата бербес момун болуп көрүнүп.

Суунун бети көөшүгөнүн күү менен,
Алмаштыраар шарпылдаган толкунга.
Жел кайыкты алга карай күүлөгөн,
Экөөбүздүн тагдыр ошол толкунда.

Тагдырымды көз ирмемге тапшырам,
Күч-кубатты берсин Теңир ченебей.
Алып учсун кыялыма каркырам,
Деңиз тилген кубаттуу ак кемедей.

Бул жашоонун чагылгандай майрамы,
Салтанаттайт курч толкундун мизинде.
Көөдөнүмө сыйбай сүйүү арманы,
Ханышадай жашап келем түшүмдө.

## ЫЙЫК ДЕҢИЗ — СЫРДАНА ДОС БИР МҮНӨЗ

Жаркылдаган жароокерим эстеп ал,
Алгач сезим, көңүлүмдө, эсте бар.
Күңгүрөнгөн деңиз шары баягы,
Кайык минген даңазалуу кечтер ал.

Чардак менен тең жарышып кыялым,
Деңиз бетин бербей жүргөн бактылуу.
Кош калакка канат бүтүп бир агым,
Чедетпеген бучкагына Ак кууну.



Мунарыкка көзүң жетип карасаң,
Айдың өрөөн, турган анда саратан.
Тоодой толкун миң сан ирет көз жарып,
Көбүк сайын учкан аппак балапан.

Жел тараган ат жалындай жылуу сөз, —
Арабызда учуп — жүрдү кезме - кез.
Аалам күүсү алдейиндей энемдин,
Ыйык деңиз — сырдана дос бир мүнөз.

Ыйык деңиз, кыйырсыз жээк эсте бар,
Бир окатты азга унутуп эстеп ал.
Махабатта бийлик шоона эше албас —
Тагдыр!
Тагдыр! Бүт баарынан өктөм ал!
Бир кайрылып деңиз жайын эстеп ал.

x x x

Түрдүү жомок алаксытып акылды,
«Андай деди, мындай деди» — басылбайт.
Сөздүн уусу зыңылдатат башыңды,
Менин коомум заар, ушакчы катындай...

Тигил жерде баланчалар, паландай,
Мобу өлкө суу ичет миш карандай...
Тигил муну минтип эле койбойбу!?
Сынтагышкан, кырдуусунган адамдар...

Сынтагышкан, кырдуусунган адамдар,
Кенедей бир кол кабышпай эл үчүн.
«Койбойбу?! — дан» коргон курган өзүнө,
Кокойгондун иштетсең кимисин?

Баары кымбат.
Арзан өмүр — убакыт,
Бапыраган пейил «терек башында».

Дил жукарып, көөдөн бөксө турасың,
Акыркы ойду айтпа заман, шашылба!

x x x

Сүйүүнүн курмандыгы болгон жаман,
Ойдогуң, сени ойлобой унутканда.

Жалгыздык кара жанды кыйнап анан,
Кош жанар шор булактай күтүп талган.

Кадырың өтпөй ага узак жолдо,
Сагыныч көк түтүнгө айланбаса.
Кайран күн уч — кыйырсыз өкүнүч колдо,
Тагдырың калчайт эми, арган канча.

Айрылыш жол азабы, эки анжы ой,
Өңдө эмес, түшүңдө да куткарбаган.
Эрк жетсе эстебе аны, унутуп кой,
Жаз күндү чыкыроон кыш уткан жаман.

Утулуп дос — душмандан чарчагандай,
Утулуш махабаттан жеңил эмес.
Жарааттын жарасына дабаа калбай
Махабат дербиштери боздоп келет.

Сүйүүнүн курмандыгы — ачуу арман!

x x x

Кантип айтсам экен ов, кантип айтсам?!
Гүл махабат колумдан көзүн жумду.
Колдорумдун манжасы кансыраткан,
Кайтара албас жашоого сүйүү гүлдү.

Кайтара албас боздогон өкүнүч — бороон,
Эки жаштын алгачкы махабатын.
Кайтара албас көп сөздөр , учкан обон,
Кара кийген сезим — өрт көздүн жашы.

Кайтара албас ак көбүк тоодой толкун,
Ызасынан жылдызды апчый түшкөн.
Сай күлүктүн даңканы дайра болсун,
Мараны эңсеп жан далбас жүгүрүшкөн.

Баары бекер, тирүүлүк баасы тыйын,
Махабатсыз дүйнөнүн өң - түсү жок.
Гүл - махабат чыгарды акыркы үнүн,
Таш боордукка жем болуп өлгүсү жок.

Чымын жан ай чыркырап туруп берди,
Мен арада түшүнбөс түркөй инсан.



Канталаган карегим карайт элди,
Көкүрөк кан, көктө учкан ойлорум кан!

Гүл махабат бөөдө эле көзүн жумду,
Көкүрөк кан, көктө учкан ойлорум кан.
Көтөрүүгө кубат жок кылмышымды,
Кантип айтсам азаят, кантип айтсам?!

19. 04. 93 -ж.

x x x

Майрам келет салтанаттуу, кептердей,
Жылмаю бар, өрөпкүгөн кубаныч бар.
Тагдырыңдын майрамына кез келбей,
Өмүрүн ал өкүнүчтүү уланткан.

Шаңданиуудан турбай турмуш майрамы,
Кээде түйшүк басып коёт ийинден.
Тобокелчи, көп басмырлап арманы,
Үмүттү ээрчип шыбага издейт бүгүндөн...

Өмүр - таргыл, кыялдана жашайсың,
Ал да ошентет, - кыял жанга жагымдуу —
Алып учат, жомок толо бу дүйнөң,
Азга — азга магдыратып жаныңды.

Канча учсаң да бийиктерди чабыттап,
Конуу керек - жер энеге, табышмак.
Эмне? Качан? чечмеленбей көп суроо —
Жалгыз койбой жашай берет жабышкак.

Тагдырыңдын майрамына кез келбей,
Ал өмүрүн өкүнүчтүү улантат...
Сенде деле жашоо боппоз, гөр оокат...

x x x

Кызды теңейт калкымда кызыл гүлгө,
Кыз эрини кызгылтым мандалактай.
Кыз кайраты Жаңылдай, Каныкейдей,
Кылымдарда багынган Эр Манастар.

Уул өстүргөн алпештеп, элге тутка,
Жакасындай агарткан дүйнө жүзүн.

Аялдарды теңейбиз айга - күнгө,
Атап ырдайт акындар кыздын түрүн.

Жадыраган маанайы жаз гүлүндөй,
Бу жашоонун көркөмү, мээримдүүсү.
Курмажандай энелер, назик кыздар,
Бозортпосун жүзүңдү заман куусу.

x x x

Күткөнгө көнө албадым өмүр бою,
Кырк күнү суу ичпеген инген сымал.
Жана да жалгыздыкка көнө албадым,
Жукарып араң турат пилдей чыдам.

Умсунуп ооз тийбеген тамак үчүн,
Эмчеги ооруйт экен жаш эненин...
Эстеген сайын аны жаным сыздап,
Кетилди текөөрүм да, текеберим...

Гүл өмүр Теңирим ай, кайда калды?
Күткөнүм кыял сүрбөс түркөй жанбы?!
Элүү жыл таңсык болгон сүйүүнү укпас,
Байкушпу, барпалаңдаар тойсо карды?

Мен али биле элекмин ал - жагдайын,
Теңирим, ал акчабай, бий болбосун.
Бактыма колум жетпей көңүлүм сынып,
Күйбөгөн кара жаным күл болбосун!

Издеп да жарым кылым көнө албадым,
Көнбөдүм жалгыз кайтып көп сапардан.
Үмүттүү карай берем перрондордон...
Көңдүрүп бүтө албады ачуу арман.

Гүлдөгөн өрүкзарда жолукпадык,
Кайыккан суукта чогуу баскым келет.
Жетинбей чач сылаган кол табына,
Жашадым бактым ашып, бактым кемип...

Бүркүт да суусайт экен шаңшып учуп,
Көз жетпес аска - зоону мекендеген.
Алдамчы үмүттүү ээрчип бир бейбапаа,
Бозорсон күндөр учат эртең менен.



Жан сыздап жалгыздыкка көнө албадым,
Кетилди текөөрүм да, текеберим!!!

x x x

Кеч чыктым кызматыман,
Көнүмүш шиш таканын жаңырыгы,
Уйгактай ээрчип келет.
Кайдагы ойлор кыйнайт жебиреген.
— Кобураша узатып койсоң болмок...
Күйлөөм элесинди караан тута,
Ээ чиркин, кандай күлүк кыял деген.
Чагылгандай ылдамдыкта,
Ааламды чарк айланып сага учат,
Колуңда гүлдестени узата албай.
Коомай кармап жүдөгөн кызыл жигит,
Жарышып шиш таканын үнү менен.
Келесиң катарымда, мен да келем,
Өрөпкүп көкүрөгүм дүкүлдөгөн.
Кубанычтан ошол ирмем,
Эскерүү кереметтүү
Уйгактай ээрчип келет өткөн мезгил,
Узатып койгонго да жарабаган.
Тартынчаак кызыл жигит...

Бүт баары артта калды мезгил бөлүп...

## КҮЗДҮН СУУГУ МОСТОЙГОН

Жүрөк толуп, ыр жазылбай, ырдалбай,
Жаным кейип, кусаланып турганда.
Ымырыктай тээ алыстан көрүнүп,
Заарыктырдың арман сүйүүм жалганда.

Жалган дейин боздогонум өзүңө,
Шек келтирбейм ыйык сезим дилде бар.
Жалооруган сагыныч бар көзүмдө,
Жан кыйнаган минор кайрык үндө бар.

Жаркылдасам кучагыма толуп гүл,
Жалгызсырап сени эстерим ойлой жүр.
Жазбы, күзбү? Бийигимде, кемимде,
Жыргал, азап, азык бердиң бир өмүр.

Күрөө тамыр чыңалгандан чыңалат,
Чымырканып чымын жаным чыйралат.
Чыйрыктырба
күздүн суугу мостойгон,
Антсең деле ырдаар жүрөк ырдамак.

Сүйүү арман, арман сүйүү жөнүндө!

x x x

**«Атаң өтсө, атаңды көргөн өлбөсүн»**
эл макалы

Эртең бизди айтышабы жай гана,
Атасы жок тура? - деп бир каймана?!!
Айтышабы өйдө коюп өздөрүн,
Көңүл үчүн ооздо сөзүн кармабай...

Октой чыккан ээси болбос ал сөздүн,
Эски дартты кансырата тилеби!
Эрте - кечпи, алар да ата - апасыз,
Көр пендеге айланаарын билеби!!?

Өзүбүзчө ата болдук балага,
Дос - жар күттүк, көңүл кеми толбоду.
Жылдар өтүп, таарынч жүрөт арада,
Ата көргөн
беганача болбоду...

Даяр болгон төгүл - чачыл чайына,
Далай ирет ылай буту төр баскан.
Атакемдин кыйышпаган «достору»,
Саламы жок
эбак эле кырды ашкан...

Дөңгөлөгү өз нугунда турмуштун,
Көк Теңирдин пейили түз, шүгүр - ов!
Бой жеткендер той башталчуу күн күттүк,
Арабызга илинеби бир суроо??!

Көп узабай кайтаар кайра өзүнө,
Кезип жүргөн кесепеттүү куюндай.
Суроо келет ар эшикти сагаалап,
Тынч койбогон, аягы бир тыйылбай.



Эртең бизди айтышабы жай гана,
Көңүл үчүн оозло сөзүн кармабай...

## ЖАШТЫККА ОДА

Дүйнөмдүн жарыгысың,
Көзүмдүн жалынысың.
Денемдин ысыгысың,
Өмүрүмдүн кызыгысың.
Жүрбөйүн мейли кайда,
Көңүлүмдүн жарымысың.
Ченемсиз бактымдай,
Кумарлуу жаштыгымсың.

Сүйүүчүнүн ортогусуң,
Жылдыздын чолпонусуң.
Кусанын дабаасысың,
Көңүлгө кылба кысым.
Ырдайт деп менсиз деле,
Чыгарба эрте бүтүм.
Көөдөндү шыктандырган
Сүйүүдө сенин күчүң.

Ырдаган эрте таңда,
Торгойдун сүйүү ырын.
Сагынган мен укканга,
Кубатсың чаалыкканда.
Мага сен зарылдыксың,
Жүрөгүмдүн азыгысың.
Керектүү мендей жанга.
Эргүүмсүң ырдаганга

x x x

Чарчадык го, алаңгазар дүйнөдөн,
Алибектер алынан чоң сүйлөгөн.
Турса дагы жара басып апкытын,
«Чечендерден» ишке кезек тийбеген.

## МАРТТЫН ЫРЫ

Жаздын бүгүн ичирткенткен шамалы,
Күндө өзгөргөн замананын сомундай.
Акыбетсиз сойкулардай адамы,
Алдым - жутум акча табыш жолунда.

Кучүктөгөн тал чыбыгы дирилдейт,
Жалбырагын жазып иер алы жок.
Күн ачылып кетүү жагы билинбейт,
Жоогазын да үшүп турат багы жок.

Жаздын быйыл каш-кабагы бүркөлүп,
Өзгөрүлмө мүнөзүндөй аялдын.
Майрам келди, жыргай албай гүл терип,
Мен да үшүдүм (анча ысыбас аялмын).

Шан-шөкөттүн эртеңи да жылмаю,
Эгер өтсө куунак ирмем арада.
Жалгыздыктын аз болобу жыргалы,
Таарыныч жетпес, «эстебеген балага».

Жаз жаздыгын жасайт дечи, ким тосот?
Мезгил нугун өзгөртүүгө чама чак.
Тирүүлүктө келгин кушка окшосок,
Эскерилет сүйүү доору, бала чак.

Жаз жаздыгын жасайт дечи, антсе да
Жакшы мезгил коштой жүрөр самасак!

6. 03. 92 -ж.

x x x

Адам гана
    көз алдында уттурган,
Көз алдында сатып ийсе ишенич,
Карап туруп кол бербесе чыгууга —
Дил айрыгын сезет экен бүтөгүс.
туудай туткан намысын

Адам гана,
Айрый билгей тулпар, куштун жарышын.



Аксап турса жараатынан кайберен —
Сезет экен жан керегин жан үчүн.

Адам гана,
    тарткан пастын азабын
Түркөйлүктөн миң бир эсе чарчаган.
Түшүнө элек эртең кантип жашаарын,
Өткө жанын салат тура кайтадан!

Адам гана,
    кемсинүүдөн чыйралып
Кемпай жайын көрүп көөнү ууланып.
Асабадай тазалыкты туу тутуп,
Бүт жарыгын элге үрөйт, ыйгарып.
Адам гана!

22 - XII. 1989 - ж. Ош

## АНЫН ЫРЫ

Сен мага ыйыктардын ыйыгындай,
Кусалуу жүрөктү эзген сүйүү ырдай.
Ирмемге тете болгон өмүрүмдө,
Азаптуу аткарылбас арман болуп
Дүйнөгө чогуу келдиң, кызыл көйнөк.

Дүйнөгө чогуу келдиң кызгалдагым,
Күңгөйдү каптап өскөн гүл деңиздей
Аёсуз ээлеп алдың, Анан шамал
Жытыңды бир жеткирбей, бир жеткирди,
Сага арнап булак-күлүк ырдап кирди.

Бир назик ырдап кирди булак-күлүк,
Өзүңө айтчу сөздү менден мурун.
Жиберди жыттоого күн жылуу нурун
Көркүнө чыга түшүп телегейиң
Тескейге чагылышты кызыл жүзүң.

Бир эгей бүт баарына ичим тарып,
Карасам: ырдаган мен болуп булак.
Жүзүңдү албырткан нур менин демим
Шамалым чачтарыңды жумшак сылап
Келсин деп кыялымды жөнөтөмүн.

## МАРТТЫН ЫРЫ

Жаздын бүгүн ичирткенткен шамалы,
Күндө өзгөргөн замананын сомундай.
Акыбетсиз сойкулардай адамы,
Алдым - жутум акча табыш жолунда.

Күчүктөгөн тал чыбыгы дирилдейт,
Жалбырагын жазып иер алы жок.
Күн ачылып кетүү жагы билинбейт,
Жоогазын да үшүп турат багы жок.

Жаздын быйыл каш-кабагы бүркөлүп,
Өзгөрүлмө мүнөзүндөй аялдын.
Майрам келди, жыргай албай гүл терип,
Мен да үшүдүм (анча ысыбас аялмын).

Шан-шөкөттүн эртеңи да жылмаю,
Эгер өтсө куунак ирмем арада.
Жалгыздыктын аз болобу жыргалы,
Таарыныч жетпес, «эстебеген балага».

Жаз жаздыгын жасайт дечи, ким тосот?
Мезгил нугун өзгөртүүгө чама чак.
Тирүүлүктө келгин кушка окшосок,
Эскерилет сүйүү доору, бала чак.

Жаз жаздыгын жасайт дечи, антсе да
Жакшы мезгил коштой жүрөр самасак!

6. 03. 92 -ж.

x x x

Адам гана
көз алдында уттурган,
Көз алдында сатып нийсе ишенич,
Карап туруп кол бербесе чыгууга —
Дил айрыгын сезет экен бүтөгүс.
туудай туткан намысын

Адам гана,
Айрый билген тулпар, куштун жарышын.



Аксап турса жараатынан кайберен —
Сезет экен жан керегин жан үчүн.

Адам гана,
тарткан пастын азабын
Түркөйлүктөн миң бир эсе чарчаган.
Түшүнө элек эртең кантип жашаарын,
Отко жанын салат тура кайтадан!

Адам гана,
кемсинүүдөн чыйралып
Кемпай жайын көрүп көөнү ууланып.
Асабадай тазалыкты туу тутуп,
Бүт жарыгын элге үрөйт, ыйгарып.
Адам гана!

22 - XII. 1989 - ж. Ош

## АНЫН ЫРЫ

Сен мага ыйыктардын ыйыгындай,
Кусалуу жүрөктү эзген сүйүү ырдай.
Ирмемге тете болгон өмүрүмдө,
Азаптуу аткарылбас арман болуп
Дүйнөгө чогуу келдиң, кызыл көйнөк.

Дүйнөгө чогуу келдиң кызгалдагым,
Күңгөйдү каптап өскөн гүл деңиздей
Аёсуз ээлеп алдың, Анан шамал
Жытыңды бир жеткирбей, бир жеткирди,
Сага арнап булак-күлүк ырдап кирди.

Бир назик ырдап кирди булак-күлүк,
Өзүңө айтчу сөздү менден мурун.
Жиберди жыттоого күн жылуу нурун
Көркүнө чыга түшүп телегейиң
Тескейге чагылышты кызыл жүзүң.

Бир эгей бүт баарына ичим тарып,
Карасам: ырдаган мен болуп булак.
Жүзүңдү албырткан нур менин демим
Шамалым чачтарыңды жумшак сылап
Келсин деп кыялымды жөнөтөмүн.

Курчутуп сенсиз жашоо чыдамымды,
Чоңураак жандыра албай чырагыңды
Бир шаарда өмүр кезем, кызгалдагым
Делдейтип күн көрүнгөн кулагымды...
Басынтып дымагымды...

17. 08. 87 - ж. Ош.

## О, БАЛАЛЫК, БАЛАЛЫК

Бели чыкпай бешиктен
Беш теңгеге базарда
Безилдеген балалык
Кара курсак азабы
Чокой майлап, жүк түртсө
Сезилбеген балалык.

Кардары жок жалдаган
Кадам сайын бири-бирин
Көз ирмебей алдаган,
Гезит, күкүрт, айран-сүт,
Токсон иштин башында,
Ажаткана оозунда...
Же шыпыргы кармаган...
Түркүн кесип окулуп,
Мектебине барбаган.
Моюнтуктап түркөйлүк,
О, калайык, карачы
Шорго калды ар балаң.

Чылым, наша винону,
Атасынан көп билип,
Буюм канча тыйындан
Түшүндө да жат кирип,
Пайда, зыян, киреше
Аркасында чырылдап,
Таза момун балалык
Унутулуп оюну
Күчүк болду ырылдак...
Оо, балалык, балалык...

х х х

Эстеймин, темир жолдор ава жолдор,
Эл толо поезд вокзал, аэровокзал.



Адатта оор чемодан, талган колдор,
Өзгөгө сыры бөтөн аяздуу шаар.

Бу сапар - жаз билбеген, кыш билбеген.
Доңголок күн саратан, түн бурганак.
Дайрадай токтобогон таңдан кечке,
Жүргүнчү сан миң адам жол уланат...

Эстеймин, узатуу бар, коштошуу бар,
А мени эч ким күтпөс аэровокзал.
Жалгыздык ээн каюта, ээн палуба,
Күжүлдөп баары кеткен бош пристань.

Көп ичи, ич тызылдай издеп көнгөн,
Кабарсыз бар - жогуңан, келсең - кетсең.
Деңизге узатпаган, күтпөйт эңсеп,
Чардак - күн кылдай үмүт табаар эртең...

Жылдызга көз ымдашып учам көктө,
Кемеде деңиз - толкун салам айтат.
Тегизде кайың токой күтөт ырдап,
Өмүрдө жолдор кайчы, артка кайтат...

Эстеймин, кызгылтым түс жолду сансыз,
Үмүттү эски дарттай келген кайтып.
Ааламдын кумдуу чөлү, түндүк уюл,
Бактымды эскере албайм - бүтүн - ансыз!

х х х

Кел жигит, таанышалы,
Сен балбан, мен периште.
Жашайлы жубай болуп,
Пешене төп келишсе.

Жайытты чогуу жайлап,
Багалы малды түздө.
Сокону чогуу айдап,
Жыйналы түшүм күздө.

Бата алып ата - энеден,
Берели чайын ыссык.
Жыттасын небересин,
Жаштыктай боорго кысып
Кел жигит, таанышалы.

## ТУУЛГАН КҮН

Туулган күн! Коштошосуң жаштыгыңа,
Жаштыгың кайтканыңдай чабалекей.
Кечээги сага тааныш теңтуш курак,
Ичиңди тызылдата бүгүн өтөөр...

Кызгылтым көйнөгүңдөй желбиреген,
Жалтанбас өрттөй кыял, текебериң.
Кетишет турналардай учуп катар,
Жаштыгың, жакшы күндөр, кечелериң.

Шоктугуң чагылгандай жаркылдаган,
Арманың - өткөн жамгыр алай - дүлөй.
Туулган күн! Өжөр эшик кагып турат,
Өткөн күн алыстаган бөтөн бирөө.

Кечөөгү жолугушуу эрин күйгөн,
Таарынычтар, кечигүүлөр, далай жыргал.
Жаштыктын алаңгазар күнөөкөрү,
Терезе түбүндөгү күтүү ырлар...

Баарына кош айт эми, кош көңүлдөн,
Муңайым күүнү жаңырат, бийле азга!
Бош күндөр кербенчинин жайдак төөсү,
Эртеңкиң жагат сага келчүү жаздай.

Туулган күн! Коштошосуң өкүнүчтүү,
Жаштыгың башкаларга чабалекей.

## БУ ТАГДЫРДЫН БУЙРУГУ АЙ...

I

Атаганат, бу тагдырдын буйругу ай,
Өзүң мага. Мен да сага буйрубай.
Отуз жылы зарлап сенсиз ыр жаздым,
Аяса аяп, колдоп келет бир Кудай.

Отуз жылы оомат келип отуз миң,
Отуз миңдей оомат кетти кашымдан.
Айдай толуп, күндөй жанган жар элек,
Азабың бейм, бак кушуңду качырган...



Наристедей назик мени бапестеп,
Саамайымды желге өптүрбөй аяган,
Мырзалыгың эч кимде жок ардагым,
Гүлзарларда биздин издер... каранам.

Оттой гүлдөр алып келем ак үйдөн,
Жадыраган сыртымда чоң кубаныч.
А ичимде боздоп тайлак - жалгыздык,
Азариңди тартат адам чыдагыс.

Биз кыйнаган чиркин өмүр бырыштуу,
кылчак-кылчак кетип барат кыр ашып.
Тийсе тиет бейиш төрү мендейге,
Ыйык болгон туруктуулук чыдатып.

Ушу сенин курч кылычтай азариң,
Жүрөгүмдү туурап бүттү наарыңдай.
Бул өмүрдү таза, ак ниет жашадым,
Сендик деңиз - сүйүү коштоп, айрылбай.
Ооз көптүрмө, түркөйлөргө кар кылбай.

II

Эмен багы, Жаштыгым экөөбүз,
Жоктодук, өзүңдү жоктодук.
Аңгыча жылуу дем шыбырлуу,
Сөзүңдү укканга окшодук.

Гүлдөр да тикчийтип кулагын,
Башкача тамылжып күйүштү.
Жыргатып жалбарган сөздөрүң,
Ажайып бактылуу күлүштү.

Түрсүлдөп жүрөгү көөдөнгө,
Сыйбады күлүктөй туйлаган.
Сыйкырлуу шыбырың кээ бирде,
Булбулдун үнүндөй ырдаган

Сезилип жаштыгым экөөбүз,
Унуттук ак-кара дүйнөнү.
Балкыткан махабат - касиет,
Түгөнбө эскерүү ирмеми
Эмен бак күбө бол дилдеги.

Сойлосом да боорумда жан далбастап,
Бир өмүргө түт келген ирмем үчүн
Сен бар жерге тиштенип келмек элем.

Жаным кейип менде азыр үмүтсүздүк,
Атаң көрү, дүйнө-ай алчактаган
Туягында күлүктүн майдаланаар,
Махабатсыз оош - кыйыш турган заман.

II

Махабатым качандыр бир жандырган,
Жүрөгүмдө оттой кубат болбосо,
Таш боор, катаал, алсыздардын жанында
Муզга айланып , түшмөк мага боз кыроо.

Улам - улам көңүл калып, ич муздап,
Таарынычтан өксүгөндө бир далай
Кайран жаным ташка айланып кетпеди,
Аман сактап махабаттын ырлары.

Кыялымда койбо мени бейкабар,
Бакытымды бердиң - ошол - башкага.
Башыма бак, сыймык конуп турса да
Ичтен өксүйм жалгыздыкка таштаба.

Сен жандырган улуу, бийик махабат,
Көөдөнүмдө күйүп келди канча жыл.
Көрө албастын пастыгына чыйралып,
Курчуп келем ошол оттон бир өмүр.

.................................................................

Үмүт - кыял мени дайым колдой жүр!

КЛЕОПАТРА

I

Клеопатра Египетте, тагында,
Күндөр бейпил өз нугунда агууда.
Кабыл алуу менменсинген эрлерди...
Өтүнүчтөр... ирмем чогуу калууга...

Ханышага акыл, билим, сулуулук
төп келишкен,



Далай баатыр тамшанды.
Тыным билбей: кабыл алуу, жалынычтан —
Клеопатра бир күн мындай жар салды:

... «Сатам - жанга от сүйүүмдүн бир түнүн,
Даяр болсо ал, таңда башын алууга!..
Коркокторго, туруксузга жалгыз жол,
Кечсе менден, болот тирүү калууга!!

Тарп жорудай ак өргөөнү айланган,
Ханзадалар, рыцарлар
угуп ал,
Катаал жазаа, баасы балдай сүйүүмдүн!»—
Египетке тарап кетти бул кабар.

II

Клеопатра бир түн сүйүү баасына,
Белгилеген көңүлдөш - жар өлүмүн.
Желге турбай канжар, кылыч, жаасы да,
Рыцарга - зарыл оттуу эрин!..
Түн!..
Топту жарды: — «Мен маакулмун, Ханыша, —
Жетсем болду бут алдыңа,
Мейли өлтүр!
Деңиз көздүн тереңине сүңгүгөн...
Толкун чачты упайлоо да
бир өмүр!
Тирүүлүктүн бечарасы боло албайм!
Мага зарыл
оттой сүйүү,
Жалын дем!

Күн, Ай каалгыйт канча кылым өз иши!
Чагылганмын
Жарык деп ирмем күйөм, мен!
эс тандырган рахаттын мастыгы —
Таркай элек башым кетсе ийинден,
Мейли!» - деди, ашык болгон рыцар.

Тагдыр - өкүм бекитилди ушинтип!..
Махабаттын бийиктиги
азабы.

Кээси жаалдуу кылычтады нөкөрүн,
Кээси жетчүү эртең үчүн жашады...

Түн пардасы катты сырын кубултуп,
Асан - Үсөн шамы менен жети түс.
Кел, окуучум, бир аз четин ачалы...

III

... Кеч да кирди.
Ханышанын өргөөсү —
Сыйкырлуу бир бейиш жайга айланды,
Мамык балыш, үлбүрөгөн шейшеби...
(Рыцар өрт.)
Убакыт кум...
Таң атууга аз калды!..
..............................................................

Сапырылды
Чөлдөгү кум - толкундар...
Өмүр - өлүм таймашууда...
таң атты!
Салкын кандуу
Желдет - сүйүү - жан алгыч!
Жалаңдаган кылычын
кан жалатты!..
..............................................................

Үчүнчү кеч...
Төртүнчү кеч,..
Кайра таң...
Баш алууга кылыч калды
болуп маш...
Кумар, эңсөө - акыл - эстен тандырган
Кезек күтүү,..
Чоң Казаттай сайып баш,
Татыктуурга татыктуу!
..............................................................
..............................................................
Ханыша али өзгөртпөдү өкүмүн..

май, 1989 - ж. Ош



## БИЙИКТЕЙ КӨР, БАРКТОО ҮЧҮН БИЙИКТИ

Кандай бакыт жашсың, сулуу, бийиксиң,
Калк тагдырын кең далыңа үйүпсүң.
Дили сокур түшүнбөсө түшүнбөс,
Билсең болду бийиктигин бийиктин.

Билсең болду жоктун жайын, бар жайын,
Сезгич туйгуң сергек болсо ардайым.
Күү укканга, ый укканга дил керек,
Ошол ирмем пастап, короп қалбагын.

Ошол ирмем түгөнбөсүн кубатың,
Сен сүйөнгөн, сени эңсеген сүйүү бар.
Айрылууга зарыл болбос чыдашың,
Белек сага сагынч, арман, ыр кумар.

Сага ырахмат, өчсөм, күйсөм - Кудайым,
Тагдырыма өзөк болгон чыдамым.
Кыйнабаймын терип бер деп жылдызды,
Кээде аялча эркелесем чыдагын.

Чексиз бакыт, күч-кубаттуу, бийиксиң,
Билбеген көп баркын пастын, бийиктин.
Менин ырым - ыры ок жеген маралдын,
Боздогону кансыраган кийиктин.

Анын баарын түшүнүүгө дил керек,
Бийиктей көр барктоо үчүн бийикти.

## ЖОЛУГУШУУ ҮМҮТ БОЛ!

Кылымдардын катмарына
октой көзөп үн менен,
Чакырамын Эр Манасым,
чакырамын өзүңдү.
Кайран жаштык убарада,
убарада издеген,
Өтүп барат кылым минип,
көрбөй оттуу көзүңдү.

Кылымдардан ат жалында
чагылгандай ойногон,

Сурап келем кабарыңды
сурап келем аянбай.
Эр Манасым, өмүрдү ойло
махабатка тойбогон,
Мен аялмын периштедей
сабыр күтөм аялдай!

Эр мүнөзүң, айкөлдүгүң —
ырас болсо,сырттаным,
Жүз жылдардан, миң жылдардан
уга көргүн үнүмдү.

Өлбөстүктүн кулазыгын —
ийлейм, муздайт жууркаңым...
Ак олпокту шырыгандан
бармак этим бүлүндү.

Эр Манасым, айыбы жок
чеберлигим, эрдигим,
Мен уулдарды төрөп берем
жүрөгүндө жалы бар.
Эртеңкиге буйруганы болоор
Мага кел бүгүн!
Ак Куланы таш мамыга
байла, эс алсын жаныбар.

Чырым этип ат жалында
опурталдуу сапарың
Жортуулдарда жылдап жүрсөң
коргоо үчүн элиңди.
Ат дүбүртүн уккан сайын
«Аман бол» - деп, жашадым.
Манасым ов, мезгилдерден
күтүп санаам бөлүндү.

Чоң Казаттай өмүр жолу
мерт болоорун ким билет,
Суук кабарды уккум келбейт
чочуп жашайт бул жүрөк.
Тагдырды мен марттык кыл деп
эл ичинде сураймын,
Түшкө кирет түмөн колуң
Добулбасың дүңгүрөйт.



Манасым ов, Сени издеп
чексиздиктен таба албай,
Күлүгүмдүн туяктары
ташыркады жүрүп мол.

Дагы канча күтөм сени?!
Күткөнүмдү тана албайм.

Кызыл туудай желбиреген
Жолугушуу үмүт бол!

Кайран жаштык убарада,
убарада издеген,
Өтүп барат кылым минип,
көрбөй оттуу көзүңдү.
.....................................................................
Манасым ов, эт жүрөгүм
Өзүңдү деп эзилдим!

## ОШ БАЗАРЫ

Ош базары дүр-дүйнөсү жайнаган,
Кызыл- тазыл түстөрдөн көз адашат.
Сатармандар, ортомчулар сайраган,
Аларманды бир - биринен талашат.

Зыңгыраган мырза жигит чайкоочу,
Сүлкүлдөгөн пери кыздар кап ташыйт.
Кемпир - келин, ата - бала канчоосу,
Чак түштө элди тоноп турат какшатып...

Муш кеттидей тез жайылды бул адат,
Түн уйкусун, күн тынчынан кечишти.
Эне калбай, аял калбай үйүндө,
Тирилик деп дүйнө кезип кетишти...

Бир китептин бетин ачпас эргулдар,
Банги, аракеч - бузуп жүрөт генефон...
Миң түр малдай жомокко бай Ош базар,
Ууру - кески болуп кеттиң карасам.

Сатпаганың ат - эшектин тезеги,
Жибек - шайы, кадам сайын шарап бар...

Ыйманын жейт доктур, маалим кечээки,
Милийсаң да «салык» жыйнайт карасаң.

Дипломдуу акыл - эсин элимдин,
Гөр оокат деп сормо саздай сиңирген.
Ош базары акча соргуч ажыдаар,
Түркөйлүктүн апийимисиң бүгүн сен.

Сатармандын сан миң түркүн өнөрүн,
Көрүп чарчап, көтөрүлүп басымың.
Жалын бүркүп, онтоп жаткан кезегиң,
Сан миң малдай санааң санга чачылып.
..............................................................
Берекеңен эл тоюнсун акыры...

## ЖҮРӨГҮҢДҮ ӨГӨӨЛӨЙТ ЖАКШЫ ЖАМАН...

Кудуреттүү көк асман койну жылдыз,
Кужураган намыскөй бир топ кырыгз.
Ариетин жасаган ашта - тойдо,
Тикесинен кызматта түнү - күндүз.

Барпаңдаган уулдары бүркүт кабак,
Бийлейт элди билегин түргөн бойдон.
Эл ичинде дасторкон толгон тамак,
Кээ ат минер ныксырайт ашка тойгон...

Ашка тойгон акылга чукак, семиз,
Асмандата мактаган табакташын.
Дороон сүрөт катарлаш ата уулуна,
Бийликчиге шыйпаңдайт карап кашын.

Менменсинген өзүмчүл куу чирен жан,
Колун сунат көктөгү жылдыз үчүн.
Жүрөгүңдү өгөөлөп жакшы -жаман,
Суу бөксөрүп бараткан деңиздейсиң.

Урмат - даңкты акчага ороп алган,
Азезилден жанымды сактайм аман.
Арасында мээнеткеч, момундардын,
Өксүк дилге мээримден дабаа табам.



Таштайм баарын, —
үлпөтүн май кабактын,
Беймаза сөз, кылыктуу айымдарды...
Үтүрүмө садага чаппай башын,
Жанымды үрөп жазамын жаңы ырларды.

Баркын билер ар сөздүн ат көтөргүс,
Эр азамат түйшүктүн четин чоёт.
Элдин ичи толкуган Океандай,
Кээде чукак кубанчка, кээде толот..

## ГҮЛ САТАТ ГҮЛ ЖИГИТТЕР

Араван көчөсүндө гүл көргөзмө,
Гүлдөрдүн чубатуусу сыяктанат.
Жигити кечиккендей кезигүүгө,
Түркүн гүл туш тарабын турат карап.

Чыкыроон аязына чыйрыктырган,
Көк муштум гүл жигиттер сатарманы.
Суу кагаз шуудураса аяп улам,
Гүлдөрдү гүлдөр сактайт назик жандуу.

Көз жашын көл - шал төгүп ыйлап турат,
Атыр жыт, оттой кызыл, турна моюн.
Аңкыган жыпар жыт да тоңгону ырас,
Уга албас булбул гүл деп боздогонун.

Уга албас таңшыган күү таңдан кечке,
Үзүлдү сабагынан базарга деп.
Кооздойбу туулган күндү ушул кечте,
Же кызга белек болоор...
кардар күтөт.

Көк муштум гүл жигиттер сатарманы,
Күнүгө базар үчүн гүл үзүшөт...
Чыкыроон кыштын суугу...

## БИШКЕКТЕН ЭКИ ЫР

**I - ыр**

Бишкек, Бишкек - таш боор кылым,
Токтобогон лайнердей.

Уулдар өсөт, уулдар чөгөт,
Уусунан чоң акчанын.

Өмүр чийдей араң күйгөн,
Ылдамдыкка дал келбей.
Ийилишет көтөрө албай,
арак, нашаа басканын...

Сойкуларың сүлкүлдөгөн,
Мерчем жерди сагаалап.
Жан дүйнөсүн пулга сатат,
Пулга сатат намысын.

Айланкөчөк тагдыр отун,
Кумарчылар жага алат.
Дал ортого сайып башты,
Кечип бүтүн баарысын!

Сырттан көрсөң зыңгыраган,
Адептүү шаар, периште.
Мен тааныган азаматтар,
Эки жүздүү кылтыңдайт...
Тааный албай убарамын,
Жылмаңдап бет келишсе,
Чыйыр, сокмо, даңгыраган,
Узун, кыска жол тынбайт...

Жадыбалды жыттабаган,
Чечектериң базарда.
Беш теңгени бетке кармап,
Сөгүп кетет энесин.
Кайран Бишкек - Фрунзедей,
Кыйын эми тазармак.
Өткөн күндү эстеп аяп,
Чогуу басып келесиң...

Адеп - сыйдын уулдары бар,
Куп сагынган энесин.
Бир карасам сырга толо,
Билим - нарктуу энесиң.
Бишкек - Бишкек бапырандап,
Баарын бир күн жеңесиң.



II - ыр

Чиркин Бишкек жүрөктү эзген,
Сагынычтын шаарысың.
Кинолента айлангандай,
Сезим эстейт баарысын.
Кукуктөгөн дайра сымал,
Кан жолуңда машине.
Айрылууну ала кетип,
Ала келет сагынчын.

Бишкек - жаштык жаркылдаган,
Жазылбаган барактай.
Сүрөтчүнүн кистиси али,
Түстүү боёк чие элек.
Чоң махабат, чоң кыялдар,
Чоң калаага сыйбаган.
Кыздар али боз уланды,
Жаны сыздап сүйө элек.

Бишкек - сырдуу тамылжыган,
Оттуу көздөр, от жүрөк.
Ишеничи тоодой болгон,
Дили таза уландар.
Жымыңдаган терезелер,
Жакшынакай ой түнөп.
Айылдагы перини ойлоп,
шаарга келген улан зар.

Бишкек - жашооң дөңгөлөктө,
Канатында лайнердин.
Зымырылган асфальт менен,
асманында мелжиген.
Максатына жеткире гөр,
Койнуңду энсеп келгендин.
Чоң махабат тазаласын,
Ыпыр - сыпыр белгиңден.

## ТҮНКҮ КӨПӨЛӨКТҮН ЫРЫ

Кочкорун союп, куружнга салып
алып бир түнгө келин издеп келиптир
бул карыя» —

сүйлөшүүдөн.

Төрөгүм келет эле,
Үй - бүлөм болсо дегем.
Колмо кол болуп кетип,
Акчага көнүп калдым.
Семизи, арыгына,
Тазасы, кычыганы...
Кочкорун союп келген,
Атасы он баланын...
Айрыбай калдым эми,
Төлөсө болду нагын.

Алтымыш аралаптыр,
Жаталы жыргайын дейт.
Өзүнүн кыздары да,
Жыргатып башкаларды.
Кеттиби? Оюна илбейт,
Куржунга шыкап этин.
Мойнуна илип, тердеп,
Тоосунан түшө качып.
Сатканы кара жанын.
Келиптир ыйманын жеп...
— «Гезиттен окуганмын,
Таанышчуу кыздар жайын...

Эти көп, отуз килдей,
Алып кой – Базаргабы?
Балдарым укса тилдейт,
Базарда эт сатканымды.
Эт эле ала берчи,
Көрөйүн мен да жыргап.
Кел, кызым, мага келчи?»...
Жалдырайт ал карыя.



... Сагаалап мейманкана,
Мен жүрөм оокат үчүн.
Оокатын кечип коюп,
Абийирин чечип коюп.
Чоң курсак акча байлар,
Беш теңге тапкан балдар.
Мындайды таңсык көрүп,
Жеткенсип колу көккө.
Эптешип, эптей албай...
Энтигип эки мүнөт...
Өмүрү бет жуубаган
жубарымбек,
«Жыргалды көрүп» жүрөт...

Уулду эми төрөй албайм,
Оокаттын азабынан.
Колмо кол болуп кеттим,
Үй - бүлөм болсо дегем...

25 - апрель 1996 - ж.
Бишкек

## ООРУП ЖАТКАНДАГЫ ЫР

Дүйнөнүн алкагына конуп - учуп,
Жашадым барга түтүп, жокко түтүп.
Чымын жан темир эркти уйпалады,
Жатамын аны бекем боорго кысып.

Жашадым бала күтүп, ини күтүп,
Бүгүлүп бейбапаага жасап кызмат.
Кайрымдуу көк жээк чиркин көздөн учуп,
Көп ирет көңүл өксүп, көңүл сыздап...

Урматтап атам - энем тааныбагай,
Төрлөттү, чачып келди кубанычын...
Чабалдар мен торолткон, жарыбаган —
Койнунда котур таш бар, кубарышып...

Гүл өмүр бир жадырап, бирде чаңкап,
Айкөлдөн, акылмандан кубат алдым.

Мээримдүү, куштай сөзгө кулак таңсык,
Мен бүгүн багып жатам чымын жанды...

Дүйнөнүн алкагында ырлар калбай,
Ачуу үн, акыбетсиз сөздөр учат.
Сабырсыз мен бүтпөгөн иштер жардайт,
Түркөйлөр түшүнө албай ийин кысат...

Көңүлүмдө ак тилекти төрлөтөмүн,
Башымда ырдын пири турат жандап.
Махабат, турмуш чайкап өөдө - төмөн,
Сен сатпай, аздектедиң бийик кармап...
Кудайым, махабаттан айрыбагын,
Жанымдын дабаасы ошол, сурайм зарлап!
Кудайым, махабаттан айырбагын!!!
Жаңа да чача көрбө убактыңды,
Акмакка көңүлүң ооруп, аны каргап.

## АКЫРКЫ КОҢГУРОО

Апкаарыбай эң керектүү учурда,
Өз алдынча тагдыр издеп учууга.
Жетти убакыт, кагылды бул коңгуроо,
Уч улан-кыз, сапарыңда кысылба.

Бийик серме канатыңды илимдей,
Канаттуу доор,
өтөт күндөр билинбей.
Жылуу уя, эже менен агайга,
Силер үчүн күн көп болсун сүйүнмөй.

Шыңгырады бул жылаажын акыркы,
Толкундануу салтанаты "Ак жол!" деш.
Мезгил келет көөдөн аалам батырчу,
Сапарыңар карыбасын
өмүрдө эч!



## 9 - МАЙДЫН ЫРЫ

Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгып,
Он жетиде, он сегизде жашчылык...
Канды кечип Мекен үчүн ок жуткан,
Эне сүтүн бүтө электе аш кылып.

Балалыктын оюнуна канбаган,
Кайран балдар!
Кайран гана баатырлар!
Бирин-бири чептей бекем кармаган,
Улуту эмес, Улуу Совет калкы бар.

"Артка кадам таштабаймын, Москва!"
Чуулдаган окту тосуп төш менен.
Эрендер ай, курман болуп жаттыңар,
Тартынчаак, - жаш, кыз бетинен өппөгөн.

Азыркыдай "Вольва" же жок "Мерседес",
Мурман чектен Берлинге че жөө баскан
Жоону жеңдиң о кер мурут аталар,
Тишине че куралданган, жоолашкан.

Марттыгыңар 9 - май болуп,
Кызгалдактар - түбөлүк от жанында.
Эстеликтер көз ирмебей бозоргон
Гүл жаштыгың келет жылда жазында.

Кыштын кырк кез бороонуна кайыккан,
Азаматтар азапты бүт көтөрүп
"Осколькачан", Танка огунан айыккан
Миңдин бирин куттуктайлык - нетелик.

## КЫЗЫМА

Мектебиңе менсиз кеттиң жаркыным,
Оорукана: алым начар, алысмын...
Көкүлүңдү сербеңдетип тарабай
Таң атса деп терезеге зарыктым.

Болуп турсн аманчылык, чолпонум,
Өтөт бу күн байкалбастан бир ирмем.
Оку, ырда, ден соолугуң чың болсун,
Аласаңды алып жаша бу күндөн.

Тирүүлүккө жетелеген үмүтүм,
Мейли менсиз сабагыңа барып тур.
Көркkө бөлөөр дүр-дүйнөмдүн гүлүсүң,
Эркелетет эркин заман, бул учур.

Мен оорусам,
Аман болсун Мекеним.

## МЫРЗА ГАПАРОВго

Сымбаттуу, сыпаа мырзадай.
Сезимтал көөдөн ырга бай..
"Жапайы каздай" даана учуп,
"Сары кыз" менен жыргабай,
Аздектеп "Кызыл бедени"
Күкүктөйт "Дайра шоокуму"
"Кадыр түн" тосуп санаксыз
"Махабат көлдүн" толкуну
Кайыгың сүйүп жыргаган
Канаттуу доордо аман бол
Нойгуттук сулуу Мырза агай!

25. XII -1986 ж.
ОГПИ Ош

## Султан РАЕВге кол тамга

Урмат да, сый да бир дилден,
Агылат доско, ниице.
Убайым күтпөй бу күндөн
Кумарың кансын сүйүүгө.
Бөбөгүң, жарың, элиңде
Тутурук болсун күйгүзөөр..

Өмүр да, ыр да иргелет,
Өмүрдө сүйүү бир келет.



Сүйүүнү, сыйды аздектеп,
Сактаган кишиң эң керек.
Жашоодо далай тепкич бар
Алардан мүнөз өзгөрөт...
Бир боорум бойдон кала гөр,
Башкага болсоң өзгөрөөк...

август 1986 -ж. Ош ш.

## СҮРӨӨНЧҮ

*Жолборс Осмоновго*

Үн барынча токсон миң жан бир сүрөйт,
Арстандарча, жолборсторчо күркүрөйт.
Аба дагы күйүп турат алоодой,
Демөөрчүнүн аза бою дүркүрөйт.

Алдастаткан ааламда бүт эрлерди,
Жашыл аянт. Булгаары топ...
дарбаза...
Бразилия... Италия.., жеңгенди —
Жер шаарына эрдик кылат даңгаза.

Оодорунан жалын бүркүп делбедей,
Төртүнчү тайм, бешинчи тайм...
теңме - тең!
Сүрөөнчүлөр жарыштагы күлүктөй,
Тыбырчылайт, чылым тартат дембе - дем.

Жүгүрүшкөн тер шорголоп чачтардан,
Оюнчулар жиликтерин тарта албай.
Жаанда калган короздордой жогжоңдоп,
Оңко кетсе, оору жерин барк албай

Чарчап бүткөн.
Оомат - пааша ойт берет
Тамчы суудай сүрөөнчүнүн үндөрү.
Көздөн учкан жеңиш үчүн ирмемге,
Дүңгүрөтө кармап турат дүйнөнү.

Жеңиш керек, даңкташ үчүн Мекенин,
Оомат элге кылсын үчүн каниет.

Жан жибайт, ал жүрөгү майдандын,
Көлдөө деми күн табындай сезилет.

Жашыл аянт, от күйгөн кез тамандан,
Сүроон демөөр, күрөө тамыр чыңалган.
Утук - канат туу чокуга чыгарган,
Сен аман бол, жан күйдүргөн
Күйөрман!

## ДИНАРА АЙДАРОВАга

Чөбү күйгөн боз адырдын койнунда,
Жашыл бакча жер-жемиши жайнаган.
Сыдырым жел, шыбак жыты ойдунда,
Асманды ээлейт мис табактай ай гана.

Чарпаянын чар тарабы күлкүдөн —
Жайнап турат.
Берекелүү дасторкон.
Таштай качып шаарды тынчсыз күүсүнөн
Рахатка батты тиги достор
Чоң...

Чыйрыттаган куштар ширин уйкуда,
Аския сөз салкын түндүн чырайы.
Ай толгон түн.
Жарты көңүл умсуна
Анделектей тилим - тилим чыдады...

Оттуу ырлар, шараптай ден кызыткан,
Бөтөн жандар, этиеттик беймаза...
Эрте жаздай курак өттү кызуу кан,
Куулук билбей шарт сүйлөгөн ой таза.

Бүгүн дагы жыйырмасы июндун,
Асман боппоз, Ай не жалгыз
бир жылдыз?!
Сүйүүм сага отуз жылы сыйындым,
Эзбе эми,
эркиндик бер! Кайыр - кош!



Кең көөдөндү өрөпкүткөн жүрөгүм,
Дубүртүңдөн кирпиктерим ирмелбейт.
Көп ичинде жалгызсырап жүдөдүм,
Кантсе дейсиң?!
Жаштык кайра бир келбейт!

Ал да жалгыз, менсиз жээги дайранын,
МЕДЕТ кылып элесиме жалынаар.
Көп изденип унутуунун амалын,
Кысталышта атымды атап жаңылаар...

Теңирге эмес сүйүүм сага сыйынгам,
Тартып жүрүп жүгүн таш боор армандын.
Чөбү күйгөн боз адырдай саргайдым,
Чарчап бүттүм, жүрөктү эзбе, кайыр - кош!
Өтсө өтөөр, Сенсиз эми калган күн!

х х х

*Санабар Бахаповага*

Кыргызда болгон Каныкей,
Кыргынды салган Жаңылдар...
Курманжан датка - ханыша,
Эжесин тарткан Санабар.

Менчиктин мыкты энеси,
Балдарга мээрбан үйүндө.
Генерал жарың Каныбек,
Бек жигит экен сүйүүгө.

Элечек кийген аялзат,
Төрайым шайлап алышкан.
Жасадың көп иш чечкиндүү,
Көп жигит өксүйт намысчан...

Марттыгың менен кеңдигиң,
Чалкыган Ысык - Көлүңдөй.
Эски жыл эсен узасын,
Жаңы жыл келсин деңиздей.

Чалкыса далай Океан,
Булак суу анын башаты.

Санабар - датка кыз баккан,
Сайкалдай экен апасы.

Жакшы сөз жаздык ыроолоп,
Жадырап күндөй кабыл ал.
Түлөсө кийим түлөсүн,
Түшпөй жүр алтын тагыңан.

25 - декабрь 1995 - жыл

## НАЗИРАМ

*Майрамбек Осмоновго*

Гүлгүн өмүр, гүл өмүр,
Өзүң болсоң майрамдай.
Жоодураган карегиң,
Мени отко салгандай.

*Кайырма:*

Кол жетпеген бийигим,
Ыйык сүйүүм - казынам.
Элжиреткен жүрөктү,
О, ак тамак Назирам.

Аркар моюн аппагым,
Бир өзгөчөм, жакканым.
Кандырбайсың суусунду,
Кымбатысың башканын.

Жаркылдаган жаштыгым,
Сенсиз өксүп калгандай,
Махабатым - элик көз,
Өтөбү өмүр арманда.

*Кайырма:*

Кол жетпеген бийигим,
Ыйык сүйүүм - казынам.
Элжиреткен жүрөктү,
Элик көздүү Назирам,
Аркар көздүү Назирам.

## ЖЕТИГЕН

*Заркокүлгө*

Гүл албадык гүлдөн өзүң сулуусуң,
Ал соолуса чөгүп калаар көңүлүң.



Гүлгүн курак, өтмүш мезгил чыны - чын!
Узак болсун ыр коосдогон өмүрүң.

Көөдөнүңдү тыбыраткан ууз сезим,
Таңшыган күү, созолонгон обон бар.
Дил курагы он сегизден өтүпсүң,
Шыгыңа шык кошсун сүйгөн улан зар.

Жетигениң кемибесин жетиден,
Чогуу көргүн ыссык - суугун тагдырда.
Эл кызматын аткара бер ырчы кыз,
Чаңкоосу бол, суусундук бол жамгырдай.
Махабатты даңктап ырда,
Айландыр —
Жигиттердин от жүрөгүн калбырга!
Арзып жаша ырчы деген тагдырга!

x x x

*А. Урбаевге*

Айтылып азил сөздөр,
Айтылып тамаша геп.
Башталып Кара - Алмадан,
Жеткени Сары - Челек.

Буулуккан кабинетте,
Бүкүрү болуп дагы.
Сөөмөйү жооруганча,
Иштеген калем сабы.

«Кантордун келемиши»,
Аталып кызматчылар.
Көрүнбөй кылган иши,
Күйгөнгө чылым чыдап.

Курчутат өткүр тилин,
Калемин учтагандай.
Сыртта өмүр ала салат...
Балыктай тынчтана албай...

Кызыган камчы уусунан,
Күлүктөй оозу катуу.

Убакыт заман минип,
Кайдадыр барат шашып.

Азил сөз өз нугунда,
Буулуккан кабинеттер...
Бүкүрү болгон далы,
Мезгил да учуп өтөөр!..

Убакыт заман минип —
Мээнеткеч, момундарга.
Алчактап турган кези,
Белгисиз барар жери.

## АРАПАТХАН АЛИМЖАНОВАга

Кыргыз Республикасына Эмгек
сиңирген мугалим

Дарыядай ташып турган,
Күч - кубаты ашып турган.
Көкүрөгү деңиз , сымал
Көзүнөн нур чачып турган,
Аялзатсыз Арапатхан!

Качан болсун, кимге болсун,
Шарапаты тийип турган,
Адам дилин жүрөктөгү
Айттырбастан билип турган
Аялзатсыз Арапатхан.

Кенендиги кең пейилдин
Уч - кыйырсыз Океандай
Марттыгыңыз күндөй тегиз
Тийип турган досу - жарга
Перизатсыз Арапатхан.

16. 02. 1999 - жыл. Ош



## «Ч» КЛАССТЫН КЫЗДАРЫНАН

Ар заманда ачылган Саралар бар,
Айкөкүлү, барпайган Санабарлар...
Бир уядан учса да билим алып,
Сымбаттуусу, ак-сары, каралар бар.

Атында эмес алардын заты таза,
Боюнда эмес, касиет ою бийик.
Каркырадай тизилген ак элечек,
Кайын энелер, кантсе да өмүр күлүк.

Катарында көкөлөп - улгайгандын,
Элүү жашты тизгиндейт Саламатхан.
Каалоо, тилек ак дилден арнап келдик
Кадырлай жүр өмүрдү, аманат жан.

«Ч» класстын чылгый ак кыйындарды,
Кадырманы, чечени жыйындагы,
Эмгегиңди, баркыңды сыйлап келдик,
Барктайт элиң Саламат кийин дагы.

Он бештеги айдайсың, жигит таңсык,
Куттуу болсун курагың, Саламатхан.
Дал ушундай сулуу бол. Улгайбагын,
Жетимишти, сексенди араласаң!

6 - февраль 1999 - жыл, Ош

x x x

Дербиштей дүйнө кезип,
Көксөгөн жарым кылым.
Кыйырына көзүң жетпес,
Бакыттын даамы сендей.

Аптабы сызгырылтып,
Эңсеген тамчы сууну.
Какшыган кумдуу чөлдөй,
Сагынычтын даамы сендей.

Өчпөгөн үмүт билик,
Ташыркап таман тилик.

Буйурбай кайчы өткөн,
Армандын даамы сендей.

Төрт мезгил карек талып,
Күн-түнү шыбырт тыңшап.
Эзилип жол караган,
Күтүүнүн даамы сендей.

Аңкаган жолоочудай,
Түйшүктүү сапарынан.
Илебиң эс тандырган,
Жүрөккө от жандырган.
Сүйүүнүн даамы Сендей!
Тирүүлүк баары - Сендей!

x x x

Далысы күнгө саргайган,
Көйнөктө бар го береке.
Кең пейил, жүзү жайдары,
Туурук кол, мээрбан энеке.

Нур тамып турган өңүнөн,
Жазбаган калыс сөзүнөн.
Ийиле сыйлап коногун,
Жалыныч чачкан көзүнөн.

Беш бүгүп белин иштеген,
Маалында чайын ичпеген.
Талаанын бүтсө кызматы,
Түйшүгү үйдө бүтпөгөн.

Көп кучу короп майышкан,
Эмгекчи эне, аман бол!
Кыргоодо бизге таанышкан.
Тилеги кабыл болсо дейм,
Кыз-уулуң өсүп намысчан.

6-ноябрь 1991-жыл
Базар-Коргон району, Кыргоо айылы.



x x x

Абдыманап Мамыровго

Күүлөгөн күшту канаттай,
Манасы десе Манастай.
Кызматын элдин ийиндеп,
Шаарымда баатыр барат жай.

Ордолуу Ошум ыйык шаар.
Жашаган далай ыйыктар.
Майданын атын ким эстейт,
Мактанаар Манап жигит бар.

Кыргызда кыйла баатырдын,
Кадыры сиңген калкына.
Ири алды болуп көбүнүн,
Жылдызың өчпөй жаркыра.

Чоку көп, суу көп дүйнөдө,
Ошума бирин теңебейм.
Келбетти, айкөл пейилди,
Сизге Алла берген ченебей.

Ак кызмат өтөп бата алса,
Акыры тиет кереги.
Бар болуң ара чолодо,
Акындын болуп жөлөгү.

7-март 1993-жыл.

## ЖАШАШЫ ТАРДЫН КИМГЕ ТАҢ

*Шербай Алыбаевге*

Гүлдөтсөң гүлзар багыңды,
Суусуна кошуп жаныңды.
Барк албай жүрсө күткөнүң,
Басынып кетээр зирек жан.
Бар болсун сураар алыңды.

Эрдигин көксөп дем көрүп,
Сен ыйлап, а ал шерденип.

Жарыгы тийбей ирмемге,
Жашашы анын кимге таң.
Өзгөнү өздөн кем көрүп.

Гүл жыты, кубат канаттай
Дүркүрөп кээде кемиген.
Мезгилиң буйтайт доолашпай,
Бут тосот кемпай дээринен...
Тагдырым күмүш канатчан.
Айрыба айкөл инимен.

Өмүрдүн кымбат-арзаны,
Бааланат кылган ишинен.
Айкөлдүк, тардык берилбейт–
Теңделип бардык кишиге.
Жарыгы тийбей ирмемге,
Жашашы тардын кимге таң.

Тагдырым күмүш канатчан,
Айрыба айкөл Элимен!

ЖЕҢИЖОК АКЫНга

Аксынын чыгаан булбулу,
Санаттын ачкан бактысын.
Жеңижок баасыз ыр куну,
Өтүмдүү, элдин жакшысы.

Сайраган таңдай таңшытып,
Салтанат ансыз өтпөгөн.
Сагырды ээрчип жакшылык,
Ырысын кошкон көп менен.

Кадырын сөздүн барктаган,
Капшытта тынчып жатпаган.
Нөшөрүн ырдын жаадырып,
Кулуктөй ойду таптаган.

Эргитип көңүл учурган,
Илгери жашап учурдан.



Ак таңдай Өтө(ченде жок) өзүңө,
Жетпептир ырчы мусулман.

А бүгүн толкуп кыргызым,
Арбакка таазим кылабыз.
Ырларын ырдап, эскерип,
Ааламга сыйбай турабыз.

Ак таңдай Өтө өзүңө,
Жетпептир ырчы мусулман.

18-октябрь 1991 - ж.
Аксы, Кара-Суу айылы.

х х х

Жолон Мамытовго

Адам сырын, акын дилин баамдаган,
Элин сүйүп, жерине ыр арнаган.
Укканга да кубаттоого кубаттуу,
Жолончолук айкөл акын, барбы адам?!

Барбы? Ошондой бийик туруп жөнөкөй,
Сүйлөгөнгө, ырдаганга жарачуу.
Билбейм аны...
Жолон булбул көмөкөй,
Телегейге тегиз жетчүү канаты.

Ойку-кайкы ойлогон да сүйлөгөн,
Оош-кыйыш көз караштуу достору.
Элге бүгүн Жолон жайын кеп кылат,
Эскеребиз...
Өрүк гүлдөп жоктоду...

Өтөт ансыз далай кече, жыйындар,
Кайталанбайт!..
Өсөт нечен кыйындар.

Орду толбос,
окшобогон,
окшобос!
Жокем туруп ыр окуган жыйын бар.
1-апрель

Жолон Мамытовдун көзү өткөндөн кийин
50 жашка толгондугун эскерүү кечесинде
тегерек залда жазылып, окулган ыр.

## РЫСПАЙГА

1994-жылдын 13-октябрындагы ыр

Арман ыры, махабаттын ырлары,
Жерге-суута эбак сиңген жамгырдай.
Булбул үнүн уга берип тынбаган,
Жүрөк чиркин эзилди го калбырдай.

Эзилди го ырдан-ыйдан төгүлгөн,
Таштар, муздак ташка айланган сезим да.
Зымырыктай көзгө илешпес өмүрдөн,
Ыр сарайын безеп койгон кезинде.

Кучак толо буркураган гүл жыты,
Кол чабуулар айланттыбы башыңды?!
Ырдап жүрүп боздогон үн басылды...
Гүлдөр эми мүрзө үстүнө чачылды...

Эми гүлдөр мүрзө үстүнө чачылды.

## ГҮЛ АЙЫМ

*Гүлайым Маштаповага*

Гүлайым,
Жазгы ачылган гүлдөй айым,
Журт кадырын билген айым.
Туура сөздү тууган кылып,
Эл ишинде жүргөн айым.

Куру сөзгө көтөрүлбөй,
Изин санап баскан айым.



Чабалдарды аяп ичтен,
Демөөр-кубат тапкан айым.

Куу чиренди, көйрөңдүктү,
Орду-ордуна койгон айым.
Кээде үлпүлдөп гүлдөй назик.
Кээде мырза уул болгон айым.

Ажайып бир улуулукка,
Тан бергенди билген айым.
Аваз кылып ар талантка,
Көңүлүнө түйгөн айым.

Кудай берген кудуретти,
Моюнга ала жүргөн айым.
Бир ажайып инсан үчүн,
Ачык күндөй тийген айым.

Кыргызымдын эртеңи үчүн,
Курманжандай күйгөн айым.
Кылыч мурут жигит эмес,
Тазагүл да сүйгөн айым!

## ГҮЛМИРАГА

Гүлмира кыз, жадыраган пейили,
Эл кызматын аркалаган өмүрү.
Элпек иштеп жаш-карыдан бата алган,
Жароокер жан, келечеги кеңири.

Бул ыйык жол, аркалаган эл ишин,
Ак иштесе жайык болот өрүшү,
Кыргызымда Каныкейдин үлгүсү,
Кыраан кызы, телегейге тегизи.

Ажат ачсаң көз чачырап турганда,
Алкыш сөздөр эмгегиңдин жемиши.

ТҮМӨНБАЙ БАЙЗАКОВдун
атына коюлган мектептеги ыр.

Кыргыздын алптары бар Эр Манастай,
Кылымдар ырдап бүтпөс ак таңдайы.
Кыргыздын күлүктөрү кылым кезген,
Комузда кол ойноткон залкарлары...

Шаңкайган ак калпактуу Ала-Тоосу,
Шаңшыган бүркүттөрү аны айланат.
Сагымбай, Саякбайы бүтпөй доошу,
Калкымдын чоо-жайынан кабар салат.

Дүйнөнү сөздөр ээлеп, ырлар толуп,
Канча том жазып койду Түгөлбайың.
Жез таңдай Барпы, Токо, Жеңижогуң,
Бүгүн жок кайран акын Түмөнбайың.

Ойлору Түмөн колдой түмөндөгөн,
Мурчу өткүл аскиясы түгөнбөгөн.
Барпыдай Океандын ар бир ырын,
Март акын башын сайып түгөлдөгөн...

Кыргызым өрүшүң кең, малың түмөн,–
Түкөмдөй чыга бербейт тобокелчи.
Аска тооң асман тилип турса дагы,
Сокурга жанын сууруп, көзүн берчүү.

Марттыкты мураска алып, курч сөз менен,
(Буйруса мындай бакыт, мындай тагдыр)
Уулдарың эртең айкөл Түмөнбайдын,
Ырларын уулдарына окуй көрсүн!

22-сентябрь 96-ж.
Барпы айылы.

КАЙРАН БААТЫР, КОШ ЭМИ

*Бекмамат Осмоновдун эстелигине*

Барпайган элиң үчүн баатыр элең,
Ак таңдай акындарга-акын элең.



Бел болуп суук шамалга төштү тоскон,
Элимдин салт сабыры, Акылы элең!

Калкыңа хан Бакайдай караан элең,
Шум ажал касташтыбы, кайран баатыр!
Төп келген телегейиң-кудай берген,
Кучакты чоң-кичүүгө жайган баатыр.

Элиңдин бийиги элең, эл көтөргөн,
Шум ажал эл колунан кетти жулуп.
Энелер бир кылымда бир төрөгөн,
Уулу эле Намыс үчүн калган туулуп!

Кыстоодо акыл тапкан кеңеши элең,
Кадимки эр Манастын иниси элең.
Аргам жок, кош дебеске Кайран Баатыр!
Бу ажал кимди аяп, кимди иргеген...

Элиңдин бир капшыты эңшерилди,
Оопасыз бул жашоонун өңү көкмөк...
Кайрылбас кайран өмүр касиеттүү,
Үй-бүлөң, жумурай журт көз жаш төксө...
Арга жок, кош дебеске, акебайым!

30-октябрь 1997-жыл.

ТЫРТЫК
(новелла)

Мен жашаган чоң шаарда жаштар абдан көп. Жумуштан чыккан соң өзүмдү кайда коёрумду билбей кыйналам. Аскерден келгениме үч жылга аяк басып калды, иштеген ишим деле жаман эмес, жумушчулар. Алардын арасында өзүмдү ээн-эркин сезем, алар мени, мен аларды түшүнөм.

Бүгүн дем алуу кечесине бардым. Бийледик, ырдадык, жүрөктү элжиреткен ыр-күүлөрдү уктук. Көзү аркардын көзүндөй жайнаган, жароокер кыз менен бийлеген сайын, анын муңайым, сыпаа жүзүнөн сен чагылышкансып туруп алды.

— Ак пейил кыз экенсиз, — дедим.

— Сиз да март жигитсиз, бирок ичтен сызган сарсанаа көзүңүздө улам байкала калгансыйт?

Ал мени суроолуу карады, ойдун көлөкөсү түшө калып жаткан жүзүмө (аскерден келген тыртык - сол кашымдын үстүндөгү бармак басым жерим бар) иренжий түштүм. Сен айткан сөздү кыз аттуунун баары эле айта тургансып сезилет мага.

— Кемчил жерим оюмда эмеспи-дедим аны кекеткендей.

— Ошол да кеппи, - менин көңүлүмдү жубаткандай жайдары жылмайды. Ал жылмаюда жасалмалуулуктун изи да жок эле. Көпкө бийледик. Кыздын келбетине кийген ак көйнөгү да куп жарашып, башкалардан өзгөчө менин жарым болсочу дей турган асыл жан экен. Улам сен эсиме түшкөндө туталанып кетем, күчүмдү бийдин кыймыл-аракетине чыгарам (мени жакшы бийлейсиң дешет досторум).

Ушу бүгүн аябай жаным кейип турат, бул жаркылдаган шаан-шөкөт эски жараатымды ансайын күчөтүп, кайрадан мен аскерден келген күндүн эртеси, экөөбүз жолугушкан кеч көз алдыма тартылат. Ага чейин канча сонун сөздөрдү койнуна катып көгүчкөн-каттар ортобузда каттады эле го. Баарын бир эле кечте, бир сөзүң менен көөмп салбадыңбы. «— Жалгыз апама караан болуп, тез эле үйлөнүп алалычы?-десем, — Тыртыгыңды кантесиң?»-дедиң кашкая. Кол кармашып, назик сөздөрүңдү далай угуп, жан дүйнөм дүүлүгүп, өрөпкүгөн демим ошол эки жыл аскерде кубат бербеди беле? Башыма да бир ирет кокус ок жаңылгандай болду. Жок башыма эмес, жүрөгүмө, ансыз да сенин алдыңда кыйналып - кысталып, аздектеген ак сүйүүмдүн сүрүнөн сүрдөп турган жаным чыйрала, соолуга түштү.

— Тыртык болсо эмне экен, мен сени жанымдай жактырат эмесминби?

— Мен намыстанам!

Үнүң өктөм чыкты.

Ошол сөздү айтпасаң эмне... Мен шаарга жумушчу болуп кеттим. «Намыс» - деген ачуу үн кулагыма жаңырып кошо келди, кошо жүрөт, ал белгиден из гана калса да, жылдан - жылга билинбей баратса да; кыз аттууну сенин бир ооз сөзүң үчүн жектейм, ишенбейм, баары эле ошол сөздү кайталап жиберчүүдөй сезилет мага. Ак сүйүүм да ошол каштын үстүндөгү белгидей тыртык, жүрөгүмдү канталатат. Жакында күйөөң менен көрдүм... Мен жалгызмын. Жок, калбай сары аарыдай ээрчиген сенин октой сөзүң бирге жүрөт.

— Музыка бүттү. — Кыз колуман тарткылады.

— Рахмат мен кир жуушум керек эле! — залдан шашылып чыга жөнөдүм. Кыздын жүзү томсоро түштү. Ичим туз куйгандай ачышып кетип баратам.



Жароокер кыздын ичи туз куйгандай ачышып жалгыз калды. Жок, менин олдоксон сөзүмдү, олдоксон мамилемди түшүнбөй убарада калды.

Музыка алыстан угулат.

Көңүлдүү ыр - күүнү, жаштык толтура залды, аркар көз жароокер кызды таштай качкандай, сары аарыдай жабышкан сенин сөзүңөн, өзүңөн кутулгум келет. Сага болгон кусалык, сагыныч менен октой сөзүңдүн кайсынысы оор экенин таразалай албайм. Алар ажырабай чогуу жүрүшүп менин жүрөгүмдү эзишет. Сенин ал сөздөргө, айтып койгон соң өзүң ээ болбой калган октой, сүйүүнүн ажалы болгон сөздөргө өкүнөөрүңдү кудай билет.

Сенин ээрчиген үнүңөн качып жатаканага келатам.

9.09. 91-ж.

## КУРМАНБЕКТИН КАРООЛ ДӨБӨСҮ

Колумда 1970-жылы «Кыргызстан» басмасынан Сапарбек Закиров басмага даярдаган «Курманбек» эпосу турат, ал 1933-жылы Калык Акиев тарабынан жазылып тапшырылган. Ага чейин канча адамдын оозунда кандай варианттарда айтылып, ооздон-оозго өтүп келгенин айтпасак да белгилүү. Көк-Арт өрөөнүндө, тактап айтканда, Калмак-Кырчын айылында жашаган Ади Өмүралиев аксакалдын айтуусунда илимпоз Жээнбай Мукамбаев (бир топ жыл илгери), жакында журналист Акбарали Мусабеков, Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген артисти белгилүү обончу Рыспай Абдыкадыровдор жазып алышканын Ади аванын өз оозунан уктум.

Өткөн жылы барганымда күн кечтеп калгандыктан Каароол-Дөбөнү көрүүгө мүмкүнчүлүк болбой калган эле... Кийин Кален Сыдыкованын «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын № 31-санына жарыяланган «Курманбек баатырдын мүрзөсү жана...» деген макаласы боюнча жер-жерлерде дуулдап кызуу сөз козголгонуна да күбө болуп кайт-каным бар. Эмесе, ошол элдин пикирин «Ленин жолу» гезитинин №19-санына жарыяланган «Касиеттүү көл эле» деген С. Пирматов менен Т. Шариповдун кабатыр катын окуган соң, элге жеткирүүнү туура таптым.

Кароол-Дөбөнүн жайгашкан жери Кап-Согоордо Атайын бир тегерек чоң жыгач аякты көмкөргөндөй 15-20 метрдей бийиктикке көтөрүлгөн, тегерегине сайдын ташы атайын чыгарылып тизилген, үстү 7-8 сотых өлчөмүндөгү аянт теп-тегиз болуп, сай тарабы көз тайгылткан жар, дөбөнүн түндүк жагындагы топурак эки башка. Түндүк тарабынан адам бою келген, кеминде жүз литр суу батчуудай кумган табылган. Ошол эле ченден чыгыш тараптагы 15-20 метрдей жерден чоңдугу 60-70 см. кеңдигиндеги өлчөмдөн 15-20 см өлчөмгө чейинки ар түрдүү формадагы сайдын атайын жонулган таштары чыккан. Аларды жоокер эмнеге иштеткени али күдүк. Бул таштарды Тоголок Молдо атындагы мектептин тарых мугалими Рапи уулу Жаныш агай бир жерге корумдап жыйнап, көз менен багып жүрөт. Жаныш аванын айтымында Кароол-Дөбөнүн күлботолуу тарабына өткөн жылы айдатууга трактор салганда соконун тиши өтпөй, дүңкүлдөгөн үн угулуп турган.

Ооба, Калмак-Кырчындык карыялар, жумушчулар, айыл интелигенттери бул жерди изилдеп, ачык абанын алдындагы тарыхый музей ачсак, тарых барагынан өз ордун алып, кийинкилер үчүн кызмат калса дегенде эки көздөрү төрт.

Ачык абанын алдындагы музей - демекчи, бул сөз айтылганда, бир топ жолдоштор ага «дакумут» керек да дешет. Көк- Арт өрөөнү Өрөөн-Башыдан (Уйрунбаш, Урумбаш делип жүрөт) тиги Кызыл-Пахтачыга чейин (Урунбаш, Любленко, Дмитриевка, Михайловка, Подгорный, Архангельский. Октябрский чарбалар Гагарин атындагы «Кугарт» «Дружба») бир да көзгө басаар өз аттары, кадимден калган тарыхый жердин ыйык аттары, ат-көөлүк менен бир-бирине каттаган ата-бабамдын аздектеп атаган аттары калбаптыр. Бүгүнкү ачык айтып, ак сүйлөө саясаты жүрүп турганда эзелтен аталып жүргөн өз аттары кайтарылып берилсе куп жарашканы эле турат.

Кайда барбаңыз эл тааныткан эр жөнүндө, эл бешиги - ыйык жер жөнүндө кеп козголот. Атагы алыска чыккан бул улуу журттун қаарман уулдары, калдайган эпос - санжыралары менен гана улуу боло алат эмеспи. Ошондой эле Курманбек баатыр жөнүндө кеп кылышып, Сузак районундагы Гагарин атындагы чарбанын Калмак-Кырчын айылында Курманбек баатыр Койкүрөңдөн жыгылган Кош-Аң, Курманбектин күмбөзү (мүрзөсү) Курманбектин Кароол-Дөбөсү деген жерлерди атайын ат арытып барып көрүп зыярат кылып жүргөн адамдар аз эмес. Биз да далай ирет сый коногубузду алпарып жүрөбүз.

Тоголок Молдо атындагы мектептин мурунку имаратын 1961-жылы куруп жатышканда эң чоң адамдардын сөөктөрүн, узун жиликтерди, жез менен чеберделип кадалган чоң баш сөөктөрдү улам



казган сайын табышып, кийин эл куран окуп, ал сөөктөрдү кайрадан жерге жашырганын айтышкан. Ал эми түш тарабы 40 кезден турган Курманбектин күмбөзүн бара-бара тегерете айдашып, жер да өзүнө сиңирип баратат.

Мунун баарын ошол чарба менен айыл Совети, жергиликтүү эл корукка алса жакшы болор эле.

Акылман: «бирөөгө кор дүйнө, бирөөгө зар дүйнө» деп бекер айтпаган окшот. Кошуна өзбек жеринде кенедей адырдын чокусун гүлдөтүп чыгышат. Орто Азия жана Казакстан жазуучу аялдарынын 1984-жылы Ашхабад шаарында өткөн кеңешмесине барганыбызда өзбек, кыргыз жазуучу - акын кыздарды түркмөн элинин белгилүү акыны Атамурат Атабаев баш болгон акын-жазуучулар аябай мактап жүрүшүп, Ашхабаддан Ферузага алып барышкан. Феруза жөнүндөгү болмушту айтып беришкен.(Феруза— бирюза деген көк асыл таш). Ферузага барганыбызда чоң чынар даракты тегерете жыгач кашаалап, койчунун беш уулу болуптур, кой багып жүрүп көк ташты таап алышыптыр, аны төлгөчүгө алпарышса, «кыздуу болосуңар, бактысыздык апкелет, таштагыла» дейт. Уулдар карындаштуу болгусу келишет. Койчу кыздуу болот, кыз бой жеткенде кошуна хан элди чаап алып, кызды алмакчы болот, кичине уулу өлтүрүлгөндө ушул даракттын бешинчи бутагы сынып түшүптүр деп чоң паннолорго сүрөттөрү тартылып, ар бир сүрөттүн үстүнө ушул маани жазылып коюлган. Даракты айланта жасалгаланган панолорду көргөндө көзүм кандай күйдү дейсиз. Бизде андай болмуш үчүн чек арага алпарып көрсөтмөк турсун, элибиздин турмушуна байланыштуу, тарыхый кооз жерлерди анчалык аспеттей элекпиз.

Эл арасында эми ушул Курманбектин күмбөзүнүн төбөсүн көтөрүп алсак, айтылуу Кош-Аң менен Кароол-Дөбө ачык абанын алдындагы чоң музей комплекси болмокчу, деген тилектерин калмак-кырчындыктар, жоон-күңгөйлүктөр, № -4 бөлүмдүн башкармасы Турдалы Даке уулу, аксакалдар советинин төрагасы Апи уулу Бороон баш болгон карыялар, жаштар улам айта жүрүштү.

Кара-Алмадан ары Сары-Ой, Чал-Жайлоо, Кара-Үңкүр (ичинде шагыраган сөөктөр, дубалдарына тартылган чийме-сүрөттөр, түштүк батыш жагында Калмак-Ашуу, Сары-Ойдун этеги Алыкулдун жакшынасы, Манастын кайрагы (ал жерде Ак-Куланын Таш-Казыгы да бар), Кунажындын куйругу, Байбиченин жайлоосу деген жерлер бекеринен эмес да, атчан абдан кыйын жол Калмак-Ашуу - жогоруда мен атаган жерлердин аттары атадан балага улам айтылып жүрүп калган, анда же жазылган азыркыдай көрнөк болбосо»-дейт тарыхчы,

ушул ачык абанын алдында тарыхый эстеликтердин музейин ачууга жанын күйдүрө кеп козгой жүргөн Рапи уулу Жаныш агай.

«...Чоку болот тоолордун бийик жери,

Чокудай бол кыргыздын жигиттери...»—

деп элимдин сүйүктүү акыны Байдылда Сарногоев айткандай, совхоздун аксакалдары Борон ава баш болуп, совхоздун директору Азим Жаанбай уулу, айылдык Кеңештин төрагасы Ороз Бекмамат уулу, профкомдун төрагасы Апи Аттокур уулу, комсомол комитетинин катчылары райондун Нурмамат, айылдан Орозбек, бөлүмдөрдүн башкармалары Турдалы менен Курманбек сыяктуу топудай көмкөрүлгөн асманды тиреген бийик жердин (Бозоң-Жолборс айылы - азыркы Архангельск - айылдык Кеңеши дал асманды кармап тургандай) жүздөгөн кулундары «Курманбек» эпосунда айтылган «Анжиян тараптагы Жазы шаарын жердеген, же Ади Өмүралы уулу деген аксакалдын айтканы гана эмес, жогорудагы аталган топонимдер, жер-суу аттары тарыхтын талашсыз күбөсү экендигине иш жүзүндө кам көрүү, атадан калган мурастай тарыхыбыздын бир үзүмүнө өз тонун кийгизип, урпактар алдындагы парздан кутулат го деп ойлоймун.

К. Сыдыкова жазгандай, Гагарин атындагы чарбанын атын да «Курманбек» деп атаса деген сунушка негизги эл макул болгону менен кээ бир жолдоштор «... 12-апрель күнү уюшулду эле да...» деген кетенчиктөөсү байкалгансыйт. Юрий Гагариндин атындагы Советтер Союзу боюнча жүздөгөн чарбалар, мектептер, көчөлөр жана башка ишканалар толуп жатпайбы. Гагариндин атына облусубуздун борбору Ош шаарында эле эки жолу коюлган: Ю. Гагарин атындагы кыргыз орто мектеби Ю. Гагарин атындагы эң чоң көчөлөрдүн бири андан тышкары райондо космонавт - баатырга болгон урмат-сый ченемсиз (мектептеги отряддарды айтпаганда). Эгерде совхоздун атын «Курман-бек» кыргыздын эл коргогон баатырынын атын койгондон бедели түшүп калбасы бештен белгилүү. «Дакүмүт» жок да деген менен «Курманбек» эпосун окуган ар бир атуул XIV-XVI кылымдардагы бир хандыкта турган мезгили сүрөттөлгөнүн билишет, чарбанын атын койгон Көк-Арт өрөөнүнүн гана элине эмес, жалпы калктын кызык-чылыгы үчүн да зарыл.

Күмбөздүн төбөсүн өз өзгөчөлүгү менен көтөрүп калыбына келтирүү кандай кечиктирилгис иш болсо, Кароол-Дөбөнү, Кош Аңды археологиялык жактан изилдөө, тарыхый баалуу эстелик катары эсепке алуу да кечиктирилгис маселе. Казып-изилдөөчүлөргө Тоголок Молдо атындагы мектептин жамааты жан дили менен көмөктөшүп, жеңилин



жерден, оорун колдон алмак. Эл иши эл менен бүтөт эмеспи. Бул жагдайды облустук маданий фондусу да карап көрүүсү зарыл.

Тазагүл Закирова,
"Ленин Жолу" 25. IV. 90 - ж.
"КМ" IX. 1990 - ж.

# КОТОРМОЛОР

## Роберт РОЖДЕСТВЕНСКИЙДЕН

x x x

— Сүйүүмдү берейинби сага?
— Берчи.
— Ал ылайда да.
— Ылайдагы сүйүүңдү бер.
— Төлгө салгым келет...
— Төлгө салчы?
— Сура.
— Мисалы, эшик чертсем...
— Киргизем.
— Эгерде, чакырсам...
— Барамын.
— Анда эгер, бактысыздык?
— Бактысыздыкка да.
— Эгерде алдасамчы?
— Кечиремин.
— «Ырда!» - буйруйм сага...
— Ырдайм.
— Досуңа эшикти жап...
— Жабам.
— Айтсам сага: өлтүр!
— Өлтүрөм.
— Айтам сага, өл!
— Өлөмүн.
— Эгер чакап кетсемчи?
— Сактаймын.
— Эгер жаның ооруса?
— Чыдайм.
— Эгер дубал болсочу?
— Тегиздейм.
— Эгерде, түйүн болсочу?
— Чаап таштайм!
— Эгерде жүз түйүн болсо?
— Жүзүн да.
— Сүйүүмдү сага берейинби?
— Сүйүүнү бер.



— Эч качан болбойт андай!
— Эмне үчүн?!
— Себеби, мен
кулдарды сүйө албаймын...!

xxx

Кызыгасынбы искусствого?
Улуу,
одоно,
эриктирбес?
Анда сүйлөшөлү ал жөнүндө -
токтоно албаган,
плакатка жазылбаган...
Ооба, баса...
Ким тиги музыкант менен
олтурат,
бурчтагы столдо?
Ар убакта билип турууга көнгөн
Искусствонун акыркы жаңылыктарын.
Кадимкидей эле,
Кыйкырыксыз фразасы...
Сен уктуңбу?
Ал жакында киного тартылды
Көөп кетти анан дароо.
Эми төртүнчү жолу үйлөнүп жатат...

Карагын:
Акын - тигил узун,
Дайыма уйкусурап басып жүрөт,-
Албетте, сыпайы сүйлөйт
өтө пас чыгарып үнүн.
Актриса сөрөй.
Кыз эле бойдон
ойноштору
шайтандан көп!

Айта алам аттарын атап...
Искусствого кызыгасыңбы?
Көтөрүңкү,
делебени козгоочу,
таттуу?

Прозаик
ажырашууга берилтир...
Мобул башка менен болгон
жайында.
А тигил
кордобалет менен жашайт -
тартты азапты, бечара,
бирок, жашап жатат...
Искусствого кызыгасыңбы?
Ар түрдүү,
бирок,
кемтик эмес
түркүн суроолорго -
жооп?...
Актер ойношу менен июнда
чаң - тополоң жасады...
Укчу!
Токто!
Аарчы шилекейиңди
жана да дем ал...
«Искусствовед!"

## КИНОДУБЛЁРУН МОЮНГА АЛУУСУ

Мен кинодублёрмун.
Уктуң беле бул кесип жөнүндө?
Азырынча ырдалбаган,
жана ырдалбаган!
Түшүнө албайм.
Эмне үчүн мен али өксүбөдүм,
Кесип мушташуучу,
кесип секирүүчү
жардан,
искусствонун урматы үчүн
Карышкырга баруу
жана жолборсторго...
Түкүрсө мага,
титирде менин атым көрүнбөгөндүгү үчүн!
Жада калса мен жыгылган жерде,
Кем жатат паралондор.
Жаандуу аба-ырайында



Эски сыныктарым
сыздайт...
Мен-кинодублёрум.
Мен учам,
чуркайм
жана сүзөм.
Ишенбейм камсыздандырууга
жалгыз өзүмө ишенем...
Дейли
Сценарийдин идеясы баарын туткундады
Картина - иште
тартылган теңинен көбү.
Каарман кежирленет.
Ыйлактайт, кыңкыстайт.
Мындай аба- ырайында,
Каармандын келбейт сүзгүсү.
Күйүп жатат кадимкилик!
Режиссер уйпалай көкүлүн,
Кайрылат мага.
Ооба, айтам аларга:
«тарткыла!»
жана мен сүзүп жөнөйм.
Ат чаап жүрөм.
Мен кылычташам.
Чай ичем дем алышта
Тоңуп калган колдорумду үйлөй
тизем талкаланган,
Далым канталаган ириң,
Катарда тартылууда
Каармандын чоң пландары.
Мен - анын булчуңумун.
Мен - анын тайманбастыгымын.
Мен - чечкиндүүлүгүмүн.
Мен - кинодублёрмун.

А дублёрго оопайлык керек!
Мен кайрадан кайдадыр
шайтандын дубалдарына
чыгам.

А оорлуу илмийген каарман
Сценаны төшөктө репетициялоодо...

Мен ага аралашып ээрип кетем,
дайра ээрип кеткендей
деңизде...
Балким, кийин ал даңкта, жана
модада болот.
Балким, кийин
ал айтып берет, кантип жыгылганын,
кантип мушташканын,
Жана да болгонун ага өзгөчө жагымдуу.
Жана азыраак коркунучтуу...
Мен - кинодублёрмун.
Мен, балким, кыжырданам
сезбепсиз...
Мейли кыздар ишенишсин
Аны чыныгы эркек дешип!
А ал эркек болсо -
гиримдөөчү менен урушат көпкө.
А анда эркектин
Жалаң, жалгыз шымы
ошол гана...

Мен кинодублёрмун.
А мен бүгүн ичип жана сагынам.
Кел, дублёрлор үчүн,
Өмүрлөрүн аянбаган!
Сен - дагы дублёр.
Сен кийин кыйкырасын кур талаага
Башкалар -
унчугушпайт.
Аларга жеңил.
Дублёрдун шарапаты менен.

ххх

Кудай жалгагыр,
болчу алсызыраак,
суранам,
Анда белек кылам мен сага
укмушту
оңой эле.
Анан анда мен чабыттайм -
өсө түшөм.
Өзгөчө болуп калам.



Көтөрүп чыгам сени уйкулуу,
күйүп жаткан үйдөн.
Бел байлайм бардык белгисиздиктерге,
бардык акылга сыйбагандарга, -
деңизге таштайм,
кою,
долуланган, -
аман сактап калам сени!...
Ал жүрөгүмдүн буйругунан болот мага,
жүрөгүм каалагандан ...
Бирок, сен менден күчтүүрөөксүң,
күчтүүрөөк
жана ишенимдүүрөөк!
Сен өзүң даярсың
сактап калууга башкаларды
оор муңдарынан.
Сен коркпойсуң
бурганактын ышкырыгынан
чартылдаган жалындан.
Адашып кетпейсиң,
анан да онтобойсуң,

Болосуң салмактуу
каалансаң эгер,
шамалдай болосуң,
каалансаң эгер...
Мага сени менен -
Мындай ишенимдүү -
аябай оор.
Жок дегенде атайы эле,
бир ирмемге, -
суранам жүрөксүп...
Жардам бер мага өзүмө ишенүүгө
болуп калчы
бошоңураак,
алсызыраак,
Кудай жалгагыр!

## АЙРЫЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Аны артка кайтарууга мүмкүн эмес
болгондо
Күтүүдөсүң сен аны.
Келет поезддер,

издерин жолдордун кыжы-кужулуу
издерин умтулган жаандардын...
Кир далыларына көтөрүнүп.
Жана сен,
Балким, бир саат тынымсыз
түртүнөсүң элдин арасында.
Эмне үчүн издейсиң аны мындан -
Капчык,
жашыктар,
түйүндөр,
аралашкан чалды - куйду сөздөрдөн,
вокзалдык ополоң - тополоң арасынан
бактылуулардын
өксөп ыйлагандардан?
Сен күтөсүң.
Поезддер кетишет.
Кыйкыра, келишет поезддер...
Ал жөнүндө
Эч ким айтпайт.
Мына эми ал эмес,
а сен
бийиктен караган сыяктанып,
дилиңдегинин баарын иргеп,
баарын кабыл алып,
баарына чыдап.
Күтөсүң,
ал сени кечирсин үчүн...
А балким,
ал жоктур эбак...
аябай кеч түшүндүң.
Ал сага кандай зарыл.
Сен кеч түшүндүң,
аны менен
болгондугуңду жүз эсе күчтүү...
Оор жүк ийинден басат,
Жүрөгүң көкүрөктө ныгырылат...



Вокзал кыйкырат, үйлөр кыйкырат:
«Тапкын аны!
тапкын!
тапкын!» - деп.
Андан оор эч нерсе жок,
Бирок, сен чыда,
бирок, сен тоскоолду кулат.

Тапкын аны!
Тапкын аны
андан кечирим сура.

## ЧИНГИЗ АЛИОГЛЫДАН

*Азербайджан акыны*

x x x

Бул менменсинген тоолор,
тоо белестери,
бешигим мени терметкен,
Чоң атамдардын жери.
Айкөл, кутмандуу жер,
жана бүт жайнаган гүлдөр -
сенин саамайың үчүн!
Адаттагыдай бизди,
кыпкызыл жоогазын чүмкөп,
Ээрип кеткендей,
Жоголушат.
Ушундай болгон дайым,
жашоо ушинтип бүтөт!
Кичинекей кызгалдак да,
менин беттериме тийген -
Сенин чачтарыңа сиңет . . .
Көрүп турсаң керек,
а мен болсо асманды жаздангам.
Кудум байчечекейдей,
агарып жылдыздар күйөт!
Бизге адаттагыдай!
Жоголуу талааларда,
Жер кыртышына сиңип,
Бизге, кудум адаттагыдай
Көрбөө, чөлдөр кайда -

Солкулдачу, туйлаганда күлүк . .
Баары, кудум адаттагыдай!
А, түнкү асманда -
буурул булуттарды жазданып,
кудайлар жана да
перилер укташат.
Тыптынч айлана...
Сенин эриндериңе
тиет көк майсалар.
А далыңды болсо -
жылытат жер.
Горизонттун илебинде,
титирейт ипичке нур.
Жыңайлак буттарың сенин -
жакындайт жаңы таңга.
Агарат алыстык,
агарат кыр
Баары адаттагыдай!
Төмөндө кандайдыр
тоолор ойгонгон жакта
канаттуу дайлара келет -
Салаалашкан биздин колдор,
Аларга тирүүлүк берет!

## ХАЛИМА ХУДАЙБЕРДИЕВАДАН

*Өзбек акыны*

### СИЗГЕ...

Сизге сүйүм, Сизге каргышым,
Өзгө издеп менден таппайт из.
Бу жарыкта менин бүт ишим,
Сизге түштү, бир Сизге жалгыз.

Адаштым баарын чыгарып калпка,
Ак сүйүүнү жектедим бекер.
Шөкүлө кийдим карабай жашка,
Эми алсам аны намысым кетээр.



Бу өмүр бүтүн тагдырлар экен,
Махабат үчүн кул болуптур хан.
"Унуттум" - деймин, саргаят өңүм,
"Сүйбөймүн" - деп, коюп, үшкүрөм улам.

Сиз дегенде мен сынбас бир тармын,
Күтө, күтө көздөрүм жанат.
Өмүрүм бою каргап өтөрмүн,
Өмүрүм бою жанымды кыйнап...

Жашоо оту жанып - күйсүнчү!
Жарыгынан мен Сизди табам.
Каргыштарым Сизге тийсинчи,
Сагынычтарым сакташсын аман!

x x x

Ажыраштык көтөр башыңды,
Кирпиктериң неге сууланган.
Кайраттуум төкпө көз жашыңды,
Тамчысына да арзыбайм.

Азаптуу күн салдың башыма,
Бу кандай сүйүү, бу кандай тозок?!
Арзыбайсың тамчы көз жашыма,
Мен деле ыйлаймын, бирок...

## МУХТАРАМА УЛУГОВАДАН

*өзбек акыны*

### СӨЗДӨР

Сөздөр бизди уруштуруп койду да,
Сөздөр... сөздөр калды болуп бейтарап.
Бирде сизге чаң жугузбай, бир мага.

Сөздөр бизди ажыратып жиберди,
Босогодо тура берип арасаат.
Акыбеттүү, бар махабат түгөндү.

Барктабадык досторду же душманды,
Жүрөктөргө таш боор сөздөр орношуп.
Мээримдүүлүк биротоло жок калды.

Этектеди сөздөр, сөздөр колдоду,
Сөз бир ирмем үстөм болду дүйнөгө.
Сүйөнгөмүн ага, эзет ый мени.

Ээ, мынча оңой досту жоготуу?!
Дарактардын тили - үнсүздөр тили -
Баш ийкешет, үйрөнбөйбүз неге биз?...
Сөздөр, сөздөр ууктурду болуп уу.

## БҮГҮН

Бүгүн
Сенин колдоруңдун ар кыймылы,
Көздөрүңдүн жалынычы,
Эриниңдин сөз жетпеген
таттуулугу
Эң белгилүү бул ааламдын адаттарына
Үстөм болгон күн.
Унутамын бу дүйнөдө күн бар экенин,
Унутамын нурлар сырды жашырбастыгын.
Көөдөнүңө титирек болуп сүңгүймүн эркин
Жалаң гана
Үнсүз... үнсүз,... мүмкүндүк бергин.
Сүйүү алыста,
кызга каада күтүү жарашат,
Махабатта назик болсун кыз...»
Деген миң санат,
Жана алардын бар турпатын
Жапкан кийимдер,
Муңайым сөздөр
Эрип кетсин үнсүз... үнсүз
Бүгүн эринде.
Эриндерде.

## САГЫНЫЧ

Төгүлүп жылдыздар койнума,
Коробуздун сүрөтүн тарткансыйт...
Жаздыкка чачылат чачымдай,
Таң жыты, сүттүү нан жыттанган.
Куюлат жыпжылуу койнума
Дабдыр арыктын күлкүсү.
Күнгө эрин тосушкан гүлдөрдү



Этиет боорума кысамын
Райхан жыттанган колдорун
Серпчилейт аялдар...
кусамын.
Бариктер, тигилет күн жакка
Күн көпкөк деңизде каалгыйт.
Асмандын койнунан төгүлөт,
Алтын түс жебедей көп шоола.
Күйдүрөт түшүмдү бир жылдыз!
Бу өкүнч - сыйбаган дилимде.
Бетме-бет сагынчым менен сиз,
Турасыз жарк этип, о Эне!

## КӨЧӨТТҮН ЫРЫ

Айланамын махабатка
Жарып чыгып топуракты.
Ысык аптап ырын жалаң,
Тыңшоо үчүн толук, жакшы,
Бүт турпатым менен анан,
Бир бакытка айланамын.
Дарак болуп дүркүрөгөн,
Көркүн ачам айлананын.

## АБДУЛЛА АРИПОВДОН

*Өзбек акыны*

ххх

Өтүнөмүн,
Ыраактардан мен,
Кучагыңды сагынып келсем.
Таалайыма күлүп чыга көр
Кубанчыңды жашырба, эркем.

Алыс жолго аттансам жана,
Сапар тонун кийсем эрте-кеч,
Өтүнөмүн эркем ошондо,
Аябагын көз жашыңды эч!

## СҮЙҮҮ ӨЛҮМҮ

Жамгыр жаады, тынбай бүгүн күн бою,
Жамгырданбы? Менин эзилди дартым.
Жайдак көчөлөрдө ичимден сызып,
Сенин издериңди издеп бараттым.

Айланамды каптап ачуу бир туман,
Көздөрүмдү ууктурду, мынча заар.
Дилимдеги уюп калган жараатты,
Эзип жатты ээнсиреген бопбош шаар.

Кармабайсың эми ысык колумду,
Өлгөн сүйүүм үчүн күтпөйсүң аза.
Кандай өлүм, бу сүйүү өлүмү,
Мүрзөгө коюлбас, окулбас жаназа.

xxx

— Кош эми...
Сезимде бир айрылуу калды
Кош эми, сен кеттиң, күнөөсүз гана.
Бүгүн сен кайдасың? Кай жерде калдың?!
Бүгүн сенин башыңа ким болду паана?!
Өзүңдү кеч таап. Эрте жоготтум,
Каргагын, ылайыкмын каргыштарыңа.
Өзгөнүн сезиминен кадыр ойготтум.
Жете албадым бирок, өзүм кадырыңа.
О, адам тагдыры, мынчалык чатыш,
Мынчалык ар түркүн, тозок же аза.
Тагдырым, өзүммүн күнөөкөр - жапыс,
Күнөөкөргө ыр жазуу болсо го жаза?!

— Кош эми...
Сезимде бир айрылуу калды,
Кайыр эми, сен кеттиң, күнөөсүз пери.
Бүгүн сен кайдасың? Кай жерде калдың?!
Сен бүгүн кимдиндир өмүрлүк теңи?!
Кайсы бир адамга бактылуу жарсың,
Ачылгандыр таалай эшиги?!
Бүгүн сен кимдин сүйүүсүнө зарсың?
Менин жүрөгүмдүн жаралуу кесими!



xxx

Жолум башталаар.
кетээрмин бир күн.
Сенден алыска, өзгө тарапка.
Үйдүн жанына баратып, мүмкүн.
Көз салаарсың ээн үй жакка.
Балким ал күнү секиде жалгыз,
Олтурган болоор өзгө бир адам.
А балким, ал да төшөктө жатып,
Кыялданаар уламдан - улам.
Балким сен аны окшотуп мага,
Чакыраарсың атымды айтып.

Ишенбессиң көзүңө балким,
А балким, кийин келбессиң кайтып.
Жарылбаган жарадай сүйүү,
Анда бизди кыйнабас толуп.
Көчөлөрдө жар эмес эми,
Кезигебиз бейтааныш болуп.
Кантип, бизде калбасын арман,
Кантип, болбойт бир аз эстелик?
Ишенбеймин махабаттан соң,
Бейтааныштык башталса, келип?!

xxx

Сен Пушкиндин сүйгөн periси,
Сен Гете ашык болгон кыз,
Сен Байрондун оттуу жүрөгү,
Сен Гейнени жандырган жылдыз.
Алишердин Гулисисиң сен,
Сен Лутфийдин сонун газалы.
Булбулусуң Хафиз багынын,
Же Омардын ширин асалы.
Таалайыма назданып турган.
Эй, сен менин эрке чүрөгүм!

## ӨТҮНҮЧ

Ай жүзүңдү мейличи жашыр,
Керек эмес наздуу-ымдоо,

Сулуулуктун алдында акыры,
Тизе бүккөн кудайың да.

Кимге пайда бекер эс кетип,
Же дүйнөгө коога салыштан.
Айрылуудан коркпоймун бүгүн,
Мен коркомун сүйүп калыштан.

x x x

Мен кубанаар болсом - сен себеп,
Ой-санаага батсам - сен себеп.
Айрылууну каалабаймын, жок!
Кокус өлөөр болсом - сен себеп.

x x x

Койгун, ал күндөрдү эстетпе, мага,
Өзөктү өрттөйт ко бу күздүн күнү.
Эми башкамын жан биргем, сага,
Мага эми башкача жолугуу түнү.

Кубанып кээде, кээ бирде сарсан,
Сүйүүдөн бактылуу кулачым кергем.
Билбедим, кайсы күн кай сатта, качан?
Тагдырыма менин чаң салды мерген.

Бүт эрким анын колунда калды,
Сапарлашым бүгүн бир сулуу кайгы.
Койгун, ал күндөрдү эстетпе, жаным,
Койгун, оорутпагын дилимди, жанды.

Башкалар жүзүмө тигилсе, мейли,
Сен гана тамаша кылбагын, карап.
Сен гана ырымды сүйбөгүн эми,
Окуба атымды, тарттырба азап.

Сактай көр ичиңде, назыңды назик,
Жалгыз сен жүзүмө караба күлүп.
О кантип, эми бүт урматың бүгүн,
Сезилмекчи мага шылдыңдай болуп.



## ЖАЗ КҮНДӨРҮНДӨ
(азил)

Жаз маалы эле.
Шат элек абдан.
Бакта чын дил менен сейилдеп жүрдүк.
Кудум киептерде жазылган сымак.

Көп өтпөй күн күркүрөп катуу.
Ава-ырайы бузулду замат.
Жамгыр да диркиреп куйду го бир кез,
Кудум китептерде жазылган сымак.

Заматта шөмтүрөп суу болдук анан,
Ал көкүрөгүмө баш койду токтоп.
Ороду укмуштуу сонун жыттарга,
Кудум китептерге жазылганга окшоп.

Жаз күнү экен, жамгыр да тынып.
Табият жашарды эрке бир куунак.
Ойлоорсуз эми жыргады го деп,
Кудум китептерде жазылгандар сымак...

Жок, эми китепке окшободу эч,
Кургур жамгыр бизге кетиптир күлүп.
Экөөбүз эки жакка тарадык бу кеч,
Менин белим ооруп,... ал тумоо тийип ...

ПЕТР ВЕГИНДЕН

## КАТ

«Акылдан адашкан! Сүйүктүүм! Мал!».
Тытылган кат!
Жаайт кар.

Тытылган каттар - бапыраган кардай.
Сенин көз жашың, кайгылуу -
Эки беттен аккан из, -
Изи Сүйүүдөн айрылуу...

Чуркап кеттиң, коштошпой,
Он жылдан көп болду ага.
Токтобойт тытылган каттар
Кардай жаап келет мага.

Дзержинканын үстүндө учат,
Алаканыма түштү бир учкун кардай.
Сенин колуң менен жазылган
«Керексиң, сен мага кандай!».

Ростовдо да, жана Парижде
Окшошуп, баары бүтүн.
Тытылган каттар - бапыраган турмуш
Аларды туташтырып, окумакчы Ким?!



## Т. ЗАКИРОВАНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ ОЙ-ПИКИРЛЕР ЖАНА МАКАЛАЛАР

### «ЫРЛАРДЫН» ТУНГУЧ ТАМЧЫСЫ

Тазагүл Закированын ысымы окурмандык назарыбызга көптөн бери чалдыгып жүрөт. Жаш автордун басма сөз беттерине. «Учкун» адабий альманахына жана башка жаш талапкерлердин коллективдүү жыйнактарына жарыяланып келе жаткан чыгармаларынан кыя өтпөй, «көз кырын» салып, жүрчүбүз. Дегинкисин биздин баамыбызда Тазагүл Закирова алгачкы «калем данегин» жарык дүйнөгө жаратардан обол, ар бир чыгармачыл адамдын үлүшүнө кепил келчү дистанцияларды басып өттү. Мына бүгүн алдыбызда турган «Ырлар» («Кыргызстан», 1982 - жыл) ыр топтому — акын кыздын бизге сунган тунгуч китеби.

Андыктан акын кыздын ыр топтомунун айланасында сөз козгоп кетүүнү туура көрүп жатабыз. Ыр топтомго алгач үңүлүп, Тазагүл Закированын чыгармачыл калитрасына байкоо салып көрсөк, автордун ыр саптарынан өз алдынча көркөм дүйнөнү таанып сүрөттөөнүн, поэтикалык данектин, ойдун конкреттүүлүгүнө жасаган аракетин, поэзияга болгон өздүк мамилесин туябыз. Жыйнактагы тунук сезимде нукура лирикалык шарданда, табийгий эргүүдө жазылган поэтикалык ыр тутумдарынан акын кыздын адабий жамиятка чыгармачыл камылгасы менен келгенидигине ынанабыз.

Автор өзүнүн адабий процесстин майданында эми гана кас-кас басып, телчигип, поэзия дүйнөсүнө алгачкы мертебе «чыйыр салып» бараткандыгын төмөндөгүдөй ыр саптары менен мотивировкалайт:

Белгисиз тынчсыздануум
Ойлорум түйдөктөлгөн,
Максатым эңсеп келген,
Ырларым жатталбаган.

Т. Закированын ыр топтому адабий чөйрөдө нечен ирет ырдалып келе жаткан Ата - Журт, Өмүр, Тагдыр, Сүйүү сыяктуу темалардын жаатында жазылган ырлардан турат. Бу темаларды көркөм анализдөөгө алганда чыгармачыл адам өзүнө ынак кудурет, чыгармачыл ритмге салып, кандайдыр бир деңгээлде чечип берет.

Адам — жаштык,
дүйнөдөгү тирүүлүк,
Адам бүтүн — гүлдөп
турган сулуулук!

Убактылуу коногубуз
өмүрдүн,
Ошентсе да, конок
күтүү улуулук!

Жогорку саптарда адамдын улуулугун даңазалоону жаш акын карманар туу кылып алгандыгы байкалып турат. Эгерде ыр саптарга коментарий жасай турган болсок адам пендеси дүйнөнүн түбөлүктүү перзенти экендигин даңктаган акындын ички жан-дүйнөсүнүн купуя үнүн философиялык концепциянын шарданында уга алабыз. Ырдын контекстинде адам өмүрү түбөлүктүү болбосо да анын уругу дүйнөнүн кулабас устуну болуп калаарын көркөм туюнтууга жасаган жаш акындын аракети ынанымдуу.

«Ырлар» ыр топтомунда жаш акындын поэтикалык дидарын көрсөтүүгө жарамдуу ырлар дурус эле кезденет. Маселен, «Талаа стан» «Ишембиде», «Экөө жөнүндө», «Эстеликтер», «Өзүңдөн алганмын жалынды» деген ырлар нукуралыгы, шаанилүү демде поэтикалык маанайда жазылгандыгы менен окурманда жылуу сезим пайда кылат.

Күн ысык
Асфальт жол эриген
Машина тынымсыз күрү -
гүү
Махабат көчөсү...
теригем...
Сен келбей, уйпалайм
гүлүмү.

Бул ырдан лирикалык каармандын, ички жан-дүйнөсүндөгү дүрбөлөң, кусалануу, баёлук илбериңки маанайда сезимге тиет.

Т. Закированын лирикасында адам пендесинин керт башына арбалчу ар кандай түйшүктөнүү, ички дүйнөнүн муңкануусу, санаа отуна күйүүсү, чыйрак сүрөттөлөт.

Бул дүйнөгө ирмемге
пайда болдук,
Бир тутандык, өчпөйбүз
бир мезгилде.
Сунулган кол жетпеди,
суудай тоңдук,
Бактылуу күн өрүлгөн
өткөн күнгө



Тирүүбүзбү?
Адаштык!
Кайда болдук?!
... Жалгыздыкка чыдабай
ыйлайт сезим...

Ыр кадимден келе жаткан сүйүүгө багышталган. Элегиялык илептеги ыр жаш акындын керт башына ырысташ болгон интимдүү лирикасы эмес, теокерисинче,баарыбыздын тең назик сезимбизге жалын тутанткан, жашоого, сүйө билүүгө ээликтирген, жүрөктү дабанга, алга үндөгөн лирика.

Т. Закированын «Ырлар» жыйнагында окурмандарды арабөк калтыруучу ыр тутамдар да жок эмес. Андыктан жыйнактагы кай бир негативдүү жактары кеп оролуна сала кетүү лаазым. Акын кыз оболтон поэзия жамиятында көндүм адатка айланган эмпириялык ой-толгоолордон оолагыраак кете албай калгандыгына күбө болобуз.

Ириде айтылып калган «ой жорууларга» үндөшпөй айтуу, өзүмдүк ыргактын, өзүмдүк данектин жоктугу Т. Закированын чыгармаларынын негизги жетишпегендиктеринин бири.

Мастыгым — сенин
жытың,
Ысыгың — таттуулугуң.
Бүркүтүм: сүйүү кушум,
Окуп кой:
Досуңдун арноо ырын.

Ырда акындын сезим дүйнөсүндөгү нюансттар бүдөмүк трактовкаланган.

Дегинкиси акын кыздын тунгуч талант тамчысы болгон «Ырлар» ыр топтому окурманды толкундуу ойго түртөөрү бышык.

Султан РАЕВ,
КМУнун журналистика
бөлүмүнүн студенти.
"Кыргызстан маданияты"
29-июль 1982 ж.

## ПИСАТЬ О САМОМ БЛИЗКОМ

Тазагуль Закирову я знаю более десяти лет. Она одна из самых активных членов литературного объединения "Багыт" с первого дня его существования. Сейчас Закирова входит в худсовет литобъединения.

Т. Закирова работает инспектором по кадрам в Ошском областном управлении культуры. Стихи пишет давно. Публиковаться начала, когда училась на заочном отделении кирлитфака ОГПИ, участвовала в молодежных фестивалях поэзии.

Прошлый год для Тазагул был памятным: издательство "Кыргызстан" выпустило в свет первую ее книгу "Стихи". Подготовлена для публикации рукопись второй книги, в работе - третья. Активность и работоспособность молодой поэтессы радует. Она часто принимает участие в творечких поездках ошских литературов по области и республике, выступает перед аудиториями рабочих и колхозников.

Поэтессу привликают разные темы, но она никогда не пишет о том, чего не знает, чего не пропустила через свое сердце, не бросается на все подряд - лишь бы было актуально. В первую ее книгу вошли стихи о родном крае, о хлопкоробах, пейзажные зарисовки, цикл стихов об Иссык -Куле. Много автор пишет о матери и материнстве, о любви.

Лирические, стихи Т. Закировой, несмотря на традиционность, очень самобытны, включают философские размышления.

Еще поэтессе присуще одно из самых важных и привлекательных качеств - искренность. Предельно искренни ее лучшие стихи первого сборника "Осетинской девушке", "Седеп", "Талаастан", цикл "Скрытые чувства".

Отличает поэзию Т. Закировой и то, что она, хорошо зная узбекский язык, использует в своих стихах интонации узбекской поэзии. И это соединение двух культур стихосложения очень обогащает стихотворчество поэтессы.

Она занимается и переводом с узбекского на киргизский, переводила стихи лауреата премии Ленинского комсомола Узбекистан поэта Абдуллы Арипова и сотрудника редакции узбекского журнала "Саодат" Мухтарамы Улуговой.

Во второй книге Тазагул, готовящейся к изданию, заметен творческий рост поэтессы. Она отходит от личных переживаний, усиливаются гражданские мотивы в ее произведениях, отступает мелкотемье. В третью свою книгу Закирова включит много стихов патриотического звучания.

Московские поэты Станислав Золотцев, Марина Тарасова перевели на русский язык некоторые стихотворения Т. Закировой. Они войдут в альманах молодых поэтов Киргизии, который готовится в печать в московском издательстве "Советский писатель".

А. ДЕГЕНБАЕВА
член Союза писателей СССР.
Ленинский путь 15. 01. 1983 г.



## «КУПУЯ СЕЗИМДЕГИ» СЕЗИМДЕР

«Купуя сезимдер» — бул жаш акын Тазагүл Закированын экинчи ырлар жыйнагы. Аял затына гана таандык болгон назик, купуя сезимдерин ортого төгүп, автор өзүнүн ички кайрыктарын ачыкка чыгарып, Ата Мекенине, махабатка, турмуш - тиричиликке, дүйнө — өмүргө, табиятка, жаштыкка болгон көз карашын, ой мүдөөсүн чагылдырууга далалаттанат. Ачык айтуу керек, согуш жана тынчтык проблемаларына кайрылбаган калемгер азыр чанда кезигет. «Купуя сезимдин» автору да китебиндеги биринчи ырларында эле өткөн согуштун калган тагы, айыкпаган жарааты жөнүндө сөз козгойт.

Мисалы, «Чоң энем жана мен» деген ырында сандыгынан согуштан кайтпаган баласынын сүрөтүн, жегдесин жыттаган, кайгылуу сагынычтан, кусадан чачтары куудай агарган кемпирдин шуулдаган лайнерде учуп баратканы көз алдыга тартылып, образдуу, жандуу элестейт. Бул ырдын аягы мындайча бүтөт:

Сандык каткан сыйкырдуу
кат
Бала жыты энеге дем
Биз бийикте жүрсөк
дагы...
Өксүү жашайт дене
менен.
Чоң атасыз, таятасыз
Өсөт бүгүн неберелер,
Жаратынан айыга албай
Онтоп жатат Эне — Жер!

Бүтүндөй планетабызды, бүткүл адамзатты ядролук согуш корку-

нучунан сактап калуу, тынчтыкты сүйгөн бардык прогрессивдүү адамдар ушул XX кылымдын татаал шартында күрөш жүргүзүп жаткан учурда жаш акын да кайдыгер карап туралбайт. Мисалы, «Деңиз жана жер эне жарааттары» деген ырында:

Адамзаттын балдары
билбей согуш
Ынтымакта жашаса
толкун тынар —

десе, «Бейруттук эне жөнүндөгү» ырында:

Тээп таштайт согуш отун адамзат
Ар намысы көөдөн жара
серпиле, —

деп адамзат качан болсо да ар жерден чыгып жаткан согуш отун таптакыр өчүрөрүнө ишенет.

Т. Закированын «Купуя сезиминдеги» ырлардын басымдуу көпчүлүгү жаштык, сүйүү, Ата Журтубуздун ажары сыяктуу түбөлүктүү темаларга арналган. «Жалбыз», «Жайлоодогу бир элес», «Кубандын тоолору жөнүндө ыр», «Күз элеси» өңдүү ырларында кыргыз жергесинин коозлугу, айылдык турмуш, андагы адамдардын кыймыл - аракети элестүү сүрөттөлүп, окурмандын сезимин козгоп турат. Ал эми «Досторум бар», «Алар», «Аябай уяңдыкты берген экен» деген ырларында дос тааныштарынын кулк - мүнөзү, кыял - жоругу тууралу кеп кылат. Жаш акындын жакшынакай маанайда жазылган бир топ саптарында айтылган үмүт-тилектери да жаркын, жаз күнүндөй нур чачып, тургансыйт.

Сүйүүгө эшик ачып,
Келди жаз, эрке, бийчи,
Келди эми мага бакыт
Мен эми сүйүп калам,
сүйүп калам!
Ал мага болот ашык,
Ал менин жүрөгүмө
Ырдоого үрөн чачат.

Бул саптар «Жаз келди, шайыр - бийчи» аттуу ырынан келтирилди. Жаш акындын китебинде сүйүү ырлары бир топ орунду ээлейт.

Бирок, сүйүү ырларынын бир тобунда супсак саптар да кезигет, окшоштук, өзүн өзү кайталоо учурайт. Уйкаштык, ыргактуулук сакталбаган, келегейирээк угулган саптар бүтүндөй бир жакшы ырды бузуп тургандай. Автор турмуштук жаштык, сүйүү темаларындагы ырларында кусаланууга, арман кылууга, сары санаа тартууга азгырылыш, пессимисттик ойлорго берилип кеткен. Чыгармачылыгындагы мына



ушул жагдайга көңүл буруп, пессимисттик поэзиясын өзгөртсө жакшы болчудай. Маселен, «Карт жоокердин эскерүүсү» аттуу ырында да жаңы ачылыш, ой жок. Мурда эле ондогон акындар бул темада жазышкан. Тазагүл ошолорду туурап кайталап гана койгондой сезилет.

Бул жерде «Кыргызстан» басмасына да тиешелүү доомат коюп кеткибиз келет. Албетте, бул каталар корректор тарабынан же басмакананын техникалык кызматкерлери жагынан кетирилген болуш керек. Далилдеп айтканда «Мажүрүм тал» (31-бет) деген ырынын үчүнчү куплетинин төртүнчү сабы түшүп калган, ал эми «Ыр жазыпсың мага» аттуу ырдын (52 - бет) акыркы сабы да натуура басылган.

Китепте ошондой эле (автор) тарабынан эмес албетте грамматикалык арбын каталар бар. Көп сөздөр туура жазылбай калган.

Жыйынтыктап айтканда Т. Закирова да изденүүнүн түйшүгүн кыйла эле басып өз үнүн, поэзиясын табууга аракеттенгени ушул «Купуя сезиминдеги» чыгармалар менен таанышканыбызда ачык байкалат.

Темирбек КУТТУБАЕВ
"Ленин Жолу"
22 - август, 1987 - ж.

## ЗА ПЕРЕВАЛОМ ПЕРЕВАЛ

Среди тех, кто в 1975 году в Оше основал литературное объединение "Багыт" ("Направление") была и молодая поэтесса Тазагуль Закирова. Ее стихи воспринимались неоднозначено. Одним нравились лиричность, отточенность рифм, другие корили витиеватость мысли. Но все непременно отмечали искренность автора.

Многие члены "Багыт" сошли с дороги так и не достигнув даже, выражаясь языком спортсменов, промежуточного финиша - выхода первой книги. А вот Тазагуль упорно шла вперед, на пути к Парнасу одолевая один перевал за другим. Правда книг, прямо скажем, выпущено мало. Два сборника за пятнадцать лет, согласитесь, не густо. Но и первая книжка "Стихи" и второй сборник "Таинственное чувство" читателями были встречены тепло. Несмотря на критику, неприятие некоторыми из них ее поиска в области формы и темы, она сохранила собственный поэтический почерк. А искренность стала главным признаком творчества Т. Закировой.

Недавно издательство "Адабият" выпустило ее первую книгу на русском языке - "Светлый дождь". Природа и любовь — вот главная тема стихотворений, вошедших в сборник. В каждом из них чувствуешь присутствие автора. Такое соседство с лирическим героем, образом,

приближает к нам объект произведения, создает атмосферу доверия. Когда поэтесса пишет о родном аиле ("Возвращение") и видит в рощах "давно убежавшую свою юность", слышит как "снова поют родники и ручьи, где росою лицо умывала в лучшах", то и мы, читатели, вспоминаем землю, где мы родились, и рождаются тогда сокровенные мысли и ассоциации о Родине.

Или вот стихотворение "Светлый дождь"

Светлейший дождь
стучит в мое окно.
Та сказка, что ты начал,
все не кончится.
К стеклу прильнула я
уже давно,
А мне прильнуть к груди
твоей так хочется.

И опять природа вторгается в личную жизнь человека, рождает грустные воспоминания о неразделенной любви. При более внимательном чтении дождь воспринимается как злой рок, приведший к разрыву с любимым человеком. Мотивы природы и любви, как единое целое, существуют также в стихотворениях "Горы", "В белых рассветах", "Я жду весну", "Осенний этюд"...

Лирика в творестве поэтессы преобладает. Идущие из глубины сердца чувства никого не оставляют равнодушными, заставляют сопереживать с героем, делают нас чище. Стихи, рожденные в разные годы и в разных местах, объединяет одна гроиня - Женщина, преданная любви.

И высоко в горах, и на уютном Арбате, и на балтийских берегах ее постнояннo сопровождают радость и грусть, тоска и сомнения, мечта и надежда.

Пишу слова любви я на песке.
Но их волна смывает за волною.
Вдруг на своем, волнуясь, языке,
они тебе расскажут, что со мной?...
("А берег озера...").



Есть поэты - фотографы, которые стремятся запечатлеть стихами страны, где бывают. И стихи эти, к сожалению, нередко напоминают рекламные проспекты: кроме перечисления географических понятий, ничего нет. Да и рубрики не блещут новизной: "Грузинская тетрадь", "Итальянские стихи", "Болграский дневник"...

Один из разделов книги Т. Закировой "Балтийские мотивы". Признаюсь, не без опасения взялся их читать. Боялся знакомых картин и банальностей. Ан нет поэтесса отказалась от описания древних памятников Эстонии и песачных берегов седой Балтики. Вот каким она увидела Студеное море:

Друг друга повстречали
две волны.
Друг в друга постучали
две волны.
Два парохода в море —
две любви.
Два парохода в море —
две любви...

Заключает сборник цикл стихов "Сокровенность". В нем наиболее ярко и выпукло переданы любовные чувства нашего современника: беспокойного, встревоженного, ищущего своего счастья в этой сложной жизни.

Вот строки, которые, мне кажется, отражают и жизненное, и творческое кредо автора:

Забыв тоску, что сердце
мне гнетет,
я выросла внезапно над
собой,
Пусть в сердце плач, но —
песни на устах
Весь жар души, сердечное
тепло,
я отдаю отныне всем вам,
люди.
И счастлива я вам себя
дарить.

Конечно, небольшой сборник не может охватить всю мозаику творчества поэтессы. И все же русский читатель получает представление о ее поэзии. И тут я должен заметить что Т. Закировой повезло с переводчиками. Станислав Золотцев и Александр Шепеленко сумели сохранить самобытный голос автора, найти не мало средств для передачи своеобразия восточной поэзии.

А. УРБАЕВ
"Ленинский Путь, 29 августа 1990 г.

## КЫРГЫЗДЫН ИЗИН КАРАЙМЫН...

**Ош областтык тарыхый-маданий мурастарды жайылтуучу "Насыят" кеңешинин уюшулганына жыл айланып баратат. Анын төрайымы ТАЗАГУЛ ЗАКИРОВАГА бир нече суроолор менен кайрылдык.**

**Ошол маекке назарыңыздарды бурабыз:**

**— Тазагул Закировна, Сизди кыргыз элинин белгилүү акын кызы катары билебиз. Ал эми акындык вазийфа көп уба-кытты, түйшүктү, чымырканган эмгектенүүнү талап кылат эмес-пи. Ошого карабастан өз демилгеңиз менен чарбалык эсептин шартында иштөөчү "Насыят" кеңешин уюштурушуңузга эмне себеп болду?**

— Мени атуул катары элибиздин тарыхый мурастарынын али терең казылып изилденбегендиги жана татыктуу баасын ала электиги өтө тынчсыздандырып жүрөт. Буга айрыкча 1984 - жылы Ашхабадда акын-жазуучу аялдардын симпозиумуна барганда туш болгон бир окуя түрткү болду окшойт. Ошондо түркмөндөр бизди жолдун алыстыгына карабай тээ Ирандын чек арасына жакын жерде өскөн бир карт даракты алып барып көрсөтүштү. Бул даракты түркмөн элинин Феруза жөнүндөгү баяны менен байланыштырышат экен. Аны өзүнчө эле ачык асман алдындагы эстеликке айландырып алышыптыр. Аргасыз кыргыз жергесинде легенда гана эмес, конкреттүү тарыхый мааниге ээ жайлар толуп жатса да, алардын бирин дагы эл-жерибизге келген меймандарды алып барып, сыймыктанып көрсөткөндөй түргө келтире электигибиз өкүндүрбөй койгон жок. А түгүл аларды өзүбүз түзүктөп биле элекпиз. Маселен, Оштун аймагындагы Курманбектин күмбөзү, Жаз-Кечүүдөгү Кароол Дөбөсү, Манастын Кайрак ташы, Калмак Үңкүрдү, Олжобай менен Кишимжандын күмбөздөрүн бирин-экин гана адам билбесе, кимибиз барып зыярат кылып, бапестеп камкордук көрүп жатабыз. Же болбосо Эстонияны алалы. Таллин шаарында он кадамдай баассаң эле



тарыхы бар үйлөргө, имараттарга урунасың. Шаардын ар бир тургуну кайсы гана маданий, тарыхый эстеликтер, үйлөр, имараттар болбосун Сизге толук баяндап бере алат. Бара-бара түздөн-түз ушул маселелердин үстүндө иштеген уюмду түзүүгө бел байладым.

**— Демек, "Насыят" кеңешинин аткара турган иштери тарыхый мурастарды жайылтуу жана калыбына келтирүү экен го?**

— Ооба, негизинен унутулуп бараткан, же көмүскөдө калган тарыхый, маданий мурастарга, эстеликтерге экинчи өмүр берүү, улуттук рухий байлыктын өзөгүн түзгөн элдик өнөрлөрдү сактап калуу жана элдин катмарына жеткирүү, көркөм сөздү, санжыраларды, эски тарыхый жазуучуларды чогултуп жыйноо, басмадан чыгаруу, элдик салттарды жана жаңы алымдуу салттарды жайылтуу, кыргыз элинин атактуу уул-кыздарынын ысымдарын түбөлүккө калтыруу багытында иш жүргүзөбүз.

**— Иштин башы кандай болууда?**

— Биздин алгачкы эле кадамыбыз Курманжан датканын 180 жылдык маарекесине көрүлгөн даярдыктарга туш болду. Маарекени өткөрүү боюнча областтык штабдын ишине түздөн-түз көмөктөштүк. 30 дан ашуун эмгек коллективдеринде, жогорку жана орто окуу жайларында жолугушууларды өткөрүп, "Алай ханышасынын" тарыхтан алган орду, элге кылган кызматы боюнча кеңири маалыматтарды бере алдык. Суздак районунда жашаган , эпосчу Ади Өмүралы уулу жөнүндө даректүү фильм тартылды. Бул карыя өз кезегинде Барпынын шакирти болгон. Барпынын ырлары, "Курманбек", "Семетей" эпосторун жатка билет. Эл арасында төкмө акын, санжырачы катары таанымал. Бирок, Ади карыянын ысмы алакандай журтунун чегинде чыга элек болчу. Ушундай элге сиңип кеткен өнөр ээлерин издеп таап, аларды калың журтка тааныштырып, өнөрлөрүн сактап калтырууну парзым деп эсептейм. Ош аймагында жашаган белгилүү акын жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө буклеттерди чыгарууну да баштадык. Орозов Акберди, Каримов Кудайберди менен кыргыз жана өзбек окурмандары үчүн араб алфавитинин жаңы вариантын жазып бүттүк, басмада терүүгө түшүрүп жатабыз. Айтор, алдыда биз көздөгөн иштер көп. Алардын эл үчүн канчалык пайдалуулугун эми убакыт көрсөтөр.

**— Тазагул Закировна, Сиздин бул аракеттериңиз, максаттилектериңиз чыгармачылыгыңызга кандай таасирин тийгизип жатат?**

Тарыхый темага көбүрөөк кайрылчу болдум. Түркмөнстандан угуп, дарагын көрүп келген Феруза баянын драма кылып жазып бүттүм.

Курманжан датка жөнүндө ырлардын топтому жаралып жатат. Айтор, тарыхый инсандар менин лирикалык каармандарым болуп калат окшойт.

Зинакан Пасаңова.
21 - ноябрь 1991 -жыл
"Жаштык жарчысы"

## «ТОРГОЙ ЫРЧЫ ТАБИЯТКА КҮҮ СУНАТ»

Эзелтен эле акындарды булбул менен торгойго салыштырып келишкендиги бекеринен эместир. Алардын үндөрү таңдайынан кубулжуп таңшыган, сайрагандан талбай, эчен түркүм шаңшыган. Тазагүл Закированын ушундай баага арзырлык «Боз торгойдун ыры» деген ырлар жана драма жыйнагы чыкты.

Жүз ыр, жүз сүрөт, жүз кино, жүз аңгеме. Тазагүлдүн «Ырлар» «Купуя сезим», «Ак жаан», «Кусалык» дегендери эң көлөмдүү чыгармалары. Аларды окуп түгөтүүгө болбойт. Алар түгөнбөөгө тийиш... Эгер чын эле ыр болсо, бир ырды да өмүр бою окуп түгөтүүгө болобу?

Биз сүрөт көрдүк. Күздүн мезгили экен, тамеки тизген, бою келишкен, өңү тамылжыган кыз турат. Болуптур бул бир ишти чагылдырган маалы экен деп, конторго илип койду. Сапсары күз экен, кыз экен деп.

Жок муну акын башкача көрөт:
«Далысы — сары талаа,
Күз деген бышыкчылык.
Саамайы салаа -салаа.
Күзгүдөй жүзү тунук.
Колунда жап - жашыл жалбырактар
Көгөндөлгөн козулардай,
байланып турат ана!
Сары адырлар нан түспөлдүү,
кертим - кертим.

Ой тобоо, кыздын далысы сары талаа болуп, талаалар нан түспөлдүү кертим - кертим болуп көрүнгөнүн карасаңыз. Бул таланттын көзү.

Закирова мейли турмуш, жашоо, өмүр, өксүк, сүйүнүч болсун, мейли лирика, сүйүү, элжирөө, кусалык, сагыныч болсун, ары жумшак, шашпай, даана тактылап, салыштырып, назиктик менен жүрөккө жакын кылып, поэзиялык нака тил менен эзилип жеткирет.

Ага салыштыруу мүнөздүү. Демек лириканын күчү таланттын



сезими ошол салыштыруу менен күчөп, ошол салыштыруулар адамдарды тартып, дайыма эсинде калат эмеспи. Мен эмнеге ушуну мурда көралбагам, ушул акындай сезалбагам деген ойго алып келет да, анан бул китептин ошол жерлерин ачып кайталап окуйсуз. «Көңүл — кептер». «Автовокзал куштук коного...», ( 9-бет), Тазагүлгө жаңы бүткөн беш кабаттуу үй - жаңы Планета, жаңы ачылыш, жаңы жашоо, ал тургай адамдын кең пейили ушунчалык гүлдүү, ушунчалык сырдуу, түшүнүп болбогон, көз жоосун алган калы килемдей, (11 - бет). «Эстеймин апамдын ырайын. Албырган тандырдын чогундай», «Мээримди боорсоктой жайнатып», (15 - бет)

Жаңы жылды жазсак, «жакшылык алып кел, келиңиз, төргө өтүңүз, тилегенди бер» дечүү элек. Акын аны башкача көрөт: «Келди жыл, мейман сындуу», «Келин сындуу», «Бөбөк сындуу» (17-б). Ал тургай түнкү жарыкты биз шоола, караңгыны айдап жиберди дечүбүз. Ал аны «Жарык төккөн шаркыратма» дейт. Бул жаңы салыштыруу эмеспи. Кызык, чалгычыларды мактап, жактап, иштерман, эмгекчил, азаматтар, тоодой тоют топтоду деп жазышат. А Закирова болсо:

«Чалгы шарт-шарт, улам артта,
бир сол сулап кызгалдактуу...
Майданда сулагандай боз уландар.
Кан жошолуп... согуш жылдар,
жатышат гунчасы да ачыла элек,
Кызгалдактар.
Бозоргон чөп үймөктөр — бейитиндей,
Аталардын» (24-б) десе боло. Бул талантка толо адамдын иши да.

Ал өз үнүн, өз изин таап калган такшалган акын кыздардын бири. Анын ойлоо сезими бай. Алган темалары да ошон үчүн эркин жана кең, сөздөрү курч, поэтикалуу. Анда Тазагүлдүн өзүнүн тили менен сүйлөп көрөлү:

«Ыйык жол» — «Ар бир куму — ташы да — тааныш, жыргайм». «Мен сырымды ыйык жолдон жашырбайм», «Жол мактабайт, жол чыгарбайт чуулган».

«Келатат жаз», «Жексур жашайт өлбөй дүйнөдө, Элестетип өзүн шам чырак», «Корумдалган гөрдүн ташын да, өлүмтүккө жыйнайт энчилеп».

«Ат чабыш, күлүктөрдүн төрт аягы тыбыраган. Жалгыздык. Туш - тарабың сүрөөн, жарыш. Антсе да мара тиги көздөн учат». Ушундай сапар, маарага умтулуу максаты мында да бар;

«Булгары топ. Алгыр, учкул жигиттер, Ал оңойбу? Көзгө илешпей илип көр». Акын өзү да ушундай жарышта маарага бара жатат. Ал оңой жол эмес: «Жүгүрүү бар үзүлгөнчө жиликтер!».

Акынга сүйү чексиз мелмилдеген, түбү көрүнбөгөн деңиз. «Жүрөмбү, Күкүк - Зейнеп, жекенин тагдырында?».

«Түтөбү кара жаным жогуңа бардыгыңа?!». «Сен мага бардыгымсың, эңсеткен асылзаадам!». Акын сүйүүсүн чын көңүлдөн, жасабай, жалган айтпай эргип айтып берет. «Башымда багым нурлуу махабатым жалынсың сезимдеги Барсың! Бармын!».

Айтор Закированын бул кийинки чыккан алтынчы китебинде айтылуу ойлор көп. Бирок сөздү көбөйтпөй аны окушту, ага ой жүгүрүштү окурмандардын эркине коёлу. Бул жыйнактан түрдүү түрмөктөрдү, ыр менен жазылган драманы табууга болот.

Анан Тазагүлдүн мага (У. Мамытовго) арналган ыры бир чети мени таңгалтырып, бир чети кызартты. Таң калтырганы менин ага ырларымды окуп берип ушунча толкуткан экенмин да деп ойлосом уялтканы: «Конок келди ыр көтөргөн бир куржун», «Шамал жамгыр кудуреттүү ай - жылдыз Ырга айланды! Кечир булбул, сайраба» дегени. Ошентсе да мактоо бардык элt адамга жагат окшойт. Биринчи окуганда кубанып, толкундап кетип эми уялып жүрөм.

Закировадагы кийинки кездерде мен байкаган бир кемчилдик ( бул менин гана оюм) кээде айтайын деген негизги поэтикалык ойлорду эргүү менен узарта көп сөздүүлүккө бериле баштаганын байкабай калганы го... Ашыкча саптар бар экенин эмдиги жыйнактарда эске алар дегеним.

Улукбек МАМЫТОВ,
"Акыйкат жарчысы"
19. XI. 94 ж. жана
"Ош жаңырыгы" 30 VII
1994 - жыл

## МАХАБАТ ДАСТАНЫ

### же "Боз торгойдун ыры" жөнүндө

Акындык — бул кесип эмес. Ал жаратылыштын адамга берген табийгы шыбагасы. Инсан жарыкка келгенде шык аны менен кошо төрөлөт. Адам баласы улам өскөн сайын шык да тулку денесинде билинбей жетилип олтуруп талантка айланат.

Ал эми талант табийгаты өтө назик келет. Аны бапестеп өстүрүп жетилтүү, элге кызмат кылууга жеткирүү бул же тигил талант ээсинин өзүнүн аракетине, эмгегине, ишмердигине байланыштуу болот.

Мен Тазагүлдү мына ошондой таланттуу акындардын катарына кошор элем. Анын жазган ырларына көптөн бери көз жазгырбай окуп келем.



Айрыкча акын кызыбыздын "Купуя сезим" аттуу ырлар жыйнагы мага өзгөчө маанайы менен жаккан. Ошол эмгеги аркылуу эле мен анын кыргыз кыз-келиндеринин ичиндеги өзүнөн көптү үмүттөндүргөн мыкты акын экендигине көзүм жеткен.

Мына эми Тазагүлдүн "Боз торгойдун ыры" аттуу жаңы чыккан ырлар жыйнагын окуп чыккандан кийин, анын мурдагыдан да жогорку баскычка көтөрүлүп, адам суктанарлык керемет поэзия жаратканыгына ишенип өзүмдүн ушул пикиримди жазып олтурамын.

Ооба, бул жыйнак чындыгында да акын Тазагүл Закированын жүзүн окурмандарга ого бетер ачык көрсөткөндүгү, анын терең мазмундуу жана махабат сезимдерине жык толгон жалындуу ырларынан таасын көрүнүп турат.

"Аргымактын жалында
ойноп куштай,
Тизгин тартпай зымырап
өтөйүнчү,
Теңсибеген жигитти неге
утпайм,
Чү жаныбар!
Марага жетейинчи!" — дейт акын.

Мына ушул учкул саптардан өзүнүн талант көөрөңгөсүнө терең ишенген, алысты болжогон намыска бек поэзия чабандесинин ээрге бекем олтуруп нечен мыкты күлүктөрдү артка калтырып, байге башын көздөй зымырылып зуу коюп бараткандагы элеси биздин көз алдыбызга даана элестейт. Ооба, акындын айтайын деген ою тунук, ниети таза, дили ак, максаты бийик!

"Чоң сыноо али алдыда
дилдин куну,
Өлчөнөт ыймандын да
даражасы.
Оош-кыйыш болo түшөт күч
келгенде,
Ооматтын төмөндөсө
таразасы".
(Самолеттогу ыр", 10 - бет).

Кымбаттуу окурман, бул жогоруда келтирилген ыр саптардан не деген гана залкар ойлорду туюуга болбосун?

Адам адатта өз күчүн өзү сынабай туруп башка бирөөгө атаандаша албастыгы да белгилүү. А бирок, тагдыр татаал нерсе. Жазмышта адам баласынын башына нелер келип, нелер кетпейт. Эл арасында "кээде жигит төө минет, кээде жигит жөө жүрөт" деп айтылгандай, адам өз

тагдырынын кандай болуп чечилип, кандай болуп аякташын алдын-ала болжоп биле албайт эмеспи. Мына ошондон улам акын өзү ыйман таразасын акыл таразасы менен өлчөп, замандын агымына, мүнөзүнө, талабына жараша адамдардын инсандык даражасы, турмушка болгон көз карашы, ыйман-салабаты, коомго кылган мамилеси, психологиясы да өзгөрө тургандыгынын мыйзам ченемдүү көрүнүшүн философиялык ой жүгүртүү аркылуу таасын-таамай айтып олтурбайбы!

Мен акын Тазагүл Закированын бул жаңы китебиндеги ырларын чын дилимден берилип окуп чыгып, аны бир сөз менен "Махабат дастаны" деп атап койдум. Ооба, ал китеп ушинтип баа берүүгө толугу менен татыктуу деп эсептеймин.

Анткени акын кыздын кайсыл ырында болсо да жүрөктү эзген махабат саптары адамдын сезимин дүүлүктүрүп, сүйүүгө үндөп, чакырып, илеби жанып турат.

"Түнү тургун тереземде
жарык нур,
Бүт өмүрүм айлап-жылдап
өткөнчө.
Махабаттым өчпөс отту
жагып тур,
Мен өчөйүн сен басаңдап
өчкөнчө!
(60 - бет)

Окурманым, байкадыңызбы! Кандай укмуш саптар! Чыныгы махабатты мындан артык, мындан бийик кандайча сүрөттөөгө болот? Акын өзүнүн бул керемет саптары аркылуу махабаттын тунуктугун, улуулугун, ыйыктыгын, түбөлүктүүлүгүн бүткүл тирүүлүккө жар салып, даңазалап жатпайбы?

Же болбосо:
"Кантип эле унутасың сырттаным,
Көп жагымдуу убадаңды уккамын.
— Тосом, — дедиң мени үшүткөн шамалды", —

деп, (87 - бет) чыныгы махабат үчүн сүйгөнүн антташкан убадасын анын эсине салып, аял затынын аяр жана аруу сезимдин билдирип жатат.

"Турмушта бир үмүтсүз шайтан" делет,
Күтөмүн: бүгүн келет, эртең келет!
Сен менин сагынычыма зар эмессиң,
Мен жетпей зарлап өтөм, эртең - демек". (85- бет).

Ооба, автор айтып жаткандай, бул дүйнөдө адам баласы жакшы тилек, жакшы үмүт, жакшы максат менен жашайт эмеспи. Ал эми бул



ыр саптарында бозоюн чыдамсыздык менен сагынып күтүп, сар-санаага баткан селкинин образы чеберчилик менен сүрөттөлгөн.

Шыңгыратпа эми бей маалда,
Тынчтыгымды бузуп иретсиз.
Жылуулуксуз көнүп калганда,
Жүрөк тилген муздак келет күз", —

деген сапты окуп көрүңүзчү! Бул ыр акындын чын жүрөгүнөн, ак сүйүүсүнөн жаралгандыгы кашкайып эле көрүнүп турбайбы! Китепте - бул сыяктуу жүрөктү жалындаткан махабат саптары өтө арбын. Чындыгында кыргыз адабиятындагы акын кыздардын ичинен Тазагүл Закирова махабат сырларын даңазалоодо өзгөчө өзүнө гана таандык ыкма менен жазып, ырдап келаткан махабат акыны деп айтсам туура болор деп ойлойм.

Учурдан пайдаланып дагы бир белгилеп кете турган нерсе — акын Тазагүл Закированын бул китебиндеги "ФЕРУЗА" аттуу көп сүрөттүү музыкалуу драмасы жөнүндө да эң жагымдуу пикирди айтууга болот. Бул драма кайра-кайра окусаң да моокумуң канбоочудай касиетке ээ деп айтсам жаңылышпаймын.

Бир сөз менен жыйынтыктап айтканда Тазагүл Закированын "Боз торгойдун ыры" аттуу жаңы ырлар жыйнагы чыныгы акындык эргүү, чеберчилик менен жазылган эң сонун махабат дастаны деп айтууга болот. Таланттуу акындын бул эмгеги поэзияны аздектеп, кадырлаган ар бир окурмандын сүймөнчүлүк китеби катарында жашап каларына мен эч качан шектенбейм жана акын кызыбыздын мындан аркы чыгармачылык жолуна ийгиликтерди каалаймын!

Анаш СООРОНБАЕВ ,
Жазуучулар жана Журналисттер
Союздарынын мүчөсү.
Аксы району.
"Акыйкат жарчысы"
20. VI. 1995 - ж.
"Ош жаңырыгы"
27 - апрель 1995 -ж.

## «БОЗ ТОРГОЙ — ТАЛАА ЫРЧЫСЫ, АКЫН — ЖАШОО ЫРЧЫСЫ»

**МАЕКТЕШИБИЗ: Тазагүл ЗАКИРОВА — акын, жазуучулар союзунун мүчөсү, «Кыргыз республикасынын маданиятына эм-гек сиңирген ишмери», Эл аралык маданий - өндүрүштүк**

аялдардын «Насыят» ассоциациясынын президенти. «Купуя сезим», «Светлый дождь», «Боз торгойдун ыры» «Кусалык» ырлар жыйнагынын автору.

**— Тазагүл эже, аялдардын эл аралык Күнү Сиз үчүн кош майрам болду окшойт. «Кыргыз республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери» деген ардактуу наамды 8 - мартка ар-налган республикалык салтанатта Аскар Акаевдин өз колунан ал-дыңыз. Сыйлыгыңыз кут болсун! Бул наамга акын катары таты-дым деп ойлойсузбу, же коомдук ишмердүүлүгүңүзгө берилдиби?**

— Өзүң деле гезиттерден окусаң керек. Бул мамлекеттик жогорку сыйлык адабиятта сиңирген эмгегим үчүн берилди. Өзүм да акындык касиетимди бардыгынан жогору коём. Эл мени эң биринчи акын катары таанышат. Эгерде ыр жазбасам коомдук ишмер да боло албасам керек эле. Жүрөгүмдү козгогон ой - сезимдеримди ырга айлантып, алар менен элге чыгып, окуп берип жүрүп коомдук иштерге аралаштым. Ардактуу наамды акын катары алганым — мен үчүн чоң сыймык.

— Азыркы учурда чыгармачылыгыңыздын кайсыл этабында турасыз?

— Мен бир нече ыр жыйнактардын автору болгонум менен азыр деле ар бир ырымды биринчи жолу жазып жаткансып жазам. Поэзиянын алиппесин окуп-үйрөнүп бүтө электей сезем. Тематикам дагы өзгөрүлгөн жок, дагы эле баягы махабат сүйүү, туруктуулук, тазалык сыяктуу түбөлүктүү темалар.

— Акынды доор жаратат дешет, Буга кандай карайсыз?

— Доор жараткан акындар да бар. Маселен Коммунисттик партия бийликте турганда жалаң партияны, Ленинди, социализимди даңазалап ырдап атагы чыккан акындар да болгон. Бирок алардын атак -даңкы ошол доор менен кошо өтүп кетти. Чыныгы акындардын чыгармалары эч кандай доор, улут, тил деген түшүнүктөрдүн чегине сыйбаган, жалпы адамзатка тиешелүү байлык болот турбайбы.

— Бүгүнкү күндө эл поэзияга көп кызыкпай калгансыйт.

— Бардык доордо эле ушундай болуп келген. Поэзияны бардыгы эле түшүнүп, баалай билбейт. Искусствону сүйүү, андан азык ала билүү адамдын алган таалимине, өскөн чөйрөсүнө, интелектисине жараша бөлот. Рухий дөөлөттү жогору койгон үй-бүлөдө өскөн адамдар мурда деле, азыр деле поэзияны кадырлашат. Мындай адамдар базарда олтурабы, жумушчубу, ишкерби — кызматына, турмуш - шартына карабай искусствону жан - дүйнөсүнө гүл азык кылып ала жүрүшөт. Өзүмдүн турмушумдан улам ушундай пикиримди айтып жатам. Азыр



деле базарда, көчөдө, жолдо, ар кандай эл арасында көп эле мен таанибаган адамдар салам айтышып, ырларым жөнүндө өздөрүнүн жылуу пикирлерин билдирип калышат. Акын үчүн мындан артык сый-урмат болобу.

**— Акыркы ырлар жыйнагыңыз «Боз торгойдун ыры» деп аталат. Боз торгой — акын Тазагүл Закированын символу эмес-пи?**

— Боз торгой — талаа ырчысы, мейкин талааны жаңыртып, көрктөп, тазартып сайрап турат. Мен да жашоодогу сулуулукту ырдаган акындарды боз торгойго салыштырам.

**— Ырларыңыз кантип жазылат?**

Ыр жазыш үчүн өзүмдү атайын күчтөп олтурбайм. Качан көөдөнүмдө кандайдыр бир күч топтолгондо, эргүү келгенде, жүрөгүмдө жаңы сезим ойгонгондо, жазылгысы келген учурда гана жазылат. Көбүнчө түнү иштегенди жакшы көрөм. Жакшы делген ырларым түнкү саат 12 ден кийин жаралган.

**— Чыгармачылыктагы шакирттикке кандай карайсыз? Өзү-ңүздүн шакирттериңиз барбы?**

— Көп эле жаштарга кеп-кеңешимди берип, алар менен кечелерди, телеберүүлөрдү уюштуруп келатам. Алардын ичинен айрыкча экөөнү бөлүп айткым келет: Сейит Жээнбаев, Ырысбү Сагынбаева менен дайыма чыгармачыл карым - катнашта болуп келатабыз. Бардык эле өнөрдө устат - шакирттик сөзсүз болуш керек. Бул жаш таланттардын жүзүн ачып, алардын таанылышына, такшалышына көмөк берет. Ал эми ар бир устат өзүнүн шакирттерин даярдоо менен өз өнөрүнүн уланып, өлбөс-өчпөс болушуна жетишет. Бирок кыргыз элинин канына сиңген куу чирендик, куру намыс, тең аталык психологиясы чыгармачылыкка жаңыдан келаткан муунга да устат күтүүгө жол бербей келатат. Ал эми өзбек элинде устаттык - шакирттикке ыйык мамиле катары карашат. Устатынын алдынан кыя өтпөй, сыйлап, жан дили менен өнөрүн үйрөнүүгө дит коюшат. Биз да ошолордон үйрөнсөк жакшы болор эле.

**— Кимдин чыгармаларын кайра -кайра окуйсуз?**

— А. Ахматованын, М. Цветаеванын, А. С. Пушкиндин, А. Блоктун, Р. Рождественскийдин, С. Эралиевдин, О. Султановдун, С. Акматбекованын чыгармаларына өмүр бою суусап келатам.

**— Жашоодо сиз таяна турган, сизге күч - кубат берип турган эмне?**

— Жакшы адамдардын таза мамилелеринен, жакшы ой - санааларынан, тилектеш сезимдеринен дайыма күч - кубат алып турам. Ош жергеси өзү мыкты адамдарга бай. Ушундай бир акылман, уникалдуу, гениалдуу бирок, өздөрүнүн жөнөкөйлүгү менен эл көзүнө көп уруна

бербеген замандаштарыбызды көп учуратам. Алардын жаркын сапаттары, жакшы шарапаттары жолумду жарытым, турмуш-тун кээ бир караңгы, балит жактарын жууп - чайып турат.

**— Эл аралык маданий - өндүрүштүк аялдардын «Насыят» ассоциациясынын президенти , Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясынын Ош облусу боюнча лидери катары аял-дардын кайсыл проблемаларын чечүүгө катышып жатасыз?**

— Биздин ассоциация да, партиябыз да түздөн - түз аялдар маселелеринин устүндө иш жүргүзүп келатат. Айрыкча, аялдарды руханий жактан тарбиялоо жана иш орун менен камсыз кылуу сыяктуу эки маселеге өзгөчө көңүл буруп жатам. Жумушсуз калган аялдарга иш таап берүү үчүн кол өнөрчүлүк боюнча бир нече чакан цехтерди ачканбыз, андан башка да көргөзмөлөрдү уюштуруп, кол өнөр буюмдарын сатууга мүмкүнчүлүк түзүп бердик. Жакында эле Оштогу жибек комбинатында 1, 5 миңге жакын аялдар жумуштан кыскарды. Алардын тигүүчүлүк кесипке үйрөтүп, окутуп, чакан цехтерди ачсам деген планым бар.

